**2022-жылга карата Бишкек шаарынын жергиликтүү бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө отчет**

**Аудит жүргүзүү үчүн негиз**: Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-2024-жылдарга аудитордук иш пландарына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылдын 19-октябрындагы № 06-1/817, 16-ноябрындагы №06-1/887 жана башка буйруктарына ылайык, 2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Бишкек шаарынын жергиликтүү бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына шайкештик аудити жүргүзүлгөн.

**Аудиттин максаты**: Аудиттин максаты жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Бишкек шаардык жана райондук башкармалыктарынын, жергиликтүү бюджеттен каржылануучу Бишкек шаарынын бюджеттик мекемелеринин жана Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык ишканаларынын Бишкек шаарынын бюджетин түзүү жана аткаруу боюнча (өкүлчүлүктүү жана аткаруу органдары), муниципалдык мүлктү башкаруу боюнча жүргүзүлгөн аудиттин негизинде алардын ишин жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актыларга ылайык келерлиги жөнүндө ишенимдүү далилдерди алуу.

**Аудит субъекттери:** Бишкек шаарынын мэриясы (мындан ары-мэрия), Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Бишкек шаардык жана райондук башкармалыктары, Бишкек шаарынын мэриясынын бюджеттик мекемелери жана муниципалдык ишканалары.

**Жоопту тарап жана аудит субъекттери:**

Бул аудитке карата жоопту тарап болуп Бишкек шаарынын мэриясы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Бишкек финансы башкармалыгы саналат.

Бишкек шаарынын мэриясынын жалпы милдеттерине “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” жана “Борбордун статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча, мамлекеттик берилген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу, ошондой эле ушул аудиттин предмети – Бишкек шаарынын бюджетин түзүү жана аткаруу үчүн жоопту болуу кирет.

Жүргүзүлгөн аудитке карата жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын жетекчилиги, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Бишкек финансы башкармалыгынын жетекчилиги бардык суралуучу маалыматтарды, финансылык отчеттуулукту даярдоо жана так берүү, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын сактоо жана жетекчилик Бишкек шаарынын бюджетин сапаттуу түзүү жана аткаруу

үчүн зарыл деп эсептеген ички контролдоо системасы үчүн жоопкерчилик тартышат.

**Аудитордун жана аудит тобунун милдети**

Аудитордун жана аудит тобунун милдети жүргүзүлгөн аудиттин негизинде аудиттин предметинин тиешелүү аудит критерийлерине ылайыктуулугу боюнча өз алдынча корутундуга келүү.

Аудит корутундуларды тастыктоого жетиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор аудитордун кесипкөй чечимине, анын ичинде алдамчылыктын же катанын кесепетинен жол берилген олуттуу ылайык келбөөчүлүк тобокелдигине баа берүүгө көз каранды. Аудиттин аткарылуучу жол-жоболору бул жагдайларда ылайыктуу деп эсептейбиз. Чогултулган аудитордук далилдер ушул отчётто баяндалган корутундулар үчүн негизди камсыз кылууга жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейбиз.

**Аудиттин предмети**

Аудиттин предмети болуп жергиликтүү бюджеттин аткарылышы боюнча жана муниципалдык мүлктү башкаруу боюнча Бишкек шаарынын мэриясынын, Финансы министрлигинин Бишкек финансы башкармалыгынын иш-аракеттеринин Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык келүүсүнө баа берүү саналат.

Аудиттин чөйрөсүнө камтылган иш-чаралар:

- Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча берилген

жазма буйруктардын, сунуштамалардын толугу менен жана өз убагында аткарылышын талдоо;

- Бишкек шаарынын бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына баа берүү;
- Бишкек шаарынын түзүмүн талдоо жана аны күтүүгө (кармоого) кеткен чыгымдарды талдоо;
- атайын эсептик каражаттардын кирешелеринин жана чыгашаларынын сметасынын аткарылышына аудит;
- бухгалтердик эсептин жана финансылык отчеттуулуктун абалына баа берүү;
- коммуналдык кызматтардын лимиттеринин сакталышынын аудити;
- ижара мамилелеринин аудити;
- учурдагы жана капиталдык оңдоого кеткен чыгымдардын аудити;
- “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарынын аткарылышына аудит.

**Аудиттин критерийлери:**

• Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;

• Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелери жөнүндө кодекси;

• Кыргыз Республикасынын Жер кодекси;

• Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси,

• **Кыргыз Республикасынын мыйзамдары:**

- Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө;
- Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө;
- Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө;
- Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө;
- Борбордун статусу жөнүндө;
- "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамы ж.б.

-Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ № 266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө";

- **Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдору:**

- 2017-жылдын 30-декабрындагы № 855 Республикалык бюджеттен каржылануучу капиталдык салымдар түрүндө ишке ашырылуучу инвестициялык долбоорлордун тизмегин түзүү жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу;

- 2015-жылдын 26-августундагы №604 Мамлекеттик бюджеттин киреше бөлүгүнүн долбоорун түзүү маселелерин уюштуруу жөнүндө токтому менен бекитилген мамлекеттик бюджеттин кирешелерин болжолдоонун методикасы;

- 2011-жылдын 5-августундагы №451 Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" (*2024-жылдын 7-февралындагы №52 токтому менен күчүн жоготкон*);

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторундагы бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобо (*Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы буйругу менен күчүн жоготкон*);

-Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында ишкердик субъекттери, коммерциялык эмес уюмдар (бюджеттик мекемелерди албаганда) тарабынан бухгалтердик эсептин жана каржылык отчеттуулуктун жүргүзүлүшүнүн маселелери жөнүндө" Жобосу;

- Бишкек шаардык Кеңешинин 2020-жылдын 14–январындагы № 144 токтому менен бекитилген Бишкек шаарынын жергиликтүү жамаатынын Уставы жана башка Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары.

**Аткарылган иштин кыскача баяндамасы**

Бишкек шаарынын мэриясынын жана ага караштуу бюджеттик мекемелердин, муниципалдык ишканалардын, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Бишкек шаардык жана райондук финансылык башкармалыктарынын ишине тиешелүү жергиликтүү бюджетти аткаруу, бюджеттик мекемелердин, муниципалдык мүлктү башкаруу боюнча

кирешелер жана чыгашалар сметасынын аткарылышы боюнча ченемдик-укуктук актыларды изилдөө.

Аудит аныкталгандарды тастыктаган жетиштүү жана туура далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт.

Документ жүгүртүүнүн чоң көлөмүнө байланыштуу, аудит тандалма негизде жүргүзүлгөн жана аудит каталарды таппоо үчүн аудитордук тобокелдик укугун өзүнө калтырат.

Аудит чогултулган аудитордук далилдер ушул отчетто баяндалган тыянактар жана сунуштамалар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейт.

“Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 29-беренесине ылайык аудитке берилген документтердин, финансылык отчеттуулуктун, башка отчеттордун жана маалыматтардын толуктугу жана тууралыгы үчүн жоопкерчиликти аудит объектисинин кызмат адамдары жана аткаруучу адамдары тартат.

Аудит мезгилине карата Бишкек шаарынын мэри болуп Э.М. Абдыкадыров 2022-жылдын 24-февралынан баштап 2023-жылдын 31-октябрына чейин, А.Ж. Жунушалиев 2021-жылдын 21-августунан 2022-жылдын 24-февралына чейин, 2023-жылдын 1-ноябрынан тартып бүгүнкү күнгө чейин иштеп келүүдө.

Бишкек финансы башкармалыгынын башчысы болуп У.М. Аманбаев 2019-жылдын 19-апрелинен тартып 2022-жылдын 31-июлуна чейин иштеген, Р.З. Садырбаев 2022-жылдын 5-августунан баштап бүгүнкү күнгө чейин иштеп келүүдө.

**Корутунду**

Аудит тарабынан жүргүзүлгөн иштердин натыйжасында биз, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын – Бишкек шаарынын мэриясынын жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Бишкек финансы башкармалыгынын 2022-жылга Бишкек шаарынын бюджетин түзүү, аткаруу, муниципалдык ишканаларды жана муниципалдык мүлктү башкаруу боюнча ишмердүүлүгү биздин корутундуда баяндалган олуттуу аспектилерде аудиттин тиешелүү критерийлерине ылайык келбегендигин аныктадык.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктарынын аткарылышы**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы, 2021-жылдын 1-январынан тартып 2021-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Бишкек шаарынын жергиликтүү бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча 2023-жылдын 21-августундагы № 01-20/73 каты менен 96 пункттан турган №01-20/73 жазма

буйруктун жалпысынан 64 пункту аткарылган. 17 пункт (5, 19, 33, 34, 35, 36, 37, 38, 39, 40, 41, 42, 44, 45, 46, 48 жана 60-пункттар) аткарылган эмес. Ал эми 15 пункт (2, 25, 26, 52, 54, 55, 56, 62,63, 64, 66, 69, 70, 76 жана 89-пункттар) жарым-жартылай гана аткарылган. Калыбына келтирилүүгө тийиш болгон 1 490 793,7 миң сомдон 9 482,8 миң сому калыбына келтирилип, калган **1 481 310,9 миң сом** калыбына келтирилген эмес.

2023-жылдын 21-августундагы №01-20/77 каты менен берилген 22 пункттан турган сунуштаманын 10 пункту аткарылган, 5 пункт (1, 2, 3, 8 жана 12-пункттар) аткарылган эмес, 7 пункт (13, 14, 15, 16, 17, 20 жана 21-пункттар) жарым-жартылай аткарылган.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы, 2019-жылдын 1-январынан тартып 2020-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Бишкек шаарынын жергиликтүү бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча калыбына келтирилүүгө тийиш болгон 2 390 284,7 миң сомдон 1 880 374,5 миң сому калыбына келтирилип, калган **509 910,2** миң сом калыбына келтирилген эмес.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы, 2019-2020-жылдарга жана 2021- жылга Бишкек шаарынын жергиликтүү бюджетинин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынан берилген жазма буйруктары Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 72-беренесинин талабына ылайык толук аткарылууга жатат, жазма буйруктардын аткарылышын кайталап камсыз кылбаган кызмат адамдарынын жоопкерчиликтерин кароо сунушу Бишкек шаарынын мэрине жөнөтүлсүн.

**Аудит объектисине кыскача мүнөздөмө**

Бишкек шаарынын мэриясы (мындан ары– мэрия) өз ишин “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” жана “Борбордун статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, Бишкек шаардык Кеңешинин 2020-жылдын 14–январындагы № 144 токтому менен бекитилген Бишкек шаарынын жергиликтүү жамаатынын Уставына ылайык жүзөгө ашырат. Уставга ылайык, Бишкек шаарынын мэриясы аткаруу бийлик органынын милдеттерин жана ыйгарым укуктарын ишке ашыруу боюнча мэрдин ишин камсыз кылуу үчүн түзүлгөн шаардык өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органы болуп саналат.

Мэриянын курамына шаардын жашоо-турмушун камсыз кылуучу бардык функционалдык жана аймактык бөлүмдөр кирет. Бишкек шаарынын мэринин 2022-жылдын 5-сентябрындагы №159 токтому менен бекитилген Бишкек шаарынын структурасына ылайык, Бишкек шаарынын курамына 14 ведомстволук бөлүнүштөрү, 4 райондук администрациясы боюнча

муниципалдык администрациясы, 22 муниципалдык аймактык башкармалыктары, 4 райондук социалдык өнүктүрүү башкармалыктары, 4 райондук билим берүү борборлору жана 13 муниципалдык ишканасы кирген.

**Аныкталды, жыйынтык.**

Аудит, Мэриянын түзүмүн бекитүү бөлүгүндө “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” жана “Борбордун статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарында дал келбестиктер бар экендигин белгилейт.

“Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 43-беренесинде Мэриянын түзүмүн жана штаттык ырааттамасын мэр Министрлер Кабинети бекиткен типтүү түзүмдүн жана штаттык ырааттаманын негизинде бекитет.

Ошол эле учурда, “Борбордун статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын *(КР 2017-жылдын 1-июнундагы N 95, 2019-жылдын 18-майындагы N 66 , 2019-жылдын 8-июлундагы N 83 , 2019-жылдын 8-августундагы N 115 , 2019-жылдын 8-августундагы N 118 мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)* 19-беренесинде **“**Мэр Бишкек шаарынын мэриясынын түзүмүн аныктайт жана аны өзү дайындалган күндөн тартып 7 жумушчу күндүн ичинде Бишкек шаардык кеңешинин бекитүүсүнө киргизет” деп көрсөтүлгөн.

Региондук деңгээлде мамлекеттин бирдиктүү бюджеттик–финансылык саясатын Бишкек шаарында ишке ашыруу, Бишкек шаарынын жергиликтүү бюджетин башкаруу, Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумунун операцияларын эсепке алуу жана бюджеттин аткарылышын кассалык тейлөөнү жүргүзүү боюнча милдеттер Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Бишкек финансы башкармалыгына (мындан ары-КР ФМ БУ) жүктөлгөн.

Жүктөлгөн милдеттерге ылайык төмөнкү функциялар белгиленген:

- келерки жылга жана орто мөөнөттүү келечекке Бишкек шаарынын бюджетинин долбоорун түзүү боюнча;

- ар бир булак боюнча өзүнчө бюджеттин киреше бөлүгү боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү бюджетинин пландык көрсөткүчтөрүн тактоону, ошондой эле тиешелүү эсептөөлөрдүн негизинде чыгаша бөлүгүн тактоону; бюджеттин аткарылышын талдоону жана компетенциясына кирген маселелер боюнча сунуштарды киргизүүнү системалуу талдоону;

- бюджеттик мекемелер жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан бюджеттик укуктун ченемдеринин жана башка ченемдик укуктук актылардын сакталышын камсыз кылуу боюнча.

**Сунуштама**

Мэриянын түзүмүн бекитүү үчүн “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө”

жана “Борбордун статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарындагы дал келбестиктерди жоюу боюнча иштер жүргүзүлсүн.

**Бишкек шаарынын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасын түзүүнү жана аткарууну талдоо**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 88-беренесине ылайык, социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы - шаарларды жана айыл аймактарын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн максаттарын, милдеттерин жана иш-чараларын камтыган, алдыдагы мезгилге фискалдык саясаттын негизги багыттарын жана артыкчылыктарын аныктаган документ болуп эсептелет.

Социалдык-экономикалык өнүктүрүү программалары аткаруу органдары тарабынан иштелип чыгат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдары тарабынан бекитилет, өткөн эки жылдын иш жүзүндөгү көрсөткүчтөрүн, учурдагы жылга күтүлүүчү бааны жана кийинки үч жылга болжолду камтыйт.

Өнүктүрүү программасынын үч жылдык мезгилинин биринчи жылы кезектеги бюджеттик жылга жергиликтүү бюджеттин долбоорун түзүү үчүн негиз болуп саналат.

**Аныкталды, жыйынтык.** Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 88-беренесин бузуу менен 2022-жылга Бишкек шаарынын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасы бекитилген эмес.

2022-жылга жана болжолдонгон 2022-2023-жылдарга Бишкек шаарынын бекитилген социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасынын жоктугу бюджеттин киреше булактарынын толук жана так болжолун түзүүгө жана чыгымдарынын артыкчылыктуу багыттарын аныктоого терс таасирин тийгизип, бюджеттин сапатсыз түзүлүшүнө алып келет.

**Сунуштама**

**Бишкек шаарынын мэриясына, Бишкек шаардык кеңешине:**

1. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 88-беренесине ылайык, социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасын иштеп чыгуу жана Бишкек шаардык кеңешинде бекитүү, анын негизинде кезектеги бюджеттик жылга жергиликтүү бюджеттин долбоорун түзүү камсыз кылынсын.

2. Бюджеттик мыйзамдардын (БКнын 88-беренеси) жана “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын Бишкек шаарынын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасын иштеп чыгуу жана бекитүү бөлүгүндө талаптарын бузууга жол берген Бишкек шаарынын мэриясынын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилеринин жоопкерчиликтери каралсын.

**Бишкек шаарынын бюджетинин түзүлүшү жана аткарылышы**

***Бишкек шаарынын бюджетин түзүүдө жана аткарууда ченемдик актылардын сакталышы***

Бишкек шаарынын 2022-жылга бюджети, Бишкек шаардык кеңешинин (мындан ары - БШК) 2022-жылдын 5-апрелиндеги №27 **2022-жылга Бишкек шаарынын бюджетин бекитүү жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө** токтому менен кирешелер (активдерди жана милдеттенмелерди, трансферттерди кошкондо) жана чыгашалар боюнча 15022,5 млн.сом суммасында бекитилген.

Бишкек шаардык кеңешинин 2022-жылдын 28-декабрындагы №63 **2022-жылга Бишкек шаарынын бюджетин бекитүү жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу токтому менен** Бишкек шаарынын такталган бюджетинин кирешелер бөлүгү 14719,8 млн.сом суммасында жана 573,4 млн.сом суммасындагы колдонулган жыл башындагы эркин калдыкты кошкондо, чыгашалар бөлүгү 15293,2 млн.сом суммасында бекитилген.

Бишкек шаарынын бюджетинин **кирешелер бөлүгү 15420,6 млн. сом суммасында, чыгашалар бөлүгү 14695,7 миң сом суммасында аткарылып,** БШКнын 2023-жылдын 27-декабрындагы №99 токтому менен бекитилген.

**Аныкталды, жыйынтык.** Аудит Бишкек шаарынын бюджетин түзүүдө жана аткарууда Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинде каралган мөөнөттөр сакталбагандыгын белгилейт. Бишкек шаарынын бюджетин бекитүү 5 айга (*102-берене - республикалык бюджетти бекиткенден кийин бир айдан кечиктирилбеген мөөнөттө*), бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүү 1 айга (*115-берене - бюджеттик жылдын ичинде 1-ноябрына чейин*), бюджеттин аткарылышын бекитүү 9-айга (*117-берене - отчеттук жылдан кийинки жылдын 1-мартынан кечиктирилбестен*) кечиктирилген.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинде каралган жергиликтүү бюджетти бекитүү, өзгөртүүлөрдү киргизүү жана аткарылышын бекитүү мөөнөттөрү так сакталсын.

**Аныкталды, жыйынтык.**

Бишкек шаарынын бюджетинде ченемдик актыларды бузуу менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чыгаша милдеттенмелерине кирбеген (БКнын 51-беренеси) чыгымдар жана эмгек акыга кошумча төлөмдөр Бишкек шаардык кеңешинин чечимдери менен каралып каржыланып келгендигин белгилөөгө болот. Мында, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Бишкек, Биринчи май, Октябрь, Ленин, Свердлов финансы башкармалыктарында жергиликтүү бюджеттин эсебинен кошумча штат бирдиктерин кармоо Бишкек шаардык кеңешинин 2022-жылдын 5-апрелиндеги №27 токтомунда каралган эмес.

2022-жылы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын чыгаша милдеттенмелерине кирбеген чыгымдар шаардык бюджеттен 258850,2 миң сомго (*республикалык бюджеттен каржыланган мекемелерде кошумча штат бирдиктерин кармоого – 33936,7 миң сомго, Милдеттүү медициналык камсыздандыруу фонду жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан каржыланган Бишкек шаарында жайгашкан медициналык мекемелеринин эмгек*

*акыларына кошумча төлөмгө – 224913,5 миң сомго*), Биринчи май районунун бюджетинен – 20911,4 миң сомго, Ленин районунун бюджетинен – 16270,9 миң сомго, Октябрь районун бюджетинен – 15018,3 миң сомго, Свердлов районунун бюджетинен – 15000,2 миң сомго, жалпы Бишкек шаарынын бюджетинен – 326051,0 миң сомго каржыланган.

“Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларынын штаттык санынын чеги жөнүндө жана эмгегине акы төлөөнүн шарттары тууралуу” Мыйзамынын 1-беренесинде “бюджет чөйрөсүндөгү мамлекеттик, муниципалдык жана башка категориядагы кызматчылардын жана кызматкерлердин санынын чеги жана эмгегине акы төлөөнүн шарттары Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталат” – деп көрсөтүлгөн. Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин “Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө” 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 264 токтому боюнча берилген штат бирдиктеринен сырткары штат бирдиктерин кармоого тыюу салынган.

Бишкек шаардык кеңешинин 2022-жылдын 5-апрелиндеги №27 токтомунун 13-пунктунун 12-пунктчасында *Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 23-июлундагы № 336 «Билим берүү уюмдарынын болжолдуу типтүү штаттарын бекитүү жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерин күчүн жоготту деп таануу жөнүндө» токтому менен бекитилген билим берүү уюмдарынын типтүү штаттарына каралбаган* кошумча киргизилген **615 штаттык бирдигин** кармоого жалпы **145 448,0 миң сом** (эмгек акы жана Социалдык фондко чегерүүлөр менен) каралган, анын ичинен: Свердлов району боюнча – 43388,3 миң сом, Биринчи май району боюнча – 34179,2 миң сом, Ленин району боюнча - 34363,2 миң сом, Октябрь району боюнча – 33446,5 миң сом, “Гнездышко” №47 мектепке чейинки билим берүү уюмунда -189,5 миң сом.

**Сунуштама Бишкек шаарынын мэриясына:**

1. Бишкек шаарынын билим берүү уюмдарында штаттык санды түзүүнү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 23-июлундагы №336 «Билим берүү уюмдарынын болжолдуу типтүү штаттарын бекитүү жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерин күчүн жоготту деп таануу жөнүндө” токтомунун негизинде жүргүзүлсүн.

2. Республикалык бюджеттен каржыланган мекемелерге ченемдик актыларда белгиленген штат бирдиктеринен сырткары кошумча штат кармоого жергиликтүү бюджеттен каржылоону толук токтотуу боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**Аныкталды, жыйынтык.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы ПЖ №266 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгынын 4-

пунктунда "Жергиликтүү бюджеттин мүмкүндүктөрү болгон учурда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары муниципалдык кызматчылардын кызматтык маяналарына Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарында каралган, жергиликтүү кеңештер тарабынан бекитилген үстөктөрдү белгилеши мүмкүндүгү" жана 5-пунктунда "Бюджеттик каражаттарды натыйжалуу пайдалануу максатында Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ушул Жарлыкты эске алуу менен жергиликтүү бюджеттердин эсебинен каралган үстөктөрдү жана төлөмдөрдү карап чыгуусу" белгиленген.

Бирок, Бишкек шаардык кеңешинин 2022-жылдын 5-апрелиндеги № 27 токтому менен Бишкек шаарынын бюджетинен каржыланган мекемелердин эмгек акыларына *кошумча үстөк төлөмдөрү каржылоо киреше булактарын аныктабастан туруп* бекитилген жана *бюджеттик каражаттарды натыйжалуу пайдалануу максатында системалаштырылып кайрадан каралып чыккан эмес*. Бишкек шаардык кеңешинин токтому менен бекитилген эмгек акыга кошумча үстөк төлөмдөрү *Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарында каралбаган* жана анын өлчөмү ай сайын 1 кызматкерге 1000 сомдон 6000 сомго чейин, эң жогорку өлчөмү Бишкек шаарынын мэриясынын жана Бишкек шаардык кенешинин кызматкерлерине (4000 сомдон 6000 сомго чейин), төмөнкү өлчөмү социалдык мекемелердин кызматкерлерине коюлган. Мындан сырткары, Бишкек шаарынын мэриясынын, Бишкек шаардык кенешинин, Бишкек шаарынын административдик райондор боюнча муниципалдык администрацияларынын жана Ички аудиттин кызматкерлеринин эмгек акысына *кошумча 2 оклад үстөк төлөмү*, Бишкек мэриясынын шаардык маанидеги түзүмдүк бөлүнүштөрүнүн, муниципалдык аймактык башкармалыктарынын, райондук билим берүү жана социалдык өнүктүрүү башкармалыктарынын аппаратынын кызматкерлерине *кошумча 1 оклад үстөк төлөмү* коюлган. Ошондой эле, Бишкек шаардык кеңешинин жогорудагы токтому менен Бишкек шаарынын муниципалдык кызматкерлерине гана кварталдык сый акы төлөмү белгиленип, кенже жана техникалык тейлөө кызматкерлерине сый акы төлөмү каралбай калган.

Ошентип, *Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарында каралбаган Бишкек шаардык кеңешинин токтому менен бекитилген эмгек акыга кошумча үстөк төлөмдөрү* ири өлчөмдө Бишкек шаарынын мэриясынын, Бишкек шаардык кенешинин, Бишкек шаарынын административдик райондор боюнча муниципалдык администрацияларынын (4000 сомдон 6000 сомго чейин жана 2 оклад өлчөмүндө) жана Бишкек мэриясынын шаардык маанидеги түзүмдүк бөлүнүштөрүнүн, муниципалдык аймактык башкармалыктарынын, райондук билим берүү жана социалдык өнүктүрүү башкармалыктарынын аппаратынын кызматкерлерине (3000 сомдон 5000 сомго чейин жана 1 оклад өлчөмүндө) каралгандыгын, ал эми социалдык мекемелердин кызматкерлерине болгону 1000 сомдон 5000 сомго чейинки үстөк төлөмдөрү коюлгандыгын белгилөөгө болот.

2022-жылы Кыргыз Республикасынын эмгек мыйзамдарында каралбаган Бишкек шаардык кеңешинин токтому менен бекитилген эмгек акыга кошумча үстөк төлөмдөрүнө Социалдык фондго чегерүүлөр менен бирге жергиликтүү бюджеттен жалпы 330922,6 миң сом чыгымдалган, анын ичинен: шаардык бюджеттен -139881,4 миң сом, Биринчи май районунун бюджетинен 34753,4 миң сом, Свердлов районунун бюджетинен 65205,7 миң сом, Ленин районунун бюджетинен 44179,2 миң сом, Октябрь районун бюджетинен 46902,9 миң сом.

Мындан сырткары, Бишкек шаарынын бюджетинен кварталдык сый акыларды төлөөгө Социалдык фондго чегерүүлөр менен бирге муниципалдык кызматкерлерге 185045,1 миң сом, анын ичинен шаардык бюджеттен – 86020,4 миң сом, Биринчи май районунун бюджетинен 27415,2 миң сом, Ленин районунун бюджетинен 19937,8 миң сом, Свердлов районунун бюджетинен 28712,1 миң сом, Октябрь районун бюджетинен 22959,6 миң сом чыгымдалган.

Мында, кенже жана тейлөө кызматкерлерине эмгек акы фондунун экономиясынан төлөнгөн 10438,7 миң сом сый акы (шаардык бюджеттен – 7695,6 миң сом, Биринчи май районунун бюджетинен - 1142,4 миң сом, Ленин районунун бюджетинен - 1545,4 миң сом, Октябрь районун бюджетинен - 55,3 миң сом) Бишкек шаарынын бюджетин бекиткен Бишкек шаарынын кеңешинин токтомунда каралбагандыгын белгилөөгө болот.

**Сунуштама** -Кыргыз Республикасынын эмгек акыны төлөөнү жөнгө салган ченемдик актыларында каралбаган эмгек акыга кошумча үстөк жана сый акы төлөмдөрүн жүргүзүүгө жана кошумча чыгымдардын киреше булактарын тактабастан туруп каржылоого жол берилбесин, тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды, жыйынтык**. Бишкек шаардык кеңешинин токтому менен чарбалык эсепте иштеген “Алтын-Булак” пансионатын кармоого жергиликтүү бюджеттен жыл сайын акча каражаты каралып каржыланып келгендигин белгилөөгө болот. “Алтын-Булак” пансионатын кармоого шаардык бюджеттен аудит мезгилине 2022-жылы – 1875,0 миң сом бөлүнгөн.

**Сунуштама** Муниципалдык тапшырыктарды аткарбаган чарбалык эсепте иштей турган мекемелерди жергиликтүү бюджеттен кармоого жол берилбесин.

**Аныкталды, жыйынтык.** 01.01.2024-жылга карата Бишкек шаарынын мэриясынын Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги аркылуу эл аралык финансы уюмдарынан (Европа реконструкциялоо, өнүктүрүү банкы, Дүйнөлүк банктын эл-аралык өнүктүрүү агенттиги) 2000-2022-жылдары алган инфраструктуралык кредиттер боюнча карызы **2 501 871,8 миң сомду**, анын ичинен төлөө мөнөтү өткөн карызы **36 815,8 миң сомду** түзгөн. Ал эми, 2000-жылдын 17-ноябрында Субсидиардык келишим боюнча алынган кредиттин (Дүйнөлүк банктын эл аралык өнүктүрүү агенттигинин “Шаардык транспорт долбоору”) төлөө мөөнөтү өткөн **1631,5 миң АКШ доллар суммасы** (01.01.2024-ж. карата КРУБ курсу боюнча 145 342,7 миң сом)

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 3-июнундагы №244-б буйругу боюнча реструктуризацияланып, төлөө мөөнөтү 2033-жылга чейин узартылган.

2022-жылга Бишкек шаарынын бюджетинен бюджеттик ссудаларды жана кредиттерди кайтарууга 179 854,2 миң сом каралып, 172 463,0 миң сом суммасында такталып каржыланган. Бирок, "Кыргыз Республикасынын 2023-жылга жана 2024-2025-жылдардын пландык мезгилине республикалык бюджети жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14-беренеси менен бекитилген 9-тиркемесинде бюджеттик ссудаларды жана кредиттерди кайтарууга **271 252,0 миң сом** каралган, же Бишкек шаарынын бюджетинде **98 789,0 миң сомго** аз өлчөмдө каралган жана төлөнгөн.

**Сунуштама.** Республикалык бюджет аркылуу алынган бюджеттик ссудаларды жана кредиттерди кайтарууга жергиликтүү бюджеттен акча каражаты республикалык бюджет жөнүндө мыйзамдарда белгиленген өлчөмдө каралсын жана өз убагында төлөмдөр жүргүзүлсүн.

**Аныкталды, жыйынтык.** Кыргыз Республикасынын Бюжеттик кодексинин 90-беренесине ылайык кезектеги бюджеттик жылга жана пландуу мезгилге бюджет жөнүндө ченемдик укуктук актылардын долбоорлору башкы тескөөчүлөрдүн (тескөөчүлөрдүн, алуучулардын) чыгашаларын ведомстволук, функциялык, экономикалык, программалык классификациясы боюнча бюджеттик ассигнованиелердин болжолун камтышы керек.

Бекитилген бюджеттин негизинде жыйынды бюджеттик жазуу түзүлөт. Жыйынды жазуу бюджеттик процесстин катышуучулары үчүн негизги директивалык документ болот.

Бирок, Бишкек шаарынын бекитилген бюджети боюнча түзүлгөн жыйынды бюджеттик жазуусунда "Экономикалык маселелер" бөлүгүнүн 2829 "Топтолгон финансылык резервдер" беренеси боюнча **3 797 296,0 миң сом** бюджеттик каражаттардын башкы тескөөчүлөрү (тескөөчүлөрү, алуучулары) ортосунда бөлүштүрүп пайдалануу багыттары аныкталбастан, бюджетте резердик каражат катары калган. 2022-жыл ичинде **2 490 981,1** миң сому салык эмес кирешелердин (айыл чарба эмес жерлерди сатуу 2 000 000,0 миң сомго жана жерлерди жана имараттарды арендага берүү 490 981,1 миң сомго) бюджетке түшпөй калуусунан кыскартылган, калган **1 306 314,9** миң сому капиталдык чыгымдарга, муниципалдык ишканаларды субсидиялоого жана кредит берүүгө кайрадан бөлүштүрүлгөн.

**Сунуштама.** Бишкек шаарынын бекитилген бюджети боюнча түзүлгөн жыйынды бюджеттик жазуусунда бюджеттик каражаттардын башкы тескөөчүлөрү (тескөөчүлөрү, алуучулары) ортосунда бөлүштүрүлүп пайдалануу багыттары аныкталбаган резервдерди түзүүгө жол берилбесин.

**Аныкталды, жыйынтык.**

"Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесине ылайык, шайлоочулардын сунуш-талаптары – бул, коомдук мааниге ээ жана депутатка талапкерге шайлоо өнөктүгүнүн жүрүшүндө шайлоочулар менен жолугушуулар

убагында тийиштүү шайлоо округунун шайлоочуларынын чогулушунда берилген тапшырма.

Шайлоочулардын сунуш-талаптары тийиштүү аймактын экономикалык жана социалдык өнүгүшүнүн пландарын жана программаларын, жергиликтүү экономикалык программаларды иштеп чыгууда, бюджетти түзүүдө, ошондой эле башка маселелер боюнча чечимдерди даярдоодо эске алына тургандыгы жогоруда аталган Мыйзамдын 23-беренесинде каралган.

Ошондой эле, жарандардын жергиликтүү бюджеттин түзүлүшүнө жана аткарылышына катышуусу бюджеттин жана социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларынын долбоорлору боюнча коомдук бюджеттик угууларды уюштуруу аркылуу ишке ашырыла тургандыгы Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 88 жана 127-беренелеринде көрсөтүлгөн.

Бирок, Бишкек шаарынын бюджетин түзүүдө жана бекитүүдө Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 88 жана 127-беренелеринин жана “Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22 жана 23-беренелеринин талаптарын сактабастан, Бишкек шаардык депутаттарынын шаар тургундарынын кайрылуулары боюнча чыгымдарды каржылоого Бишкек шаарынын бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн 706 “Турак жай жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр” бөлүмү боюнча шаардык бюджеттен *“жарандык демилгелердин долбоорлорун ишке ашырууга”* ***135,0 млн.сом*** (1 депутатка 3,0 млн.сомдон), райондук бюджеттерден *“депутаттардын сунуш-талаптарын аткарууга”* ***45,0 млн.сом*** (1 депутатка 1,0 млн.сомдон) каралгандыгын белгилөөгө болот.

Иш жүзүндө райондук бюджеттерден *“депутаттардын сунуш-талаптарын аткарууга”* шаардык бюджеттен кошумча алынган каражаттар менен биргеликте Бишкек шаардык кеңешинин депутаттарынын кайрылуу каттары боюнча Бишкек шаарынын мэриясынын райондук муниципалдык администрация башчыларынын буйруктары менен **48,1 млн.сом** суммасында бюджеттик ассигнованиялары бөлүнгөн, анын ичинен: Биринчи май районунан – 11,8 млн.сом, Октябрь районунан – 11,2 млн.сом, Ленин районунан – 13,1 млн. сом, Свердлов районунан – 12,0 млн.сом. Мында, каражаттардын негизги бөлүгү майрамдык иш-чараларга, жарандардын кайрылуулары боюнча материалдык жардамга, райондогу мекемелерге жабдыктарды сатып берүүгө бөлүнгөн.

Жарандардын кайрылуулары боюнча материалдык жардамга бюджеттик ассигнованиялар Бишкек шаарынын административдик райондорунун социалдык өнүгүү башкармалыктары аркылуу каржыланган. Бирок, 2022-жылда Бишкек шаардык Кеңештин депутаттарынын атынан шаар тургундарына майрамдарга белектерди сатып алууга, материалдык жардам көрсөтүүгө, анын ичинде өзгөчө социалдык же медициналык мүнөздөмөсү жок туруп, шаардын жөнөкөй жарандарына жана иш-чараларды уюштурууга 23 242,0 миң сом суммасында бөлүнгөн акча каражатын пайдалануу Бишкек шаардык Кеңешинин 2012-жылдын 12-июнундагы № 316 “Бишкек шаарынын

жарды жана жеңилдик алууга укугу бар тургундарын социалдык жактан колдоо жөнүндө" токтому менен бекитилген "Бишкек шаарынын жарды жана жана жеңилдик алууга укугу бар тургундарына даректүү социалдык жардам берүү тартиби жөнүндө" Жобого ылайык жүргүзүлбөгөндүгү, өзгөчө социалдык жактан аярлуу жарандарга социалдык жардам, жыл сайын милдеттүү түрдө каттоодон өтүү менен, турак-жай-тиричилик шарттарын текшерген актынын, социалдык паспорттун жана арыз ээсинин статусун аныктоочу документтердин негизинде арыз берүү принциби боюнча жүргүзүлө тургандыгы Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинде жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүндө бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудитин алкагында Бишкек шаарынын административдик райондорунун социалдык өнүгүү башкармалыктарына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтында аныкталып, аудиттин материалдары Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетине жөнөтүлгөн.

Бишкек шаарынын депутаттарынын граждандык демилгелерди ишке ашыруу боюнча кайрылууларына шаардык бюджеттен 135,0 млн.сом суммасында каралып, 2022-жыл ичинде негизинен капиталдык оңдоо жана курулуш иштерин аткарууга, жабдыктарды сатып алууга 133,1 млн.сом суммасында такталып бөлүнгөн, анын ичинен: шаардык бюджеттен – 15,1 млн.сом, Биринчи май районунан – 30,1 млн.сом, Октябрь районунан – 17,1 млн.сом, Ленин районунан – 41,8 млн. сом, Свердлов районунан – 29,0 млн.сом.

Мында, муниципалдык аймактык башкармалыктарга капиталдык курулуш иштерин аткарууга (спорт жана балдар ойноочу аянттардын курулмаларына) архитектуралык-техникалык корутундусу жок жылдын аягында акча каражаттары бөлүнүп калгандыктан, айрым объектилер боюнча дебитордук карыздардын пайда болушуна жана курулушу бүткөн объектилерди Бишкек шаарынын муниципалдык менчик башкармалыгынын реестрине өз учурунда каттоодо маселелерди жаратып, башкармалыктын реестри менен баланстык айырмачылыктардын пайда болушуна алып келген.

**Сунуштама** Жергиликтүү бюджетте ченемдик актыларда каралбаган Бишкек шаарынын депутаттарынын шайлоочулар менен иш-аракеттерине резервдик каражаттарды кароо жана каржылоо токтотулсун.

**Бишкек шаарынын киреше бөлүгүнүн аткарылышы**

**Аныкталды, жыйынтык.** 2022-жылга Бишкек шаарынын бюджетинин киреше бөлүгү активдерди жана трансферттерди эске алганда 15022,5 млн.сом суммасында бекитилип, 14719,7 млн.сом суммасында такталган, же жалпы 302,8 млн.сомго кыскарган.

Мында, баштапкы бекитилген план **Бишкек шаарынын мэриясынын Муниципалдык мүлктү башкаруу департаменти** боюнча жалпы **2 491,0** млн сомго кыскартылган. Калктуу конуштарда жер ижарасы үчүн акы 401,0 млн. сомго же 44,3%га, 2023-жылдын 1-январына карата арендаторлордун өндүрүлбөгөн дебитордук карыздары калктуу конуштардагы жер ижара акысы

боюнча – 963,2 млн. сомду (факт жүзүндө түшкөн ижара акысынан 1,8 эсе көп), муниципалдык менчикте турган жайлардын, имараттардын жана жабдуулардын ижара акысы боюнча – 23,9 млн. сомду (жеңил типтеги объектилердин ижара акысы боюнча жүргүзүлгөн эсептин жоктугунан, өндүрүлбөгөн ижара акысы боюнча так маалыматтар жок) түзгөндүгүнө карабастан кыскартылган. Ал эми, *айыл чарба багытындагы эмес жерлерди сатуудан түшүүсү болжолдонгон **2 000,0 млн сом** толук кыскартылып, бул багытта акча каражаты түшпөгөндүгүн белгилөөгө болот.*

Аудит учурунда алынган маалымат боюнча, жалпы көп батирлүү турак үйлөрдү куруу үчүн ижарага берилген *91,3* га жер участогун *ченемдик актыларда белгиленген тартипте* сатылган учурда 2022-жылга эң төмөнкү базар баасы менен алганда (1 кв. метр – 178 АКШ долл. же 15251 сом, 13.12.2022-ж. карата 1 АКШ дол.- 85,68 сом) жергиликтүү бюджетке **13 924,2 млн. сом**, ал эми курулуп бүтүп колдонууга берилген көп батирлүү үйлөрдүн *29,994* га жер аянтын сатуудан эсеп менен **4 574,4 млн. сом** түшмөк.

**Сунуштама.** Курулуп бүтүп колдонууга берилген көп батирлүү турак үйлөрдүн *29,994* га жер аянтын ченемдик актыларда жана ижара келишиминде белгиленген тартипте ижарачылар тарабынан сатып алынышы камсыздалсын (аудит учурундагы эсептөөлөр боюнча **4 574,4 млн. сомду** түзгөн).

**Аныкталды, жыйынтык.** Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 374-беренесине ылайык, мамлекеттик жана муниципалдык менчиктеги мүлк объекттерин, ошондой эле салык салуудан бошотулган субъекттерге таандык же алардын пайдалануусунда турган мүлк объекттерин пайдаланууга (ижарага) берүүдө *ижарага берүүчү* мүлк салыгын төлөөчү болуп саналат. Бирок, *Бишкек шаарынын мэриясынын Муниципалдык мүлктү башкаруу департаменти* тарабынан ижарага берилген жер участокторунан төлөнүүчү мүлк салыгынын эсеби жүргүзүлгөн эмес.

Аудит учурунда Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын Бишкек шаарындагы башкармалыктарынын көп батирлүү үй куруу үчүн көп жылдык мөөнөткө ижарага берилген 267 жер участокторунан жер салыгынын төлөнүшү тууралуу берилген маалыматтары боюнча көпчүлүк ижарадагы жер участокторунан жер салыгы төлөнбөй жүргөндүгү белгилүү болду.

**Сунуштама:** *Бишкек шаарынын мэриясынын Муниципалдык мүлктү башкаруу департаментине жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматына:*

-Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 374-беренесине ылайык, көп батирлүү үй куруу үчүн көп жылдык мөөнөткө ижарага берилген 267 жер участкаларынан төлөнүүчү жер салыгынын эсеби жүргүзүлсүн, салык төлөмдөрү өндүрүлсүн.

**Бишкек шаарынын мэриясынын Муниципалдык мүлктү башкаруу департаментине:**

Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 374-беренесине ылайык, көп батирлүү үй куруу үчүн көп жылдык мөөнөткө ижарага берилген 267 жер

участкаларынан төлөнүүчү жер салыгынын эсебин жана салык төлөмдөрүн жүргүзүүнү камсыз кылсын жана тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды, жыйынтык.** Бишкек шаарынын бюджетинин кирешелер бөлүгү жалпы 15418,6 млн. сом суммасында (104,7%га), анын ичинен: салыктык кирешелери 12043,6 млн.сом суммасында (106,1%га), салыктык эмес кирешелери 1 314,0 млн. сом суммасында (106,0%га) аткарылган.

Мында, салык кирешелери боюнча план 106,1% аткарылгандыгына карабастан, анын айрым түрлөрү боюнча, тактап атканда кыймылдуу мүлккө салык (транспорт салыгы) 87,5% аткарылган. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматынын (мындан ары -МСК) Ленин району боюнча башкармалыгынын берген маалыматы боюнча, 2022-жылы “Мүлк” модулунун иштебегендигине байланыштуу бул төлөмдүн жыйналышына сапаттуу анализ жүргүзүлгөн эмес. 2022-жылга транспорт салыгы боюнча план МСКнын Ленин району боюнча башкармалыгына 72227,3 миң сом суммасында, МСКнын Бишкек шаары жана түндүк региону боюнча ири салык төлөөчүлөрдү контролдоо башкармалыгына – 29595,5 миң сом суммасында жеткирилген, факт жүзүндө түшүүлөрү тиешелүүлүгүнө карата 59217,4 миң сомду жана 16572,0 миң сомду түзгөн, же 82,0%га жана 56,0% аткарылган. 2023-жылы 81840,5 миң сом жыйналган, 2022-жылга салыштырмалуу өсүү темпи 138,2% түзгөн, бул төлөмдү жыйноо боюнча 2022-жылы натыйжалуу иш жүргүзүлбөгөн.

Баштапкы жеткирилген план ижара төлөмдөрү боюнча жалпы 1,6 эсе кыскартылгандыгына карабастан, 2022-жылга такталган план “Муниципалдык менчикте турган жайлардын, имараттардын, курулмалардын, жабдуулардын жана техникалардын ижара акысы” боюнча - 7,1%, “Жеңил типтеги объектилердин ижара акысы” боюнча – 3,1% аткарылбай калган.

Ошондой эле, Бишкек шаары боюнча жергиликтүү салыктарды администрлөө жеткиликтүү деңгээлде жүргүзүлбөгөндүктөн, өндүрүлбөгөн салык карыздары жана ашык төлөмдөр жылдан жылга өсүп жаткандыгын белгилөөгө болот. Жергиликтүү салыктар боюнча жалпы карыз 01.01.2022-жылга карата 2 414,5 млн.сом, 01.01.2023-жылга 3 208,4 млн.сом болсо, 01.01.2024-жылга карата 3 472,9 млн.сомго жеткен, же тиешелүүлүгүнө карата 143,8% жана 108,2% өскөн. Ал эми, жергиликтүү салыктар боюнча жалпы ашык төлөм 01.01.2022-жылга карата 2535,6 млн.сом, 01.01.2023-жылга 2518,4 млн.сом болсо, 01.01.2024-жылга карата 2937,4 млн.сомго жеткен, же тиешелүүлүгүнө карата 115,8% жана 116,6% өскөн.

**Сунуштамалар.** Бишкек шаары боюнча жергиликтүү салыктарды жана салык эмес кирешелерди администрлөөнү күчөтүү жана киреше бөлүгүнүн толук аткарылышын камсыз кылуу максатында туруктуу негизде тиешелүү кызматтар менен иш жүргүзүлсүн.

**Аныкталды, жыйынтык:** Муниципалдык мүлктү башкаруу департаментинин (ММБД) жана Бишкек финансы башкармалыгынын отчеттук маалыматтарында муниципалдык менчикти пайдалануудан түшкөн

кирешелер боюнча айырмачылыктар ижарачылар тарабынан төлөм коддорун туура эмес көрсөтүүдөн жана киреше боюнча отчеттук маалыматтарды даярдоодо төлөм коддоруна туура келбеген төлөмдөрдү кошуп көрсөтүүдөн түзүлгөн.

ММБДнын отчетунда:

-“калктуу конуштарда жер ижарасы үчүн акы” төлөм коду боюнча турак эмес имараттардын ижара акысы үчүн түшкөн 9014,8 миң сом жана жергиликтүү бюджеттин кирешесине которулган 15744,2 миң сом суммасындагы талап кылынбаган депозиттик каражаттар туура эмес кошуп көрсөтүлгөн;

-“муниципалдык менчикте турган жайлардын, имараттардын, курулмалардын, жабдуулардын жана техникалардын ижара акысы” төлөм коду боюнча негизги каражаттарды чыгыштоодон түшкөн 1186,6 миң сом туура эмес кошулган (кошулуп көрсөтүлгөн), ал эми турак эмес имараттардын ижара акысы үчүн түшкөн 9014,8 миң сом, аялдамалардын ижара акысына түшкөн 187,0 миң сом жана кеңсе ижара акысына түшкөн 9,2 миң сом жогорудагы төлөм коду боюнча көрсөтүлбөй калган.

Бишкек финансы башкармалыгы менен түзүлгөн салыштыруу актысында аялдамалардын ижара акысына “Адекват” ЖЧКсынан түшкөн 187,0 миң сом көрсөтүлгөн эмес, кеңсе ижара акысына түшкөн 9,2 миң сом “Айыптар” төлөм коду боюнча туура эмес көрсөтүлгөн, жол эрежелерин бузгандыгы үчүн түшкөн 1,0 миң сом айып пул ММБДнын эсебине туура эмес алып барылган.

Ошондой эле, “Бишкек токтотмолору жана унаа туруктары” муниципалдык ишканасынан 2022-жылдын 1-январынан тартып 30-апрелине чейин автотранспортту парковкалоо жана токтотуу үчүн түшкөн 5722,8 миң сом суммасындагы жыйымдар 14511900 “Дагы башка салык эмес кирешелер” төлөм коду боюнча жергиликтүү бюджетке чегерилген.

Ал эми, **Бишкек шаарынын токтотмолорун жана авто коюу жайларын башкаруу боюнча муниципалдык ишкана** түзүү ыйгарым укугун берген Бишкек шаарынын мэриясынын 2022-жылдын 14-мартындагы №47-б буйругунун негизинде ММБДнын 2022-жылдын 24-мартындагы №23-п буйругу менен ММБДнин алдында чарба жүргүзүү укугунда түзүлгөн “Бишкек токтотмолору жана унаа туруктары” муниципалдык ишканасына 2022-жыл ичинде 17132,4 миң сом суммасында автотранспортту парковкалоо жана токтотуу үчүн төлөмдөрү түшкөн, анын 6 973,5 миң сому ишкананы кармоого жумшалган, калган 10158,9 миң сому 9-айга кечиктирүү менен 2023-жылы январь айында жергиликтүү бюджетке которулган.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесине ылайык, автотранспортту парковкалоо жана токтотуу үчүн төлөм жергиликтүү бюджетке 14221800 төлөм коду боюнча чегерилүүгө жатат. Бирок, 2022-жылы автотранспортту парковкалоо жана токтотуу үчүн түшкөн 22855,2 миң сомдун, 2022-жыл ичинде жергиликтүү бюджетке 5722,8 миң сому 14511900 “Дагы башка салык эмес кирешелер” төлөм коду боюнча

чегерилген, 2023-жылы январь айында 10158,9 миң сому 14152110 "Калктуу конуштарда жер ижарасы үчүн акы" төлөм коду боюнча которулган, ал эми калган 6 973,5 миң сому жергиликтүү бюджетке түшпөстөн казынаны кайып өтүп, "Бишкек токтотмолору жана унаа туруктары" муниципалдык ишканасын каржылоо үчүн негизсиз чыгымдалган.

**Сунуштама:** Жергиликтүү бюджетке чегерилген кирешелер боюнча отчет маалыматтарын даярдоодо төлөм коддору туура эмес көрсөтүлгөн кирешелерди Бишкек финансы башкармалыгы аркылуу өз учурунда оңдоо менен төлөм коддорун туура көрсөтүү камсыздалсын.

"Бишкек токтотмолору жана унаа туруктары" муниципалдык ишканасын автотранспортту парковкалоо жана токтотуу үчүн төлөмүнүн эсебинен кармоонун мыйзамдуулугу каралсын.

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесине ылайык, автотранспортту парковкалоо жана токтотуу үчүн төлөмдү толук түрдө жергиликтүү бюджетке 14221800 төлөм коду боюнча чегерүү камсыздалсын.

**Бишкек шаарынын бюджетинин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы**

2022-жылга Бишкек шаарынын чыгаша бөлүгү 15022,5 млн.сом суммасында бекитилип, 2022-жыл ичиндеги киргизилген өзгөртүүлөрдөн кийин 15293,2 млн.сом суммасында такталган. Кассалык чыгым 15420,6 млн.сом суммасына жүргүзүлүп, такталган бюджетке карата чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы 96,1% түзгөн же 597,5 млн.сомго каржыланбай калган, анын ичинен: корголгон беренелердин чыгымдары – 97,6% (171,8 млн.сомго), субсидиялар – 99,5% (12,4 млн.сомго), капиталдык салымдар – 94,9% (62,7 млн.сомго), башка чыгымдар – 91,7% (350,6 млн.сомго).

**Аныкталды, жыйынтык.** "2022-жылга Бишкек шаарынын бюджетин бекитүү жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө" Бишкек шаардык кеңешинин 2022-жылдын 5-апрели № 27 токтомунун 4-пунктунда "биринчи кезекте корголгон статьялар боюнча (эмгек акы, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна төлөмдөр, медикаменттер, тамактануу, калкка социалдык жардам боюнча жөлөкпул, стипендиялар) чыгашаларды каржылоо жүргүзүлө тургандыгы" көрсөтүлгөндүгүнө карабастан, корголгон беренелер жана милдеттүү төлөмдөр боюнча каралган бюджет ассигнованиелери толук каржыланбай калышынан улам 01.01.2023-жылга карата 37,3 млн.сом (анын ичинде калкка даректүү социалдык жардам 0,8 млн сом) суммасында кредитордук карыз түзүлгөн. Ошол эле учурда, муниципалдык ишканаларды аткарылган жумуштары кабыл алына электе каржылоонун натыйжасында 01.01.2023-жылга карата 1608,0 млн.сом суммасында дебитордук карыз пайда болгон, 01.01.2024-жылга карата муниципалдык ишканалардын жергиликтүү бюджетке дебитордук карызы 2329,8 млн.сомго жеткен, же 145% өскөн. Бул дебитордук карыздын 1820,9 млн.сому "Бишкекасфальтсервис" муниципалдык ишканасына таандык.

**Сунуштама.** Бюджет чыгымдарын каржылоодо биринчи кезекте корголгон беренелер боюнча жүргүзүү, талаптары сакталсын. Муниципалдык

ишканалардын дебитордук карыздарын жоюу боюнча натыйжалуу иш-аракеттер жүргүзүлсүн. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобосунун 312-пунктуна ылайык, контрактты (келишимди) түзүүдө жумуштарды аткарууга жана кызматтарды көрсөтүүгө авансалык төлөмдөрдүн өлчөмүн контракттын (келишимдин) суммасынан 20 пайыздан ашырбоо талаптары сакталсын.

**Бюджеттер аралык трансферттер**

**Аныкталды, жыйынтык.** 2022-жылга бюджеттер аралык мамилелер боюнча республикалык бюджеттен 2119,6 млн.сом суммасында максаттуу трансферттер каралган, анын ичинен: эмгек акыларды жогорулатууга 2064,6 млн.сом, «Коопсуз шаар» долбооруна 55,0 млн.сом. Факт жүзүндө республикалык бюджеттен 2061,0 млн.сом каржыланып, жергиликтүү бюджетке 58,6 млн. сом түшпөй калган, анын ичинен: эмгек акыларды жогорулатууга 47,5 млн.сом, «Коопсуз шаар» долбооруна 11,1 млн.сом.

Мындан сырткары, Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 44 жана 51 беренелеринде каралган бюджеттер аралык мамилелердин эсебин жүргүзүү талаптарын сактабастан, 2022-жылы республикалык бюджеттен “Капиталдык салымдар” беренеси боюнча 2650,0 млн.сом суммасындагы каржы булагы жергиликтүү бюджетти кайгып өтүү менен Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык мекемелерине түз ачылган, анын ичинен: Бишкек шаарынын мэриясынын Капиталдык курулуш башкармалыгына Бишкек шаарындагы билим берүү объекттеринин курулушуна - 2 530,0 млн.сом, Бишкек шаарынын мэриясынын Шаардык чарба жүргүзүү департаментине Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын имаратынын 1 км аралыктагы радиусунда жайгашкан муниципалдык жер участокторун көрктөндүрүүгө 120,0 млн.сом бөлүнгөн.

Мында, 2021 жана 2022-жылдар мезгил аралыгында Бишкек шаарынын мэриясынын Шаардык чарба жүргүзүү департаменти аркылуу Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясынын имаратынын 1 км аралыктагы радиусунда жайгашкан муниципалдык жер участокторун көрктөндүрүүгө жана ремонт иштерине республикалык бюджеттен “Капиталдык салымдар” беренеси боюнча жалпы 181,0 млн.сом бөлүнгөндүгүн, бул чыгымдар Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 29-беренесинде каралган капиталдык салымдардын критерийлерине шайкеш келбей тургандыгын белгилөөгө болот.

**Сунуштама.** Бюджеттер аралык мамилелер боюнча республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджеттин чыгымдарын каржылоо Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 29, 44 жана 51 беренелеринде каралган талаптарын сактоо менен жүргүзүлсүн.

**Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык мүлктү башкаруу боюнча департаменти (мындан ары - ММБД)**

***Көп батирлүү үйлөрдү куруу үчүн берилген жер участокторунун пайдаланылышы***

**Аныкталды, жыйынтык.** Муниципалдык жер участоктору көп батирлүү үйлөрдү куруу үчүн ижарага ошол учурдагы мыйзамдарда жана ченемдик актыларда көрсөтүлгөн талаптарды толук сактабастан, ачык өткөрүлгөн конкурста тандап алынган көп кабаттуу үй курууга потенциалдуу мүмкүнчүлүгү бар арендаторлорго берилбегендиктен, көпчүлүк жер участоктору 15-20-жылдан бери толук өздөштүрүлбөстөн, жерге пайдалануу укугу ижарачылар тарабынан ММБДнын макулдугу менен бөлүктөргө бөлүнүп колдон-колго өтүп сатылып келүүдө. Мында, ченемдик актыларда жана келишимде жер участогун өздөштүрүү жана объекттин курулушун келишим түзүлгөндөн баштап 2-3-жыл ичинде аяктоо жана эксплуатацияга берүү каралгандыгына карабастан, ижарачылардын көп батирлүү турак жайдын курулушун каржылоо мүмкүнчүлүгүнүн же банк мекемелери менен кредиттик келишиминин болушу талап кылынбастан аларга жерге пайдалануу укугу 5-жылдан 49-жылга чейин берилген. Ошондой эле, ченемдик документтерде жана келишимде көрсөтүлгөн мөөнөттө өздөштүрүлбөгөн ижарадагы жер участкаларын кайтарып алып, ачык конкурс жолу менен тандап алынган потенциалдуу инвесторлорго өткөрүп берүүнүн ордуна, ММБД тарабынан жерге пайдалануу укугунун калган мөөнөтү ижарачылардан сатып алган жактарга мурдагы ижара келишимдеги каралган шарттарды толук сактабастан жол-жоболоштурулуп берилгендигин белгилөөгө болот.

Аудит мезгилине карата берилген маалымат боюнча, көп батирлүү турак үйдү долбоорлоо жана куруу үчүн жер участогун ижарага берүү боюнча бардыгы болуп *267* келишим *91,3* га жер аянтына түзүлгөн, анын ичинен *81* келишим боюнча *29,994* га жер аянтына көп батирлүү турак үйдүн курулуш иштери бүткөрүлүп, колдонууга берилген, б.а. *көп батирлүү турак үйлөрдү куруу үчүн берилген жер тилкелеринин 32,8% гана өздөштүрүлгөн*.

Бирок, *81* келишим боюнча *29,994* га жер аянтына көп батирлүү турак үйдүн курулуш иштери бүткөрүлүп, колдонууга берилгендигине карабастан, ММБД тарабынан *жер участогуна менчик* укукту *объект эксплуатацияга берилгенге чейин же 17% даярдыкта сатып алуусу керектиги* көрсөтүлгөн ченемдик актылардын жана келишимдердин пунктары (типтүү келишимдин 3.1.32 жана 3.2.17-пункттары) аткарылбай, жергиликтүү бюджеттин киреше булагынын жоготууларына алып келгендигин белгилөөгө болот.

“Бизнес эксперт” ЖЧКсы тарабынан 2014-2023-жылдарга Бишкек шаарындагы жер участокторунун базар баасына жүргүзүлгөн анализи боюнча, 2017-жылдан баштап 2023-жылга чейин жер участокторунун 1 кв.метр аянтынын базар баасы Бишкек шаарынын борбордук бөлүгүндө - 137 АКШ долларынан 223 АКШ долларына чейин, түштүк бөлүгүндө 107 АКШ долларынан 296 АКШ долларына чейин, батыш бөлүгүндө (Жал кичирайону) 112 АКШ долларынан 238 АКШ долларына чейин өскөн.

Бүгүнкү күнгө карата “Аалам строй” ЖЧКсынан Жал-23 кичирайонунун Тыналиев көчөсүндө 3/1 дареги боюнча жайгашкан 5100 кв. метр жер тилкесинин сатып алуу үчүн жалпы аянты 1449,51 кв. метр 1-бөлмөлүү 30-батирди 77682,1 миң сомго же 1 кв. метрин 53,59 миң сомго бааланып муниципалдык менчикке өткөрүп берүү боюнча 2022-жылдын 12-июлундагы № 132-1383 алдын ала келишими түзүлүп, жергиликтүү каттоо органында 15.07.2022-жылы катталган. Мында, 1 кв. метр жер участогу 15 230 сомго бааланган.

Жалпы көп батирлүү турак үйлөрдү куруу үчүн ижарага берилген *91,3* га жер участогун ченемдик актыларда белгиленген тартипте сатылган учурда 2022-жылга эң төмөнкү базар баасы менен алганда (1 кв. метр – 178 АКШ долл. же 15251 сом, 13.12.2022-ж. карата 1 АКШ долл.- 85,68 сом) жергиликтүү бюджетке **13 924 163,0 миң сом**, ал эми курулуп бүтүп колдонууга берилген көп батирлүү үйлөрдүн *29,994* га жер аянтын сатуудан **4 574 384,9 миң сом** түшмөк.

**Сунуштама:**

1. Бишкек шаардык кеңешинин 09.07.2003-жылдагы №189 жана 20.12.2011-жылдагы №288 токтомдору менен бекитилген жоболордун 3.5, 8.6, 9.2, 62, 82-пункттарына жана типтүү келишимдин 3.2.7-пунктарына ылайык, белгиленген мөөнөттө өздөштүрүлбөгөн ижарадагы жер участкалары кайтарып алынып, ачык конкурс (аукцион) жолу менен тандап алынган потенциалдуу инвесторлорго мурдагы ижара келишимдеги каралган шарттарды толук сактоо менен жол-жоболоштурулуп берилсин.
2. Бишкек шаардык кеңешинин 09.07.2003-жылдагы №189 жана 20.12.2011-жылдагы №288 токтомдору менен бекитилген типтүү келишимдин 3.1.32 жана 3.2.17-пункттарына ылайык, көп батирлүү турак үйлөрдү куруу үчүн ижарага берилген жер участокторунда курулган курулуш объектиси эксплуатацияга берилгенге чейин же 17% даярдыкта ижарачы ижара берүүчүдөн жер участогуна менчик укукту сатып алуу камсыздалсын.

**Аныкталды, жыйынтык.** Көп батирлүү турак үйлөрдү куруу үчүн ижарага берилген 267 ижарачынын жер участокторунун 1-жылга ижара акысы 1 кв. метрге 28 сомдон 11904 сомго чейин жеткен, анын ичинен: 166 ижарачыда (62%) 28 сомдон 100 сомго чейин; 77 ижарачыда (29%) 100 сомдон 500 сомго чейин; 24 ижарачыда (9%) 500 сомдон 11904 сомго чейин. Ижара акысындагы чоң айырмачылыктар жерлерди ижарага берүү ачык-айкын конкурс өткөрүү жолу менен жүргүзүлбөгөндүгүн айгинелейт.

**Сунуштама.** Муниципалдык жер участокторун ижарага берүү ачык-айкын конкурс же аукцион өткөрүү жолу менен жүргүзүү камсыздалсын.

**Аныкталды, жыйынтык.** Ижара келишиминин 3.1.2-пунктуна ылайык, ижарага берилген жер участокто ижарачы тарабынан тургузулган имараттар, курулмалар, көрктөндүрүү элементтери анын менчиги болуп саналат. Ижарага берилген жер участокторун сатып алуунун негизги киреше булагы болуп, курулуп бүткөн үйлөрдүн батирлерин жана турак эмес

жайларын сатуудан түшкөн акча каражаты эсептелет. Бирок, ММБД тарабынан ижарага берилген жер участокторун ижарачы сатып алуусун камсыз кылуу максатында курулуп бүткөн үйлөрдөн жеткиликтүү суммага бааланган батирлер же турак эмес жайлар мамлекеттик каттоо органдарында менчик укуктарын каттоого чектөө киргизүү менен күрөөгө алынбагандыктан, күрөө катары берилген батирлердин айрымдары сатылып кеткендиги белгилүү болду.

**Сунуштама.** Ижарага берилген жер участокторун ижарачы сатып алуусун камсыз кылуу максатында курулуп бүткөн үйлөрдөн жеткиликтүү суммага бааланган батирлер же турак эмес жайлар мамлекеттик каттоо органдарында менчик укуктарын каттоого чектөө киргизүү менен күрөөгө алуу камсыздалсын.

**Аныкталды, жыйынтык.** Ижарага берилген жер участокторуна курулган көп батирлүү үйлөрдүн батирлери жана турак эмес жайлары ижарачылар тарабынан жеке менчикке ММБДнын макулдугу менен сатылгандан кийин, айрым ижарачылар (“Бишкеккурулуш” ААКсы, жеке жак Нусувалиев О.Т.) Турак жай кодексинин 66-беренесинин 2 жана 8 пункттарына, Жер кодексинин 44-беренесинин 1 жана 3 пунктарына жана 46-беренесинин 1-пунктуна таянуу менен, ижардагы жер участогу көп батирлүү үйдүн турак жана турак эмес жайларынын менчик ээлеринин жалпы үлүштүк менчигине өткөндүгүн билдирүү менен, жердин ижара акысын төлөөдөн баш тартышкандыгын белгилөөгө болот.

**Сунуштама.** Ижарага берилген жер участокторуна курулган көп батирлүү үйлөрдүн батирлерин жана турак эмес жайларын ижарачылар тарабынан жеке менчикке сатууга жер участкасын сатып алганга чейин макулдук берилбесин.

**Аныкталды, жыйынтык.** 2000-2011-жылдар мезгил аралыгында көп батирлүү үйлөрдү куруу үчүн жер участокторун көп жылга ижарага берүүдө, андан ары пайдаланууда ченемдик актылардын сакталбагандыгын, учурдагы аудитте тандоо жолу менен алынган айрым ижарачылардын архивдик документтерин кароодо белгилүү болду.

“Бишкеккурулуш” ААКсынын 23.06.2005-жылдагы №406 жер участогун 49-жылга ижарага алуу келишими боюнча Токтогул-К.Тыныстанов көчөлөрүнүн кесилишинде жайгашкан 0,1206 га жер участогуна көп батирлүү үйдүн курулушу бүткөрүлүп 16.02.2011-жылдагы №03-9/34-пк актысы менен пайдаланууга берилгенден кийин, үлүштөгүлөр менен түзүлгөн келишим боюнча алардын жеке менчигине өткөрүлүп берилгендигин билдирүү менен ижара акысын 2013-жылдан бери төлөбөй жаткандыктан, бүгүнкү күнгө карата карызы 581,4 миң сомго жеткен. Бишкек шаардык кеңешинин 09.07.2003-жылдагы №189 токтому менен бекитилген Типтүү келишимдин 3.2.17-пунктунда объект пайдаланууга берилгенге чейин ижара берүүчүдөн жер участогуна менчик укугун сатып алуу каралгандыгына карабастан, ММБД тарабынан “Бишкеккурулуш” ААКсынын 23.06.2005-жылдагы №406 жер участогуна ижара келишимине тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилген эмес,

ижарадагы жер участогун сатып алууну камсыз кылбай туруп, көп батирлүү үйдүн турак жана турак эмес жайларына жеке менчик укугун каттоого макулдук берилген. Ошондой эле, ижарадагы жерге убактылуу пайдалануу укугун жокко чыгарып берүүнү сураган доо арызын Бишкек шаарынын Биринчи май райондук соту 06.05.2024-жылдагы чечими менен канааттандырган.

Жеке жак О.Т. Нусувалиев Тынчтык проспектиси № 17 дарегинде жайгашкан көп батирлүү үй куруу үчүн 49 жылга алган ижарадагы муниципалдык жер участокторунун ижара акысын, көп батирлүү үйдүн турак жана турак эмес жайларынын менчик ээлеринин жалпы үлүштүк менчигине өткөндүгүн билдирип, 2009-жылдан бери төлөбөй келүүдө. Бүгүнкү күнгө карата ижара акысы боюнча карызы 28.01.2005-жылдагы №46 ижара келишими боюнча 1125 кв. метр жер участогу үчүн - 534,9 миң сомду, 18.04.2007-жылдагы №199 ижара келишими боюнча 700 кв.метр жер участогу үчүн - 373,5 миң сомду түзгөн. Бул жер тилкеси боюнча төмөнкүлөр сакталбаган: ижарага конкурс өткөрбөстөн базалык ставкада берилген; ижара башында берилген жер участогунун аянты аудитке белгисиз себептер менен 0,185 га кыскарып, О.Т. Нусувалиевдин жеке менчигине өткөн, Бишкек шаарынын мэриясына пайдалуу турак аянтынын 10%ын өткөрүп берүү Бишкек шаарында жер участокторун берүү комиссиянын 12.08.2003-жылдагы №43 протоколунда каралбагандыгына карабастан Бишкек шаарынын мэриясынын 13.01.2004-жылдагы №20 токтому менен жокко чыккан; курулушту 2 жыл ичинде аяктабагандыгына карабастан өздөштүрүлбөгөн жер участокторун кайтарып алып кайрадан конкурска коюлган эмес, “объект пайдаланууга берилгенге чейин ижара берүүчүдөн жер участогуна менчик укугун сатып алуу” талаптары ижара келишимине киргизилген эмес.

Бишкек шаарынын мэриясынын 15.01.2001-жылдагы №49 токтомуна 10.01.2003-жылдагы №11 токтому менен киргизилген өзгөртүүлөр боюнча Мурзалиева З.К. ижара шарты менен 12-кичирайонунда жайгашкан 0,397 га жер участогу ден-соолукту чыңдоо комплексин жана дүкөндү долбоорлоо жана курулуш иштерин жүргүзүү үчүн комиссия тарабынан конкурс өткөрүлбөстөн 49 жылга убактылуу пайдаланууга берилген. Жер участогунун ижарасы 2003-жылы - 21 322,05 сом, 2004-жылы – 21 860,70 сом, ал эми 2005-жылы ижара акысы комиссиянын чечими жок себепсиз 10 600,94 сомго чейин азайып калган, 2006-жылы ижара акысы 20 425,64 сом болгон. Бишкек шаарынын мэриясынын 27.06.2005-жылдагы №702 токтому менен Бишкек шаарында жер участокторун берүү комиссиянын чечими жок ижарадагы жер участогунун функционалдык пайдалануу багыты көп кабаттуу турак үйдү курууга өзгөртүлгөн. Жерге убактылуу пайдалануу укугун Мурзалиева З.К. “Алеша” ЖТАКсына саткан, ал “Медиа Столица Групп” ЖЧКсына саткан, андан “Самолет” ЖЧКсы өткөрүп алган. Бул объект 30.11.2018-жылы №199 актысы боюнча колдонууга берилгендигине карабастан, ММБД тарабынан келишимдин 3.1.32-пунктусунун аткарылышы камсыздалбагандыктан, жергиликтүү бюджетке 0,397 га жер участогун сатуудан аудит учурунда

жүргүзүлгөн эсеп боюнча 60 546,6 миң сом акча каражаты түшпөй жаткандыгын белгилөөгө болот.

2004-жылдын 7-сентябрында 9-кичирайонундагы 0,06 га жер участогуна көп кабаттуу турак үйдү долбоорлоо жана куруу үчүн 49 жылга ижарага берген конкурстун жыйынтыгы боюнча, 1 жылга ижара акысына 25 миң сом сунуштаган жеке жак Нурманбетова Ч. жеңүүчү деп табылган. Бирок, Ч. Нурманбетова менен 22.09.2004-жылы болгону 2,89 миң сомго ижара келишими түзүлгөн. ММБДнын макулдугу менен бул жер участогунун пайдалануу укугун 2005-жылдын 17-февралында Ч. Нурманбетова жеке жак А.Добротовго, ал 2013-жылы "Моно-Групп" ЖЧКсына сатып, ижара келишимдери түзүлгөн. Бирок, бүгүнкү күнгө чейин жер участогу өздөштүрүлбөгөндүгү, көп батирлүү турак жайдын курулушун каржылоо мүмкүнчүлүгү бар ижарачылар ачык-айкын өткөн конкурста тандап алынбагандыгын айгинелейт. Мындан тышкары, "Моно-Групп" ЖЧКсы тарабынан өз убагында ижара акысы төлөнбөй бүгүнкү күндө мекемеге болгон карызы 123,7 миң сомду жана эсептелген туумдардын суммасы 30,8 миң сомду түзгөн.

Ченемдик актылардын талаптарын бузуу менен конкурс өткөрбөстөн туруп, Бишкек шаарынын мэриясынын 27.05.2005-жылдагы №544 жана 15.08.2005-жылдагы №876 токтомдору боюнча 12-кичирайонунан 0,99 га жер участогу "Метимпэкс" ЖЧКсына базалык ижара төлөмүн коюу менен (конкурска чыгаруу үчүн баштапкы баа катары ченемдик документте көрсөтүлгөн формула боюнча эсептелген баа) көп батирлүү үй куруу үчүн 49 жылдык мөөнөткө *курулуп бүткөн үйдүн 10% турак аянтын мэриянын менчигине өткөрүп берүү шарты менен* берилген. Мындан сырткары, жогоруда көрсөтүлгөн Бишкек шаарынын мэриясынын 17.08.2005-жылдагы №889 токтому боюнча 4,9 га жер участогу "Метимпэкс" ЖЧКсына Бишкек шаарынын Түштүк-Чыгыш турак жай районунда пилоттук долбоорду иштеп чыгуу жана турак жай кварталынын эксперименталдык көп кабаттуу курулушун ишке ашыруу үчүн базалык ижара төлөмүндө 49 жылдык мөөнөткө *курулуп бүткөн үйдүн 13% турак аянтын мэриянын менчигине өткөрүп берүү шарты менен* берилген.

Бирок, бул жер участоктору "Метимпэкс" ЖЧКсы тарабынан 2005-2015-жылдар ичинде өздөштүрүлбөгөн, ижара акысы дагы төлөнбөстөн Бишкек шаарынын район аралык сотунун 16.05.2010-жылдагы чечими менен банкрот деп таанылгандан кийин, ижара акысы боюнча 7361,3 миң сом карызы жоюлган. "Метимпэкс" ЖЧКсынын убактылуу пайдалануусундагы 5,89 га жер участоктору кайтарып алынып, ачык өткөрүлгөн аукцион же конкурс аркылуу тандап алынган потенциалдуу инвесторлорго берилбестен, ММБД тарабынан мурдагы келишимде каралган *курулуп бүткөн үйдүн 10% жана 13% турак аянтын мэриянын менчигине өткөрүп берүү шарттары* киргизилбестен ***"СААБ строй" ЖЧКсына*** *түз келишим* менен калган убактылуу пайдалануу мөөнөтүнө берилген. Бирок, ***"СААБ строй"*** *ЖЧКсы* жогоруда алган жер участокторун толук өздөштүрбөстөн туруп, ММБДнын

макулдугу менен 3,8903 га (38903 кв.м) жер участогунун убактылуу пайдалануу укуктарын 2015-2018-жылдар ичинде башка жактарга саткандан кийин, алар менен ММБДнын ортосунда калган убактылуу пайдалануу мөөнөттөрүнө ижара келишимдери түзүлгөн, анын ичинен: “Авангард Билдинг” ЖЧКсы менен 2503 кв. метр жер аянтына, Б.М. Акылбеков менен 2400 кв. метр жер аянтына, “Контракт Девелопмент Групп” ЖЧКсы менен 10000 кв. метр жер аянтына, И.А. Тентиева менен 7500 кв. метр жер аянтына, Э.М.Рысалиев менен 1500 кв. метр жер аянтына, “Мега Строй” ЖЧКсы менен 15000 кв. метр жер аянтына. Мында, мурдагы келишимде каралган *курулуп бүткөн үйдүн 10% жана 13% турак аянтын мэриянын менчигине өткөрүп берүү шарттары* киргизилбестен кийинки ижарачылар менен келишимдер түзүлгөндүктөн жергиликтүү бюджеттин киреше булактарынын жоготууларына алып келгендигин, ал эми ижара акысы базалык ижара төлөмүнүн өлчөмүндө коюлгандыктан, 1-жылга 1 кв. метр жер аянтына 29 сомду түзгөндүгүн, бул эң төмөнкү ижара акысына барабар болгондуктан, ижара төлөмү боюнча дагы чоң жоготууларга алып келгендигин белгилөөгө болот.

Муниципалдык жер участокторун көп кабаттуу үйлөрдү куруу үчүн берүүдө жана андан ары пайдаланууда ченемдик документтердин сакталбагандыгына укуктук баа берүү үчүн аудит материалдары Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетине 2024-жылдын 16-сентябрындагы №01-7/964 каты менен жөнөтүлдү.

**Аныкталды, жыйынтык.** Бишкек шаардык кеңешинин 2003-жылдын 9-июлундагы №189 токтому менен бекитилген “Бишкек шаарында жер участокторун ижарага берүү тартиби жөнүндө” Жобосунун 6.4-пунктунда конкурстун милдеттүү шарттары катары *курулган турак жана турак эмес жайлардын бир бөлүгүн муниципалдык менчикке өткөрүп берүү мүмкүнчүлүгүн* кароо каралган.

Бирок, *курулган турак жана турак эмес жайлардын бир бөлүгүн муниципалдык менчикке өткөрүп берүү шарты* мэриянын жер участокторун ижарага берген токтомдорунун айрымдарында гана кездешет, анын көпчүлүгү кийинчерээк соттун чечимдери менен жокко чыгарылган.

Көп батирлүү үйлөрдү куруу үчүн берилген жер участоктору боюнча түзүлгөн ижара келишимдеринин шарттарына ылайык, курулуп бүткөн көп батирлүү үйлөрдүн тиешелүү турак жана турак эмес жайларын муниципалдык менчикке өткөрүп алуу үчүн, курулган үйлөрдүн аянты жана муниципалдык менчикке өткөрүп алынуучу бөлүгү боюнча так маалыматтар жана эсеби жок.

**Сунуштама.** Көп батирлүү үйлөрдү куруу үчүн берилген жер участоктору боюнча түзүлгөн ижара келишимдеринин шарттарына ылайык, курулуп бүткөн көп батирлүү үйлөрдүн тиешелүү турак жана турак эмес жайларын муниципалдык менчикке өткөрүп алуу үчүн, курулган үйлөрдүн аянты жана муниципалдык менчикке өткөрүп алынуучу бөлүгү боюнча так эсеби жүргүзүлсүн.

**Муниципалдык жер участокторун ижарага берүүгө, пайдалануусуна мониторинг жана төлөм эсептерин жүргүзүү маселелери**

**Аныкталды, жыйынтык.** “АИС УМС” муниципалдык менчикти башкаруунун автоматташтырылган маалыматтык тутумунда “Ижараны жана башка төлөмдөрдү эсепке алуу” жана “Түшүүлөр боюнча отчет” негизги модулдары талаптагыдай ишке киргизилбегендиктен, муниципалдык жер участокторун пайдалангандыгы үчүн ижара төлөмдөрү боюнча ишенимдүү так маалыматтарды алууга мүмкүн болгон жок.

**Сунуштама:** Муниципалдык жер участокторун пайдалангандыгы үчүн ижара төлөмдөрүнүн эсебин жеткире иштелип чыккан автоматташтырылган маалымат тутумунда жүргүзүү камсыздалсын.

**Аныкталды, жыйынтык.** Бишкек шаардык кенешинин 2020-жылдын 14-январындагы №140 токтому менен бекитилген “Жаңы мөөнөткө ижара келишимин түзүү, Бишкек шаарынын муниципалдык менчигинде турган жер участокторго убактылуу пайдалануу укуктарын өткөрүп берүүгө жана токтотууга макулдук берүү тартиби жөнүндө” Жобосунун 14-пунктунда каралган себептер боюнча ижара акысын 10%дан (бузуулар, четтөөлөр, чектөөлөр жок учурда) 100% чейин (эгерде жер участогуна курулуш түшпөсө, уруксат документтери жок болсо) көбөйтүү менен жер тилкесинин пайдалануу укугун узартуу каралган. Мында, жер тилкелеринин ижара акысы 10%дан 44 эсеге чейин көбөйтүлгөндүгүн жана комиссиянын протоколдорунда ижара акысын көтөрүүнүн так себептери көрсөтүлбөгөндүгүн, ошол эле учурда айрым жер тилкелери боюнча ижара акысын көбөйтүү 10% дагы жетпегендигин, ошондуктан ижарага берилген жер тилкелеринин 1 кв. метр аянтынын баасындагы айырма 24 сомдон 3333 сомго чейин жеткендигин белгилөөгө болот.

**Сунуштама** Кошумча жер участокторун ижарага берүүдө жана ижара мөөнөтүн узартууда ижара акысын аныктоо базар экономикасынын талаптарына ылайык жүргүзүлбөгөндүктөн, баардык багыттар боюнча 1 кв. метр жердин ижара акысы боюнча чоң айырмачылыктарды жоюу боюнча иш-аракеттер жүргүзүлсүн.

**Аныкталды, жыйынтык.** Ижарага берилген жер тилкелеринин пайдалануу мөөнөтүн узартуу маселесин комиссиянын кароосуна алып чыгуунун алдында Бишкек шаарынын мэриясынын Жер пайдаланууну контролдоо боюнча башкармалыгы тарабынан жерди пайдалануу тартиптеринин сакталышы боюнча текшерүү иштери жүргүзүлгөн, анын жыйынтыгы боюнча 15 жер тилкесинен ижара акысыз кошумча пайдалануудагы **9670,1** кв. метр жер аянты аныкталган. Бирок, ММБД тарабынан бул аныкталган кошумча пайдалануудагы жер тилкелеринен бүгүнкү күнгө чейин ижара акысы өндүрүлгөн эмес, кошумча ижарага берилген жер тилкелеринин орточо ижара баасы (265,39 сом) менен алганда, жалпы 1 жылга жергиликтүү бюджеттин жоготуусу **2 566,3** миң сомду түзөт. Ошондой эле, муниципалдык жер участокторунун пайдалануусуна жеткиликтүү деңгээлде мониторинг жүргүзүлбөгөндүктөн, 2010-жылдан

бүгүнкү күнгө чейин ***<u>31 кв. метр</u>*** муниципалдык жер тилкесин арендатор Ч.Дж. Муйбиллаева И. Ахунбаев 133/1 дарегинде жайгашкан кафесине кошумча ижара акысын төлөбөстөн пайдаланып келгендиги аныкталып, ижарадагы 130 кв. метр жер участогун пайдалангандыгы үчүн ижара акысын убагында төлөбөгөндүгү үчүн 115839 сом суммасындагы эсептелген туум (пеня) аудиттин жыйынтыгы боюнча жергиликтүү бюджетке которулду. Мындан сырткары, учурдагы аудиттин жүрүшүндө ММБДнын Москва көчөсүндөгү №188 имаратынын жанында жайгашкан №193, 195 жана 197 көп батирлүү үйлөрдүн биринчи этаждарында 15 соода, тамак-аш жана башка кызмат көрсөтүү объектилерине кирүү үчүн муниципалдык жер тилкелерине курулган курулушка уруксат берген документтери жана ижара келишими жок курулмалардын жана "Бишкекбашкыархитектура" муниципалдык ишканасы менен макулдашылбастан илинген жарнактардын бар экендиги белгилүү болду. Аудит учурунда жогорудагы мыйзамсыз курулуш объектилерине мыйзам чегинде чаралары көрүү үчүн ММБД тарабынан Бишкек шаарынын мэриясынын жер пайдаланууну көзөмөлдөө башкармалыгына 20.06.2024-ж. чыг. №4-2799 каты жөнөтүлгөн.

**Сунуштама** Жер пайдаланууну контролдоо боюнча башкармалыгы тарабынан жерди пайдалануу тартиптеринин сакталышы боюнча текшерүү иштеринин жыйынтыгында аныкталган кошумча пайдалануудагы жалпы аянты **9670,1** кв. метр 15 жер тилкесинен, арендатор Ч.Дж. Муйбиллаеванын 2010-жылдан бери ижара акысыз кошумча пайдалануусундагы ***<u>31 кв. метр</u>*** жер аянтынан жана Москва көчөсүндөгү №188 имаратынын жанында жайгашкан №193, 195 жана 197 көп батирлүү үйлөрдүн биринчи этаждарында 15 соода, тамак-аш жана башка кызмат көрсөтүү объектилерине кирүү үчүн муниципалдык жер тилкелерине курулган курулуш объектилеринен факт жүзүндө муниципалдык жер участокторун пайдалангандыгы үчүн ижара төлөмдөрүн өндүрүү жана илинген жарнактарды мыйзамга ылайык келтирүү боюнча иш-аракеттер жүргүзүлсүн.

**Жыйынтык.** ММБДнын аудитке берген маалыматы боюнча, 01.01.2023-жылга карата ижарага берилген жер участокторунун дебитордук карызы **963165,0** миң сомду түзгөн, дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча натыйжалуу иш-аракеттердин жоктугунан ижарадагы жер тилкелери боюнча ири өлчөмдөгү дебитордук карыздар көп жылдан бери 16 ижарачы боюнча өндүрүлбөстөн сакталып келүүдө.

**Сунуштама** 01.01.2023-жылга карата ижарага берилген жер участокторунун **963165,0** миң сом суммасындагы дебитордук карыздарын өндүрүү боюнча натыйжалуу иш-аракеттер жүргүзүлсүн.

**Аныкталды, жыйынтык.** ММБДнын аудитке берген маалыматы боюнча, 2022-жылы жеңилдетилген типтеги объекттер үчүн ижарага берилген жер участокторуна түзүлгөн 3726 келишим боюнча 155823,4 миң сом ижара төлөмү эсептелген, факт жүзүндө 174426,9 миң сом түшкөн, же эсептелген ижара төлөмүнөн 18603,5 миң сомго көп. Бул жеңилдетилген типтеги объекттер үчүн ижарага берилген жер участоктору боюнча

автоматташтырылган программалык эсептин жоктугунан, ижарачылар ижара акы боюнча толук төлөмдөрдү туруктуу негизде эмес, ижара келишимин узартууга кайрылган учурда гана жүргүзүүдөн жаралган.

Мисалы, жеке жак Байсалова С. 29.01.2021-жылдагы №2 ижара келишими боюнча соода павильонун иштетүү үчүн Ш.Руставели менен Ю.Гагарин көчөлөрүнүн кесилишинен 1жылдык мөөнөткө 1 айга 6220 сом ижара төлөмү менен алган 24 кв. метр жер участогу үчүн 2021-жылы 60,1 миң сом, 2022-жылы – 5,2 миң сом, жалпы 65,3 миң сом төлөгөн, анын ичинен: 43,0 миң сому же 65,8% ижара келишиминин мөөнөтү аяктаган мезгилге - 2021-жылдын ноябрь-декабрь айларына туура келет. 27.10.2023-жылы жаңы ижара келишими түзүлгөнгө чейин бул жер участогу ижарачы С. Байсалованын пайдалануусунда болгондугуна карабастан, 2021-жылдын 29-январынан баштап жаңы келишим түзүлгөнгө чейин 86,6 миң сом төлөнгөн, факт жүзүндө жер участкасын пайдалангандыгы үчүн ижара төлөмдүн суммасы 205,3 миң сомду (33-айга), же кошумча төлөнүүчү ижаранын суммасы **118,7** миң сомду түзөт.

**Сунуштама**

Жеңилдетилген типтеги объекттер үчүн ижарага берилген жер участоктору боюнча автоматташтырылган программалык эсеп жүргүзүлсүн.

Ижарачы С. Байсалованын факт жүзүндө пайдалануусундагы жер участогу үчүн 118,7 миң сом суммасында ижара төлөмү өндүрүлсүн.

***Муниципалдык турак эмес жайларды ижарага берүү, пайдалануусуна мониторинг жана төлөм эсептерин жүргүзүү маселелери***

**Аныкталды, жыйынтык**. Бишкек шаардык кеңешинин 23.04.2023-жылдагы №81 токтому менен бекитилген муниципалдык менчиктеги объектилердин реестринде 1803 объект көрсөтүлгөн. Бирок, реестрге катталган көпчүлүк объектилердин укук белгилөөчү документтери (мамлекеттик акт, имараттардын техникалык паспорттору) жок. Мында, № 3 рыноктук ижара акысы менен ижарага берилүүчү Бишкек шаарынын муниципалдык менчигинде турган кыймылсыз объекттердин тизмегинде катталган 181 объекттин, № 2 ишканаларга, уюмдарга жана мекемелерге, жеке жана юридикалык жактарга жеңилдетилген ижара акысы менен ижарага берилүүчү Бишкек шаарынын муниципалдык менчигинде турган кыймылсыз объекттердин тизмегине кирген 94 объекттин баланстык баасы боюнча маалыматтар жок жана ММБДнын балансына кабыл алынган эмес. Аудит учурунда пайдаланылбастан бош тургандыгы көрсөтүлгөн объекттердин айрымдарына жүргүзүлгөн кайчылаш аудитинин жыйынтыгы боюнча 4 объектинин чыныгы жайгашкан жери табылган жок, 3 объект коммерциялык багытта колдонулуп жаткандыгы аныкталды, аудит учурундагы эсептөөлөр боюнча жергиликтүү бюджеттин жалпы жоготуулары **757,7** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**

Муниципалдык менчиктин реестрине катталган объектилердин укук белгилөөчү документтерин (мамлекеттик акт, имараттардын техникалык

паспорттору) толук алуу иштери жүргүзүлсүн. № 3 тизмекте катталган 181 объекттин жана 2-тизмекке кирген 94 объекттин баланстык баасы такталып ММБДнын балансына кабыл алынсын.

**Аныкталды, жыйынтык.** ММБДнын жооптуу адистери тарабынан турак эмес жайлардын натыйжалуу пайдалануусу боюнча тийиштүү көзөмөлдүн жана иш-аракеттердин жоктугу, инвентаризация жүргүзүлбөгөндүгү жергиликтүү бюджеттин киреше булактарынын жоготууларына алып келген.

Аудит учурунда жүргүзүлгөн эсептөөлөр боюнча, пайдаланылбастан бош тургандыгы көрсөтүлгөн 92 объектиси боюнча базалык ижара акысында жүргүзүлгөн эсептөөлөр боюнча жергиликтүү бюджеттин жоготуулары **9474,5** миң сомду, муниципалдык менчиктин реестриндеги 1-тизмекке (ижара төлөмү жок чарба жүргүзүүгө, ыкчам башкарууга, мөөнөттүү кайтарымсыз пайдаланууга бериле турган объекттер) жана 2-тизмекке (жеңилдетилген ижара акысы менен ижарага берилүүчү объекттер) 38 объектинин шаар тургундары үчүн социалдык маанилүүлүгүн негиздебестен киргизүүнүн жыйынтыгында жергиликтүү бюджеттин жоготуулары **34890,0** миң сомду түзгөндүгүн белгилөөгө болот.

**Сунуштама.** Муниципалдык менчикте турган турак эмес жайлардын 130 объектисин натыйжалуу пайдалануу боюнча тийиштүү көзөмөл жана иш-аракеттер жүргүзүлүүсүн, жергиликтүү бюджеттин ижара төлөмдөрү боюнча эсеп менен 44364,5 миң сом суммасындагы жоготууларга алып келген кызматкерлердин жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды, жыйынтык.** Муниципалдык менчиктин реестриндеги 1-тизмекке кирген объектилердин айрымдарына максаттуу пайдалануусу боюнча жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгында жеке жактардын кызыкчылыгында пайдаланылуудагы объекттердин бар экендиги аныкталды.

"Совет старейшин" коомдук бирикмесине Чүй проспектисиндеги №67 үйүнүн 1-кабатынан 90,2 кв. метр аянттагы ижара акысыз кеңсе катары пайдаланууга берилген турак эмес жайы турак жай катары колдонулуп жаткандыгы белгилүү болду, бир жылга ижара акысы боюнча бюджеттин жоготуулары **234,9** миң сомду түзгөн. Ошондой эле, көп кабаттуу батирлерден "Бишкеклифт" муниципалдык ишканасына диспетчердик пункт катары пайдаланууга берилген 52 объектинин 21 объектиси турак жай катары пайдаланылып жаткандыгы белгилүү болду.

Аудиттин жүрүшүндө муниципалдык менчиктин реестриндеги №3 тизмекке кирген ижарадагы айрым объектилердин факт жүзүндө пайдалануусундагы аянттары келишимде көрсөтүлгөн аянттан бир топ жогору экендиги аныкталган, бул багытта ММБД тарабынан жеткиликтүү жүргүзүлгөн иш-аракеттердин жоктугунан жергиликтүү бюджеттин жоготууларына алып келгендигин белгилөөгө болот. Бишкек шаарынын Кумарык көчөсүндөгү №1а дарегинде жайгашкан жалпы аянты 260 кв. метр өзүнчө турган турак эмес жайынын ижарачысы А.А. Озубековдун ижара

төлөмүнүн эсебине кирбеген 572 кв. метр кампа жайы боюнча аудит мезгилине карата бюджеттин жоготуулары **49,7** миң сомду түзгөн.

**Сунуштама.** Муниципалдык менчиктеги турак эмес жайлардын максаттуу пайдалануусуна туруктуу негизде көзөмөл жүргүзүлсүн, максатсыз пайдалануудагы турак жайлар кайтарып алынсын. Бишкек шаарынын Кумарык көчөсүндөгү №1а дарегинде жайгашкан жалпы аянты 260 кв. метр өзүнчө турган турак эмес жайынын ижарачысы А.А. Озубековдон ижара төлөмүнүн эсебине кирбеген 572 кв. метр кампа жайы боюнча аудит мезгилине карата эсептелген 49,7 миң сом ижара төлөмү өндүрүлсүн.

**Аныкталды, жыйынтык** Ижарага берилген муниципалдык менчиктеги турак эмес жайлардын ижара акысы боюнча автоматташтырылган программалык эсептин жоктугунан, ижара төлөмү боюнча так эсептин жоктугун белгилөөгө болот. Аудит учурунда бири-бирине дал келбеген ар кандай суммадагы ижара төлөмдөрү боюнча маалыматтар берилди. 3-тизмекке кирген ижарадагы объектилердин 01.07.2022-жылга карата 19605,9 миң сом суммасындагы дебитордук карыздын 18856,2 миң сомун (96%) убагында төлөнбөгөн карыздар түзгөндүгүнө карабастан 4714,0 миң сом суммасында айып санкциялары эсептелген эмес. Ошондой эле, 01.07.2022-жылга карата муниципалдык менчиктеги объекттердин ижара төлөмдөрү боюнча жаңы түзүлгөн базасына Московская көчөсү 225 дарегинде жайгашкан аянты 189,7 кв. метр турак эмес жайынын ижара акысы боюнча Э.А. Маматовдун **608,4** миң сом суммасындагы жана Фере көчөсүнүн 32 “б” дареги боюнча жайгашкан өндүрүш базасынын ижара акысы боюнча С.М. Сыдыковдун **2121,0** миң сом суммасындагы дебитордук карыздары отчеттук маалыматтарда көрсөтүлбөй калган.

**Сунуштама.** Ижарага берилген муниципалдык менчиктеги турак эмес жайлардын ижара төлөмдөрү боюнча автоматташтырылган программалык эсеп жүргүзүлсүн, Московская көчөсү 225 дарегинде жайгашкан аянты 189,7 кв. метр турак эмес жайынын ижара акысы боюнча Э.А. Маматовдун 608,4 миң сом суммасындагы жана Фере көчөсүнүн 32 “б” дареги боюнча жайгашкан өндүрүш базасынын ижара акысы боюнча С.М. Сыдыковдун 2121,0 миң сом суммасындагы дебитордук карыздары эсепке алынсын.

***Муниципалдык турак жай фондунун эсеби жана абалы***

**Аныкталды, жыйынтык.** *Муниципалдык турак жай фондунун* эсебинде турган 113 “кызматтык турак жайынын” жашоочуларынын учурдагы колдонуу укуктары Бишкек шаардык кеңешинин 2018-жылдын 31-майындагы №67 токтому менен бекитилген “Муниципалдык турак жай фондун пайдалануу жана берүү тартиби жөнүндө” Жобонун 35 жана 42 пункттарында көрсөтүлгөн талаптарга туура келбейт (башка мамлекеттик органдарда, муниципалдык эмес мекемелерде жана жеке менчик ишканаларда иштегендер, пенсиядагылар, каза болгондордун бүлөлөрү), кызматтык турак жайлар аларга 2006-2012-жылдары бөлүнгөн. ММБД тарабынан жүргүзүлгөн көзөмөлдүн жана натыйжалуу иш-аракеттердин жоктугунан “фонддук” жана “ээсиз калган

(каза болгондон)” муниципалдык турак жайларга кирген Фучик көчөсүндөгү №18 үйдөн жалпы 686,44 кв.м 37 бөлмө жана Бишкек шаарынын башка аймактарында жайгашкан 4 үй жана 7 батир мыйзамсыз жеке жактардын пайдалануусунда болуп келүүдө.

Кыргыз Республикасынын Турак жай кодексинин 49 жана 53 беренелерине ылайык, *муниципалдык турак жай фондунун* эсебинде турган турак жайлар “мүлктүк жалдоо келишиминин объекти болуп саналат” жана муниципалдык турак жайды пайдаланганы үчүн акы төлөөнүн өлчөмү Бишкек шаардык кеңешинин 2018-жылдын 31-майындагы №67 токтому менен бекитилген “Муниципалдык турак жайды пайдалангандыгы үчүн төлөмдүн өлчөмүн (батир акысы) аныктоонун тартиби” боюнча жүргүзүлө тургандыгы көрсөтүлгөндүгүнө карабастан, ММБД тарабынан бүгүнкү күнгө чейин муниципалдык турак-жай фондусунун турак жайларын колдонуучулар менен жалдоо келишимдерин түзүү жана пайдалангандыгы үчүн батир акыларын төлөтүү иштери жүргүзүлбөй келүүдө.

**Сунуштама:**

Муниципалдык турак жай фондунун эсебинде турган 113 “кызматтык турак жайынын” жашоочуларынын учурдагы колдонуу укуктары Бишкек шаардык кеңешинин 2018-жылдын 31-майындагы №67 токтому менен бекитилген “Муниципалдык турак жай фондун пайдалануу жана берүү тартиби жөнүндө” Жобонун 35 жана 42- пункттарында көрсөтүлгөн талаптарга ылайык каралсын.

Жеке жактардын мыйзамсыз колдонуусундагы “фонддук” жана “өлгөндөн ээсиз калган” муниципалдык турак жайларга кирген Фучик көчөсүндөгү №18 үйдөн жалпы 686,44 кв.м 37 бөлмө жана Бишкек шаарынын башка аймактарында жайгашкан 4 үй жана 7 батирди кайтарып алуу жана мыйзамдын талаптарына ылайык муктаж болгондорго берүү иштери жүргүзүлсүн.

Кыргыз Республикасынын Турак жай кодексинин 49 жана 53- беренелерине жана Бишкек шаардык кеңешинин 2018-жылдын 31-майындагы №67 токтому менен бекитилген “Муниципалдык турак жайды пайдалангандыгы үчүн төлөмдүн өлчөмүн (батир акысы) аныктоонун тартибине” ылайык, муниципалдык турак-жай фондусунун турак жайларын пайдалануучулар менен жалдоо келишимдерин түзүү жана пайдалангандыгы үчүн батир акыларын төлөтүү иштери жүргүзүлсүн.

***Активдердин жана депозит каражаттарынын эсеби жана абалы***

**Аныкталды, жыйынтык.** ММБДнын 32151110 “Акция” баланстык эсебинде 01.01.2022-жылга карата 312,0 миң сом суммасында “Аманбанк” ААКнун акциялары турат. Бирок, 2022-жылы “Аманбанк” ААКнун акцияларын колдонуудан дивиденд алынган эмес. “Аманбанк” ААКсынын 31.12.2022-жылга карата Финансылык абалы жөнүндө отчетунда жалпы дивиденд төлөмү боюнча 1557,0 миң сом суммасында карыз көрсөтүлгөн.

**Сунуштама.** “Аманбанк” ААКсынын акциялары боюнча эсептелген дивиденддерди тактоо жана өндүрүү иштери жүргүзүлсүн.

**Аныкталды, жыйынтык.** Муниципалдык мекемелер негизги каражаттарды жоюу (ликвидация) актыларында аларды чыгыштоодон алынган металлдарды ар бир негизги каражат боюнча көрсөтпөстөн, жалпы салмагын көрсөткөн.

2022-жылы сатылган автотранспорт жана батирлерди приватизациялоодон түшкөн каражаттардын бөлүгү кечиктирилип 2023-жылы жергиликтүү бюджетке которулган. Ал эми, 19.12.2022-жылы өткөн аукциондо сатылган 35 автотранспорттон депозиттик эсепке түшкөн 2127,0 миң сомдун, 2022-жылы 1650,8 миң сому, 2023-жылы 361,5 миң сому которулган, жергиликтүү бюджетке которула элек калдыгы 114,7 миң сом.

**Сунуштама:**

Муниципалдык мекемелерде негизги каражаттарды жоюу (ликвидация) актыларында чыгыштоодон алынган металлдардын салмагын ар бир негизги каражат боюнча көрсөтүү камсыздалсын.

Муниципалдык автотранспортторду сатуудан жана батирлерди приватизациялоодон түшкөн акча каражаттарын өз убагында которуу көзөмөлгө алынсын жана депозит эсебинде бүгүнкү күнгө чейин турган 114,7 миң сом жергиликтүү бюджетке которулсун.

**Аныкталды, жыйынтык.** 2022-жылдын 31-декабрына карата ММБДнин депозит эсебинде 10 265,7 миң сом акча каражаты турат, анын ичинен 3 жылдан ашык талап кылынбаган акча каражаты 51,0 миң сомду түзөт. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-ноябрындагы №626 “Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө” токтомуна ылайык аудит учурунда 2024-жылдын 9-июлунда жергиликтүү бюджетке которулду (09.07.2024-жылдагы №395 төлөм тапшырыгы менен).

**Сунуштама.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-ноябрындагы №626 “Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө” токтомуна ылайык, 3-жылдан ашык талап кылынбаган акча каражаттарын бюджетке которуу иштери өз убагында жүргүзүлсүн.

**Бишкек шаардык бюджетинен каржыланган мекемелерге жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары**

***Бишкек шаарынын мэриясы***

**Аныкталды, жыйынтык.** 2022-жылдын 01-августундагы УП №266 ПЖ Кыргыз Республикасынын Президентинин “Мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” жарлыгынын 4-пунктунда иштин татаалдыгы, сапаты, иштин жыйынтыгы, кесиптик демилге көрсөткөндүгү жана ченемге салынбаган иштин режими учун Кыргыз Республикасынын республикалык маанидеги шаарларынын мэрияларынын жана жергиликтүү кеңештеринин муниципалдык кызматчылары үчүн кызматтык маянасына 50 пайызга чейинки өлчөмдө үстөк акы төлөө каралган. Бирок, үстөк акылардын өлчөмү

комиссияда каралбай эле баардык кызматкерлерге 50% өлчөмдө жалпысынан **5 843,6 мин сом** үстөк акы төлөнгөн.

**Сунуштама.** Эмгек акыга үстөк төлөмдөрү ченемдик актыларда белгиленген тартипте жүргүзүлсүн.

**Аныкталды, жыйынтык.** Бишкек шаардык мэриясынын 2022-жылдын 15-январь №3 токтомунун негизинде **“Бишкек жарнак” муниципалдык ишканасы** жоюлуп кеткен. Бирок, 2019-жылы кайтарымдуу кредит катары берилген 4000,0 мин сом (кайтаруу мөөнөтү 31.07.2021-жылга чейин), бүгүнкү күнгө чейин балансата өндүрүлө турган карыз катары көрсөтүлүп келүүдө.

**Сунуштама. “Бишкек жарнак” муниципалдык ишканасы** жоюлуп кеткендигине байланыштуу, 2019-жылы кайтарымдуу кредит катары берилген 4000,0 мин сомду балансата өндүрүлө турган карыз катары көрсөтүү маселеси каралсын.

**Бишкек шаардык кеңеши**

**Аныкталды, жыйынтык.** Бишкек шаардык кеңешинин “Керемет банк” ААКсындагы эмгек акы эсебинде 2022-жылдын аягына 276,8 миң сом ашыкча которулган акча каражаттары калып, анын 253,0 миң сому 2023-жылдын 12-январындагы №1 каражаттарды кредиттөө боюнча жыйынды баракчасы менен берилген, калган 23,8 миң сом акча каражаты жергиликтүү бюджетке кайтарылбастан, 2023-жылдын 17-апрелиндеги №77 төлөм тапшырыгы боюнча Бишкек шаардык кеңешинин бюджет эсебине кайтарылып, учурдагы чыгымдарга иштетилип кеткен.

**Сунуштама.** 2022-жылдын жыйынтыгы боюнча бюджет эсебинде калып 2023-жылга иштетилген 23,8 миң сом Бишкек шаардык кеңешинин 2024-жылга сметасынан кыскартылсын.

**Аныкталды, жыйынтык.** 2022-жылдын жыйынтыгы боюнча мамлекеттик социалдык камсыздандыруу фондуна - **1951,4** миң сом, салык кирешесине - **581,3** миң сом ашыкча төлөм жүргүзүлгөн.

**Сунуштама.** Социалдык камсыздандыруу төгүмдөрүнө жана салык кирешесине ашыкча төлөм жүргүзүүгө жол берилбесин.

**Бишкек шаарын өнүктүрүү жана инвестицияларды тартуу агенттиги**

**Аныкталды, жыйынтык.** Бишкек шаарынын мэриясынын мамлекеттик-жеке өнөктөштүк (МЖӨ) долбоорлорун ишке ашыруунун алкагында “Бишкек шаарынын жолдорунун жээгинде муниципалдык унаа токтоочу жайларды уюштуруу”, ”Шаардык транспортту жакшыртуу” жана “Бишкек шаарында мектепке чейинки мекемелерин куруу” долбоорлору боюнча даярдалган техникалык-экономикалык негиздемелер жеткиликтүү иштелип чыкпагандыктан, бүгүнкү күнгө чейин бул долбоорлор ишке ашырылбай келүүдө. Бул үч долбоордун техникалык-экономикалык негиздемелерин даярдоого тандап алынган консультанттарга Кыргыз Республикасынын Экономика министрлиги аркылуу республикалык бюджеттин эсебинен 31 806,1 миң сом чыгымдалган, анын ичинен: “Бишкек

шаарынын жолдорунун жээгинде муниципалдык унаа токтоочу жайларды уюштуруу” долбооруна 8709,6 миң сом, ”Шаардык транспортту жакшыртуу” долбооруна 13476,1 миң сом жана “Бишкек шаарында мектепке чейинки мекемелерин куруу” долбооруна 9620,3 миң сом.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 17-мартындагы №147 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик-жеке өнөктөштүктүн долбоорлорун даярдоону каржылоо фонду жөнүндө” Жобонун 8-пунктуна ылайык, мамлекеттик-жеке өнөктөштүк долбоорун даярдоого жумшалган 31 806,1 миң сом акча каражаты жеке өнөктөш тарабынан кайтарылыш керек болчу. Бирок, бул үч долбоордун техникалык-экономикалык негиздемелерин даярдоого кеткен 31806,1 мин сом каражаты Агенттиктин балансына алынган эмес, Агенттик жоюлгандыгына байланыштуу Мэриянын тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрүнө өткөрүп берүүгө жатат.

**Сунуштама.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 17-мартындагы №147 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик-жеке өнөктөштүктүн долбоорлорун даярдоону каржылоо фонду жөнүндө” Жобонун 8-пунктуна ылайык, мамлекеттик-жеке өнөктөштүк 3 долбоорун даярдоого жумшалган 31 806,1 миң сом каражаты Мэриянын тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрүнүн балансына өткөрүлүп берилсин жана бул долбоорлорду ишке ашыруу жана кеткен чыгымдарды жеке өнөктөштөрдөн кайтарып алуу боюнча натыйжалуу иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**Эмгек акы чыгымдары боюнча укуктук ченемдик актыларга дал келбестиктер**

**Аныкталды, жыйынтык**

Бишкек шаарынын мэриясынын **Билим берүү башкармалыгында** Бишкек шаарынын мэриясынын 2019-жылдын 4-февралындагы № 29 “Бишкек шаарынын мэриясынын башкармалыктарынын түзүмү жана штаттык саны жөнүндө” токтомунда каралган штаттык бирдиктерден сырткары 1 Архивариустун штат бирдигине 383,5 миң сом суммасында эмгек акы эсептелген, анын ичинде Соцфондго чегерүүлөр 49,4 миң сом.

**Сунуштама:** Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү башкармалыгында штаттык бирдиктерин күтүү Бишкек шаарынын мэриясынын 2019-жылдын 4-февралындагы №29 “Бишкек шаарынын мэриясынын башкармалыктарынын түзүмү жана штаттык саны жөнүндө” токтомунда бекитилген штаттык санга ылайык жүргүзүлсүн.

**Аныкталды, жыйынтык**

**Социалдык өнүктүрүү департаментинин “Зордук-зомбулуктун жана ырайымсыздыктын курмандыгы болгон балдарга жардам көрсөтүү борборунда** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 19-апрелиндеги №170 “Социалдык коргоо тутумунун кызматкерлеринин айрым категорияларын эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомун бузуу менен бухгалтердин кызматтык маянасынын өлчөмү (тейленүүчүлөрдүн санына жараша аныкталат) бекитилген 5,1 миң сомдун ордуна 6,0 миң сом

туура эмес аныкталып, ашыкча 2021-жылга жана 2022-жылдын январь-март айларына жалпы 15,8 миң сом төлөнгөн.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №184 Кыргыз Республикасынын калкын социалдык камсыздоо системасынын кызматкерлерине эмгек акы төлөөнун шарттары жөнүндө токтому менен үй-бүлөлөргө жана балдарга социалдык кызмат көрсөтүүчү борборлордун кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары каралган эмес.

**Сунуштама:**

Штаттык тизмекти түзүүдө жана бекитүүдө кызматкерлердин кызматтык маяналарын белгилөө боюнча ченемдик укуктук актылардын сакталышы камсыздалсын.

Кыргыз Республикасынын калкын социалдык камсыздоо системасынын кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттарына толуктоолорду киргизүү маселелери каралсын.

**Аныкталды, жыйынтык**

**Дезинфекция боюнча станциясында** Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 74-беренесин бузуу менен кызматкер убактылуу жок болгондо 3 айдан ашуун убакытта (2021-жылдын 21-октябрынан 2022-жылдын 2-августуна чейин) вакантгык кызмат орду (директордун) боюнча милдеттерин бөлүм башчы аткарган. Эмгек келишими айкалыштырып иштегендиги үчүн түзүлгөн эмес.

**Сунуштама**

Убактылуу жумуш ордун ээлөө ченемдери бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 74-беренесинин аткарылышы камсыздалсын.

Кызматкердин арызы боюнча иш берүүчү менен айкалыштырып иштегендиги үчүн эмгек келишимдер түзүлсүн.

**Аныкталды, жыйынтык**

Эмгек кодексинин 99-беренесинде белгиленген жумуш убактысынын ченемдүү узактыгынын чегинен (0,5 ставка) тышкары айкалыштырып иштегендиги үчүн **А. Каниметов атындагы №1 жалпы билим берүүчү гимназия интернатында** 22 кызматкер-мугалимге кошумча 756,6 миң сом, **“Дельфин” сууда сүзүү, заманбап пятиборьеси, фехтование, дзюдо жана триатлону боюнча олимпиадалык резервдин адистештирилген балдар-өспүрүмдөр мектебинде -77,0** миң сом төлөнгөн.

**“Дельфин” сууда сүзүү, заманбап пятиборьеси, фехтование, дзюдо жана триатлону боюнча олимпиадалык резервдин адистештирилген балдар-өспүрүмдөр мектебинде -**18,5 миң сом директордун эмгек акысына ашыкча которулуп кайра кайтарылган.

**Жеке турак жай курулушу жана шаар куруу департаментинде** эмгек акыга ашыкча төлөмдөр 65,4 миң сомго жүргүзүлгөн, аудит учурунда 33,9 миң сом ордуна коюлган, 31,5 миң сом ордуна коюла элек.

**№19 МАБ** кызматкерлерге эсептелген эмгек акыдан ашыкча 75,7 миң сом карталык эсебине которулган.

**Жеке турак жай курулушу жана шаар куруу департаментинде**-кызматкерге эмгек өргүү 9,4 миң сомго аз эсептелген.

№5 Муниципалдык аймактык башкармалыгында эмгек акы эсептеген ведомосттордо банк аркылуу төлөнгөн акча каражаты көрсөтүлбөгөндүктөн, эмгек акынын так эсеби жок.

**Сунуштама.** Мындан ары, **А. Каниметов атындагы №1 жалпы билим берүүчү гимназия интернаттын**, **“Дельфин” сууда сүзүү, заманбап пятиборьеси, фехтование, дзюдо жана триатлону боюнча олимпиадалык резервдин адистештирилген балдар-өспүрүмдөр мектебинде** кызматкерлеринин айкалыштырып иштөөсүндө Кыргыз Республикасынын эмгек кодексинин талаптары сакталсын.

**“Дельфин” сууда сүзүү, заманбап пятиборьеси, фехтование, дзюдо жана триатлону боюнча олимпиадалык резервдин адистештирилген балдар-өспүрүмдөр мектебинде, Жеке турак жай курулушу жана шаар куруу департаментинде жана №19 МАБ** эсептелген эмгек акыдан ашык төлөмгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

**№19 МАБ** кызматкерлерге эсептелген эмгек акыдан ашыкча карталык эсебине которулган 75,7 миң сомду калыбына келтирүү боюнча иш жүргүзүлсүн.

**Жеке турак жай курулушу жана шаар куруу департаментинде**- аз эсептелген эмгек өргүүгө 9,4 миң сом (Беккелдиевага Ж.Р) жеткире эсептелсин жана ашыкча эсептелген 31,5 миң сомду калыбына келтирилсин.

№ 5 Муниципалдык аймактык башкармалыгында эмгек акыны эсептөөлөр өз учурунда жана так жүргүзүлсүн.

**Укуктук ченемдик актыларда каралбаган сый акы төлөмдөрү төмөндөгү мекемелерде аныкталган:**
**Транспорт жана жол-транспорттук инфратүзүмдү өнүктүрүү департаментинде -2038,1** мин сом (*895,9 миң сом тейлөөчү кызматкерлерге*); **Көрктөндүрүүнү контролдоо боюнча муниципалдык инспекциясында-** 1287,8 миң сом **(***463,5 миң сом тейлөөчү кызматкерлерге*), **Капиталдык курулуш башкармалыгында-** 1611,0 мин сом (*тейлөөчү кызматкерлерге 121,2 миң сом*); **Коомдук мамлекеттик капиталдык курулуш башкармалыгында -** 1704,9 миң сом (70,4 миң сом тейлөөчү кызматкерлерге материалдык жардам**); Жер пайдаланууну контролдоо боюнча башкармалыгында** – 2845,6 миң сом, **Муниципалдык мүлктү башкаруу боюнча департаментинин алдындагы "Бишкек токтотмолору жана унаа турууктары"** муниципалдык ишканасында -538,7 мин сом, **Билим берүү департаментинде -** 250,0 миң сом, **Шаардык чарба департаментинде -** 1850,0 миң сом, **№11 Муниципалдык аймактык башкармалыгында** – 674,1 миң сом (2022-ж. -132,6 миң сом, 2019-2021-жж. -541,5 миң сом), **Жеке турак жай курулушу жана шаар куруу департаментинде**-205,0 миң сом, **А. Умуралиев атындагы Бишкек шаардык драма театрында**-1212,3 миң сом.

Ошондой эле, эмгек акы фондун үнөмдөөнүн эсебинен дем берүүчү төлөмдөр жана үстөк акылар жүргүзүлгөн: **Бишкек шаарынын мэриясынын ички аудит башкармалыгында -** 25,6 миң сом, **Бишкек шаарынын мэриясынын мобилизацияланган резервинин материалдарын сактоо кызматы" мекемесинде -** 112,5 миң сом жана **Бишкек шаарын өнүктүрүү жана инвестицияларды тартуу агенттигинде**-126,2 миң сом.

**Сунуштама:**

Эмгек акыга үстөк жана сый акы төлөмдөрү ченемдик актыларда белгиленген тартипте жүргүзүлсүн жана ченемдик актыларда каралбаган үстөк жана сый акы төлөмдөрүн жүргүзүүгө жол берген жооптуу кызматкерлердин жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды, жыйынтык.** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы № 266 ПЖ "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгын бузуу менен эмгек акы фондун үнөмдөөнүн эсебинен дем берүүчү жана сый акы төлөмдөрү жүргүзүлгөн, **Муниципалдык мүлктү башкаруу боюнча департаментинде** -7064,7 миң сом, Алтын-Булак пансионаты муниципалдык мекемесинде-156,0 миң сом, **Октябрь райондук билим берүү борборунда**-709,8 миң сом, **Биринчи Май районунун муниципалдык администрациясында -**2643,4 миң сом, **Октябрь районунун муниципалдык администрациясында-**102,6 миң сом, **Улуттук жана үстөл оюндары боюнча олимпиадалык резервдин адистештирилген балдар-өспүрүмдөр мектебинде** -529,0 миң сом, **Бишкек шаарынын мэриясынын административдик райондорунун муниципалдык аймактык башкармалыктарында №13** МАБ - 294,1 миң сом, **№14** МАБ - 419,6 миң сом, **№15** МАБ - 117,0 миң сом, **№ 16** МАБ - 323,6 миң сом (Биринчи май району), **№19** МАБ - 808,5 миң сом (Свердлов району) **№6** МАБ -108,3 миң сом, **№7** МАБ -129,2 миң сом, **№8** МАБ -107,4 миң сом,- **№9**-104,9 миң сом, **№ 10** -103,5 миң сом, **№11** МАБ -132,6 миң сом ( Октябрь району).

**Сунуштама:** Эмгек акы фондун эсептөө Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 ПЖ "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгына ылайык жүргүзүлсүн.

**Аныкталды, жыйынтык. Биринчи Май районунун муниципалдык администрациясында** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 28-мартындагы №207 токтому менен бекитилген "Жашыруун мүнөздөгү иш жана жашыруун иш кагаздарын жүргүзүү үчүн мамлекеттик бийлик, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, ишканалардын, уюмдардын, мекемелердин жумушчуларынын жана кызматчыларынын кызмат маяналарына проценттик үстөктөрдү төлөөнүн тартиби жана шарттары жөнүндө" Нускаманын 1.7. пунктун бузуу

менен мамлекеттик сырды түзүүчү маалыматтарга карата уруксат берүү буйругу жана картасы жок 25% үстөк акы 56,1 мин сом төлөнгөн.

Мындан сырткары, **А. Умуралиев атындагы Бишкек шаардык драма театрында** негизсиз үстөк акы айкалыштырып иштегендиги үчүн 141,5 миң сом төлөнгөн.

**Сунуштама:**

- Эмгек акыга үстөк жана сый акы төлөмдөрү ченемдик актыларда белгиленген тартипте жүргүзүлсүн жана ченемдик актыларда каралбаган үстөк жана сый акы төлөмдөрүн жүргүзүүгө жол берген жооптуу кызматкерлердин жоопкерчиликтери каралсын.

Эмгек акыга үстөк төлөмдөрү ченемдик актыларда белгиленген тартипте жүргүзүлсүн.

**Аныкталды, жыйынтык**

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтому менен бекитилген "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө"** Жобонун 3-4-пункттарын бузуу менен жумуш орундары аттестацияланбастан жана зыяндуу эмгек шарттарында, анын ичинде компьютерде иштегендиги үчүн 2022-жылы эмгек акыга кошумча төлөмдөр жүргүзүлгөн, анын ичинде:

Бишкек шаардык кеңеши - 182,2 миң сом, Социалдык өнүктүрүү департаменти -272,8 миң сом, **Муниципалдык мүлктү башкаруу боюнча** Департаменти - 1234,5 мин сом, Бишкек шаарынын мэриясынын транспорт жана жол-транспорттук инфратүзүмдү өнүктүрүү департаментинде -852,4 миң сом, Биринчи май райондук билим берүү башкармалыгында-6419,2 миң сом (анын ичинде БЧБ (ЦДТ) - 34,9 миң сом, жалпы билим берүү уюмдарында 5145,1 миң сом, мектепке чейинки билим берүү уюмдарында -1128,4 миң сом), И.В. Панфилов атындагы № 6 автордук окуу-тарбия комплекс мектеп-гимназиясында -89,1 миң сом, №70 окуу тарбия комплекс мектеп-гимназиясында-284,8 миң сом, Е.Б. Якир атындагы №61 автордук физика-математикалык мектеп-лицей окуу комплексинде -222,2 миң сом, Биринчи Май районунун муниципалдык администрациясынын "Ак Илбирс" олимпиадалык резервдеги адистештирилген балдар-өспүрүмдөр мектеби -15,7 миң сом; Октябрь райондук билим берүү борборунда-1902,4 миң сом, "Аялзат" үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркаган аялдарга жардам берүү борбору" ММ 2021-2022-жылдары – 214,8 миң сом, Биринчи Май районунун муниципалдык администрациясы -105,2 миң сом, №29 окуу-тарбия комплекс мектеп-гимназиясында -15,0 миң сом, Муниципалдык аймактык башкармалыктарында №12 -28,3 миң сом, №13 -22,8 миң сом, № 14- -22,6 миң сом, №16 -23,4 миң сом Биринчи май району)-, МАБ №6-33,9 миң сом, №7 -18,6 миң сом, №8 -24,9 миң сом. 206,7 миң сом, № 9 -71,6 миң сом, № 10 -20,3 миң сом (Октябрь району), МАБ №19-221,9 миң сом.

**Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-августундагы №474 "Бюджеттик чөйрөнүн**

**кызматкерлеринин эмгек акы төлөө шарттарын жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө токтомун** бузуу менен Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын Типтүү тизмегине кирбеген (2022-жылдын 1-августунан тартып) кошумча акы төлөө жүргүзүлгөн, анын ичинде:

**Бишкек шаарынын мэриясында - 292,9** мин сом, **Саламаттыкты сактоо башкармалыгынын аппаратында**-332,6 миң сом, **Шаардык саламаттыкты сактоо башкармалыгынын автобазасында** -206,7 миң сом, **Социалдык өнүктүрүү департаментинде**-20,8 миң сом, **"Аяр" мүмкүнчүлүгү чектелгендер үчүн шаардык реабилитациялык борборунда**-65,1 миң сом, **Бишкек шаардык дезинфекциялоо станциясында**-602,6 миң сом.

**Бильярд жана велосипед спорттору боюнча олимпиадалык резервдин адистештирилген балдар-өспүрүмдөр мектебинде** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №185 Маданият, искусство, маалымат жана спорт мекемелеринин кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө токтомун бузуу менен эмгек акы стажына үстөк акы 4,1 миң сомго ашыкча эсептелген.

**Сунуштама**

- Эмгек акыга үстөк жана сый акы төлөмдөрү ченемдик актыларда белгиленген тартипте жүргүзүлсүн жана ченемдик актыларда каралбаган үстөк жана сый акы төлөмдөрүн жүргүзүүгө жол берген жооптуу кызматкерлердин жоопкерчиликтери каралсын, Эмгек акыга үстөк төлөмдөрү ченемдик актыларда белгиленген тартипте жүргүзүлсүн.

**Аныкталды, жыйынтык.**

**Билим берүү департаментинде** 2022-жылы "Соттун чечимдерин аткаруу" 2823-беренеси боюнча 106,2 миң сомго чыгашалар жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:** Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 26-беренесинин 4 жана 6-пункттарына ылайык, укукка сыйбаган аракеттерди түздөн-түз жасаган адамга кайтарма талаптар (регресс) коюлуусу жана Билим берүү башкармалыгы (департамент) 106,2 миң сом чыгашалардын ордун толтуруу камсыздалсын.

**Ашыкча каржылоо, максатсыз чыгымдалган каражаттар:**

**Бишкек шаарынын мэриясынын транспорт жана жол-транспорттук инфратүзүмдү өнүктүрүү департаментинде**

2022-жылга карата Кытай Эл Республикасынын "ZHONGTONG BUS HOLDING CO.LTD" компаниясынан 120,0 даана автобус сатып алууга каралган 1,0 млрд сом акча каражатынын эсебинен, Бишкек шаардык мэриясынын 2022-жылдын 5-апрелиндеги №27 токтомунун 8-пунктунун талаптары сакталбастан 20411,5 мин сомго ашыкча каржылоого жол берилип, анын ичинен 16666,6 мин сом максатсыз чыгымдалган. Ал эми, 3744,9 миң сом калдыгы расчеттук эсебине жайгаштырылган.

Бишкек шаардык бюджетинен 2022-жылы "**Бишкек троллейбус башкармалыгы"** муниципалдык ишканасына -27671,4 миң сомго, **"Бишкек жүргүнчүлөр автотранспорт ишканасы" муниципалдык ишканасына -** 73360,5 миң сом субсидия иш жүзүндөгү чыгымдарды эске алынбастан ашыкча каржыланган.

**"Бишкек жашыл чарба" муниципалдык ишканасына** Бишкек шаарынын мэриясынын 2022-жылдын 15-ноябрындагы №227-т тескемесинин негизинде муниципалдык ишканалардын кызматкерлерине керектөө товарларына жана кызмат көрсөтүүлөргө карата баалардын өсүү шарттарында материалдык колдоо көрсөтүү үчүн кошумча 14 464,8 миң сом каралып, бөлүнүп берилген. Бирок, иш жүзүндө 2022-жылдын 1-октябрынан 31-декабрына чейин "Бишкек жашыл чарба" МИсы тарабынан кызматкерлерге жана жумушчуларга 8 655,1 миң сом гана төлөнүп берилген, калган 5 809,7 миң сом башка максаттарга жумшалып кеткен. Демек, "Бишкек жашыл чарба" муниципалдык ишканасында бюджеттик каражаттарды **максатсыз** чыгымдоо 5 809,7 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**

1. "2022-жылга карата Бишкек шаарынын бюджетин бекитүү жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө" Бишкек шаардык кеңешинин 2022-жылдын 5-апрелиндеги №27 токтомунун 8-пунктуна ылайык Бишкек шаардык бюджетке кайтарылсын:

- **Бишкек шаарынын мэриясынын транспорт жана жол-транспорттук инфратүзүмдү өнүктүрүү департаментинен** максатсыз пайдаланылган 16666,6 миң сом жана расчеттук эсебиндеги пайдаланылбай калган 3744,9 мин сом;

-**"Бишкек жашыл чарба" муниципалдык ишканасынан** максатсыз пайдаланылган **5809,7 миң сом.**

2. Субсидияга ашыкча каржыланган **Бишкек троллейбус башкармалыгынан** -27671,4 мин сом, **"Бишкек жүргүнчүлөр автотранспорт ишканасы"** муниципалдык ишканасынан -73360,5 миң сом.

3. Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 130-беренесине ылайык, "**Бишкек жашыл чарба" муниципалдык ишканасында 5809,7 миң с**омго, **Бишкек шаарынын мэриясынын транспорт жана жол-транспорттук инфратүзүмдү өнүктүрүү департаментинде** 16666,6 миң сомго бюджеттик каражаттардын максатсыз пайдаланылышына жана өздөштүрүлбөгөн 3744,9 миң сомду бюджетке кайтарууну камсыз кылбагандыгы үчүн, **Бишкек троллейбус башкармалыгында -** 27671,4 мин сомго, **"Бишкек жүргүнчүлөр автотранспорт ишканасы" муниципалдык ишканасында -**73360,5 миң сомго ашыкча каржылоого жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Сунуштама**

Бишкек шаардык бюджетке кайтарылсын жана максатсыз пайдаланылышына жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды, жыйынтык**

**Социалдык өнүктүрүү департаментинде** Даректүү социалдык жардам берүүгө каралган каражаттар максатсыз пайдаланылган, Бишкек шаардык кеңешинин 2012-жылдын 12-июнундагы №316 токтому менен бекитилген Бишкек шаарынын жарды жана жеңилдик алууга укугу бар тургундарына даректүү социалдык жардам берүү тартиби жөнүндө Жобонун талаптарын бузуу менен даректүү социалдык жардам берүүгө каралган каражаттардын эсебинен Бишкек шаардык прокуратурасына жашылдандыруу үчүн 2215 “Башка товарларды жана кызматтарды сатып алуу” беренеси боюнча 100,0 миң сом которулган.

**Шаардык саламаттыкты сактоо башкармалыгынын “Наристелер сүтканасы” мекемесинде** 10,9 миң сом каражаттар максатсыз пайдаланылган, 2215 “Башка тейлөө кызматтарын алуу” беренесинен 2217 “Медициналык товарларды жана кызматтарды сатып алуу” беренеси боюнча чыгымдалган.

**Сунуштама:**

**1. Бишкек шаардык бюджетке кайтарылсын:**

"2022-жылга карата Бишкек шаарынын бюджетин бекитүү жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө” Бишкек шаардык кеңешинин 2022-жылдын 5-апрелиндеги токтомунун 8-пунктуна ылайык, максатсыз пайдаланылган Социалдык өнүктүрүү департаментинде 100,0 миң сом, Шаардык саламаттыкты сактоо башкармалыгынын “Наристелер сүтканасы” мекемесинде 10,9 миң сом.

2. “2022-жылга карата Бишкек шаарынын бюджетин бекитүү жана 2023-2024-жылдарга болжолу жөнүндө” Бишкек шаардык кеңешинин 2022-жылдын 5-апрелиндеги токтомунун 4-пунктуна ылайык Социалдык өнүктүрүү департаментинде 100,0 миң сом каражаттардын максатсыз пайдаланылышына жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды, жыйынтык.**

Социалдык өнүктүрүү департаментинин Социалдык жатаканасы муниципалдык мекемесинин, Бишкек шаардык дезинфекциялык станциясынын жана Зордук-зомбулуктун жана ырайымсыздыктын курмандыгы болгон балдарга жардам көрсөтүү борбору муниципалдык мекемесинин штаттык тизмектери уюштуруучу тарабынан бекитилген эмес.

Саламаттык сактоо башкармалыгынын Борборлоштурулган иш чаралар боюнча аппараттын чыгашалар сметасынын түзүлүшү жана чыгымдалышы, бюджеттик каражаттарды пайдаланууну регламенттеген ченемдик документсиз жүзөгө ашырылат.

**Сунуштама:**

1. Социалдык өнүктүрүү департаментинин Социалдык жатаканасында, Бишкек шаардык дезинфекциялык станциясында, Зордук-зомбулуктун жана ырайымсыздыктын курмандыгы болгон балдарга жардам көрсөтүү борбору

муниципалдык мекемесинде штаттык тизмектери уюштуруучу тарабынан бекитилсин.

2. Саламаттык сактоо башкармалыгынын Борборлоштурулган иш чаралар боюнча аппараттын “Борборлоштурулган иш-чараларды” жүргүзүүгө бюджеттен каралган акча каражаттарын натыйжалуу жана сарамжалдуу пайдалануу максатында иш-чараларды өткөрүүнүн жана төлөөлөрдүн тартибин жөнгө салуучу ченемдик документти иштелип чыксын.

**Аныкталды, жыйынтык**

Бишкек шаарынын мэриясынын “**Шаардык саламаттык сактоо башкармалыгынын автобазасы**” жана **Наристелер сүтканасы** мекемелери үчүн, **Бишкек шаардык дезинфекциялык станциясында** дезинфекторлор үчүн иштелип чыккан жана бекитилген штаттык ченемдер жок.

Техникалык жактан тейлөөчү кызматкерлерге кирген айрым кызмат орундарынын аталыштары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №182 Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө токтомунда белгиленген тизмекте каралган эмес (2022-жылдын 1-апрелинен тартып күчүнө кирген).

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №182 Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо уюмдарынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө токтомунда каралган Техникалык жактан тейлөөчү кызматкерлерге кирген кызмат орундарынын аталыштарын тизмекке киргизүү сунушталсын.

-

**“Гнездышко” №47 мектепке чейинки билим берүү уюму**

**Аныкталды, жыйынтык** 2023-жылдын 8-декабрына саат 16.00гө карата абал боюнча эсептөөнүн жыйынтыктары боюнча иш жүзүндө 174 бала бар экендиги белгиленген.

Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин Маалыматтык системасынан берилген маалыматтарга ылайык, кабыл алынган балдардын саны 317 баланы түздү.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 23-июлундагы №336 «Билим берүү уюмдарынын болжолдуу типтүү штаттарын бекитүү жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерин күчүн жоготту деп таануу жөнүндө» токтомунун 6-пунктун бузуу менен, мектепке чейинки билим берүү уюмдарындагы топторду толуктоонун чеги 3 жаштан баштап жана андан жогору – 30 адамга чейинки мектепке чейинки топтордо белгиленген, Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлигинин маалыматтык системасына ылайык кабыл алынган балдардын саны белгиленген ченемден ашат.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 23-июлундагы №336 «Билим берүү уюмдарынын болжолдуу типтүү штаттарын бекитүү жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн айрым чечимдерин күчүн жоготту деп таануу жөнүндө» токтомунун негизинде 3 жаш жана андан

жогорку жаштагы мектепке чейинки топторду толуктоонун чегине жана катышына көзөмөл жүргүзүлсүн.

**№26 мектеп-гимназия окуу-тарбиялоо комплекси**

**Аныкталды, жыйынтык.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 20-сентябрындагы №563 токтому менен бекитилген "Жалпы билим берүүчү уюмдарында кошумча билим берүү кызматтары жөнүндө" Жобону бузуу менен атайын эсептин каражаттарынан кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтүүгө катышпаган башка персоналдарга (камсыздоо боюнча менеджер, катчы, имаратты тейлөөчү кызматкер) 459,9 миң сом кошумча төлөмдөр жүргүзүлгөн, анын ичинде: эмгек акыга 392,3 миң сом, Социалдык фондго чегерүүлөр - 67,6 миң сом.

**Сунуштама.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 20-сентябрындагы №563 токтому менен бекитилген "Жалпы билим берүүчү уюмдарында кошумча билим берүү кызматтары жөнүндө" Жобонун атайын эсептин каражаттарынан кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтүүгө катышкан административдик-чарбалык кызматкерлерге айлык акы эсептөө бөлүгүндө талаптары сакталсын.

**№62 мектеп-гимназия окуу-тарбиялоо комплекси**

Жалпы билим берүү мектептеринин атайын эсептеги киреше булагын Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 20-сентябрындагы №563 токтому менен бекитилген "Жалпы билим берүүчү уюмдарында кошумча билим берүү кызматтары жөнүндө" Жобого ылайык, 2021-2022 жана 2022-2023-окуу жылдарына мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүүчү уюмдары тарабынан көрсөтүлүүчү кошумча билим берүү кызматтарына баалардын прейскуранттарын бекиткен КР Билим берүү жана илим министрлиги буйруктары боюнча окуучуларга кошумча билим берүүдөн ата-энелерден түшкөн төлөмдөр түзөт. Жобонун 25-пунктунда көрсөтүлгөн эмгек акыга түшкөн каражаттын 70% чейинки бөлүгүн иштетүү талабы сакталган эмес, иш жүзүндө 71% - 853,4 мин сом төлөм жүргүзүлгөн.

**Сунуштама.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 20-сентябрындагы №563 токтому менен бекитилген "Жалпы билим берүүчү уюмдарында кошумча билим берүү кызматтары жөнүндө" Жобонун кошумча билим берүү каражаттарынан түшкөн каражаттарды пайдалануу тартиби бөлүгүндө талаптары сакталсын.

**№26 Мектеп-гимназиясында жана №62 мектеп-гимназия окуу-тарбиялоо комплекстеринде** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 20-сентябрындагы №563 токтому менен бекитилген "Жалпы билим берүүчү уюмдарында кошумча билим берүү кызматтары жөнүндө" Жободо белгиленген класс-комплекттерди толтуруу чеги сакталган эмес.

**Сунуштама**

**№26 жана №62 мектеп-гимназия окуу-тарбиялоо комплекстеринде** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 20-сентябрындагы №563 токтому менен бекитилген "Жалпы билим берүүчү уюмдарында кошумча

билим берүү кызматтары жөнүндө” Жободо белгиленген класс-комплекттерди толтуруу чеги сакталсын.

**Бухгалтердик эсеп жана отчеттуулукту жүргүзүүдөгү бузуулар**

**Аныкталды, жыйынтык**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптарын бузуу менен автоматташтырылган бухгалтердик программасы менен бухгалтердик баланс эсебиндеги айырмаларды түзүлүшү; материалдык жоопкерчилик жөнүндө келишимдердин жана жылдын аягына карата дебитордук жана кредитордук карыздар боюнча салыштыруу актыларынын түзүлбөгөндүгү, төлөө мөөнөтү өткөн дебитордук карыздардын пайда болушуна жол берилгендиги төмөндөгү мекемелерде аныкталган:

Е.Б. Якир атындагы №61 автордук физика-математикалык мектеп-лицей окуу комплексинде 2022-жылдын 1-январына жана 2022-жылдын 31-декабрына карата балансы боюнча атайын каражаттардын эсебинен эскирүү мөөнөтү жеткен төмөнкү карыздар эсептелген:

32174 «Төлөнгөн ички аванстар» 29,9 миң сомго (запастар), 33174 «Төлөөгө эсептер» эсеби боюнча 167,3 миң сом суммага дебитордук карыз 2019-жылдан тартып;

Учурунда контрагенттер менен бухгалтердик кызмат (бухгалтер) тарабынан ар жылдын 31-декабрына карата дебитордук жана кредитордук карыздардын калдыктарын жазуу жүзүндө салыштырып текшерүү жүргүзүлгөн эмес;

Кабыл алуу-өткөрүп берүүнү жүргүзүүдө (башкы бухгалтерди ээлеген кызмат ордунан бошотууда) дебитордук жана кредитордук карыздардын абалы, күнөөлүү адамдарды көрсөтүү менен өндүрүп алуу үчүн реалдуу эмес карыздардын бар экендиги, өз ара эсептешүүлөрдү салыштыруу актыларынын бар экендиги, бюджетке өз убагында которулбаган суммалардын бар экендиги текшерилген эмес.

**Биринчи Май районунун муниципалдык администрациясында** 2022-жылга №2 Бюджеттик каражаттардын чыгаша сметасын аткаруу жөнүндө отчетто көрсөтүлгөн маалыматтардан иш жүзүндөгү чыгашалар менен айырма берүү 2212 «Байланыш кызматтары» беренеси боюнча 6,1 миң сомго, 2231 «Коммуналдык кызматтар» беренеси боюнча 6,0 миң сомго аныкталган. Аудит учурунда тиешелүү оңдоолор киргизилген.

**Аныкталды, жыйынтык**

Бухгалтердик эсеп эсепке алуу мекемелерде мемориалдык-ордердик формасы боюнча жүргүзүлөт. Эсепке алууну жүргүзүүнүн абалы канааттандырарлык. Ошол эле учурда бухгалтердик эсеп “Бухгалтерия1С” программасы менен автоматташтырылган эмес, **Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү департаменти, №13,15,16 МАБ, Коломто ММ, №70 окуу тарбия комплекс мектеп-гимназиясында, Е.Б. Якир атындагы**

**№ 61 автордук физика-математикалык мектеп-лицей окуу комплексинде, №29 окуу-тарбия комплекс мектеп-гимназиясында.**

Шаардык саламаттыкты сактоо башкармалыгынын **“Наристелер сүтканасы”** мекемесинде жеткирүүчүнүн эсебине алдын ала төлөм жүргүзүүнүн эсебинен, саламаттык сактоо мекемелеринин сүт үчүн карызы 400,8 миң сомго түзүлгөн.

**С. Жуманазаров атындагы Спорттук оюндардын олимпиадалык резервинин адистештирилген балдар жана өспүрүмдөр спорт мектебинде** негизсиз транспорттук чыгымдар 8,4 миң сомго жүргүзүлгөн (аудит учурунда ордуна коюлган).

**Социалдык өнүктүрүү департаментинде** бухгалтердик баланс боюнча 2022-жылдын 31-декабрына Даректүү социалдык жардам классификациясы боюнча 800,1 миң сом кредитордук карызы катталып 2023-жылдын 24-майында которулган (жаңы жылдык белектер үчүн 2022-жылдын 30-декабрында №136 төлөм тапшырыгы менен жаңылыштык менен 790,1 миң сом жеке ишкерге которулуп 2023-жылдын 13-январында №18 төлөм тапшырыгы менен финансы башкармалыгынын эсебине кайтарган).

**Биринчи Май районунун муниципалдык администрациясында**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобонун 312-беренесин бузуу менен Муниципалдык администрациясы тарабынан муниципалдык заказдарды аткаруучуларга 100% төлөмдөр 319 664,9 миң сом жүргүзүлгөндүктөн олуттуу дебитордук карыздын пайда болушуна алып келген.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (УБ) эсептик чени (ставка) 2023-жылы 13,0 % түзгөн же күнүнө 0,0356% (13/365) эсептелген. Көрсөтүлгөн каражаттарды банк мекемелерине (депозиттерге) 2023-жылга Улуттук банктын эсептик ставкасы боюнча жайгаштырууда муниципалдык заказды аткаруучулар тарабынан алдын ала которулган каражаттардын эсебинен жергиликтүү бюджеттин кирешелери болжолдуу 27 449,4 миң сомду түзмөк («Резервдер жана бюджеттик жоготуулар»), анын ичинен «Тазалык» МИ-11771,3 миң сом, «Бишкекасфальтсервис» МИ- 8036,8 миң сом, «Бишкексуучарба» МИ -5816,2 миң сом, «Бишкекжарык» МИ -962,2 миң сом, «Бишкекжашылчарба» МИ - 863,0 миң сом.

Подрядчыларга жана жеткирүүчүлөргө тамак-аш азыктарына, запастарды жана кызмат көрсөтүү төлөмдөрдү өз убагында төлөнбөй дебитордук карыздарга жол берүүлөр **№15** МАБ-5,8 миң сом, **№16** МАБ 468,8 миң сом (бюджеттик каражаттар боюнча 32174 «Төлөнгөн ички авансттар» эсебинде), **№18** МАБ-1300,0 миң сом.

100% толук төлөмдөрдү жүргүзүүнүн эсебинен дебитордук карыздар түзүлгөн. №14 МАБ- 2019-жылдан тартып эскирүү мөөнөтү өткөн 280,0 миң сом дебитордук карызы “Имран-Али ЖЧКсынан, **№16 МАБ** «ШарКазСтрой»

ЖЧКсынан 7,2 миң сом өлчөмүндөгү мөөнөтү өтүп кеткен карыздарга эсептелинген айып санкциясы өндүрүлгөн эмес.

**Аныкталды, жыйынтык.**

Жаңы курулган фельдшердик-акушердик пункттун (ФАП) имараты **№14 МАБдын** балансында жок. ФАПтын имаратынын жалпы аянты 150 кв.м, каржылоонун жалпы суммасы 2700,0 миң сом, аткарылган иштердин актылары аудитке көрсөтүлгөн жок.

**№13 МАБ** 3111 "Имараттар жана курулмалар" беренеси боюнча иш жүзүндөгү чыгымдар 2315,8 миң сом эсептен чыгаруусуз көрсөтүлгөн. Иш жүзүндөгү чыгымдарда негизги каражат эсептен чыгарылган же кеткен факт боюнча көрсөтүлүүгө тийиш.

Социалдык фондго чегерүүлөр боюнча 5,9 миң сомго кредитордук карыз түзүлгөн.

*Форма 2 чыгымдардын сметасынын аткарылышы жөнүндө Отчет боюнча тиешелүү түзөтүүлөр аудит учурунда киргизилген.*

**“Коломто” Муниципалдык мекемеси**

**Аныкталды, жыйынтык:** 2022-жылдын 31 декабрына карата 32174 “Ички төлөнгөн авансрар” эсебинде бюджеттик каражаттар боюнча дебитордук карыздар 93,3 миң сомду, анын ичинде коммуналдык кызматтар 2,0 мин сомду, тамак-аш азыктарын алуу 91,2 миң сомду түздү. 2022-жылдын 31-декабрына карата дебитордук карыз азык-түлүк менен камсыз кылуучуларга берилген аванстардын эсебинен 48,6 миң сомго көбөйгөн.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчёттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун талаптары аткарылсын: автоматташтырылган бухгалтердик программасы менен бухгалтердик баланс эсебиндеги айырмаларды жоюу; материалдык жоопкерчилик жөнүндө келишимдерди түзүү; жылдын аягына карата дебитордук жана кредитордук карыздар боюнча салыштыруу актыларын түзүү, төлөө мөөнөтү өткөн дебитордук карыздардын пайда болушуна жол бербөө бөлүгүндө, төмөндөгү мекемелерде: **Биринчи Май районунун муниципалдык администрациясында, Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү департаменти, Е.Б. Якир атындагы № 61 автордук физика-математикалык мектеп-лицей окуу комплексинде, №70 окуу тарбия комплекс мектеп-гимназиясында, №29 окуу-тарбия комплекс мектеп-гимназиясында, Шаардык саламаттыкты сактоо башкармалыгынын “Наристелер сүтканасы” мекемесинде, Социалдык өнүктүрүү департаментинде, №13,15,16,18 МАБ, Коломто муниципалдык мекемесинде, Спорт оюндары боюнча балдар-өспүрүмдөр спорт мектебинде. Жуманазаров атындагы Спорттук оюндардын олимпиадалык резервинин адистештирилген балдар жана өспүрүмдөр спорт мектебинде.**

**Биринчи Май районунун муниципалдык администрациясына:**

**№14 Муниципалдык аймактык башкармалыгында** “Имран Али” ЖЧКсынан 2019-жылы түзүлгөн 280,0 миң сом, **№16 МАБ** «ШарКазСтрой» ЖЧКсынан 7,2 миң сом өлчөмүндөгү мөөнөтү өтүп кеткен карыздарды жана айып санкцияларын эсептөө менен өндүрүү боюнча тиешелүү чараларды көрсүн.

**Бишкек шаарынын мэриясына:**

№14 Муниципалдык аймактык башкармалыгынын аймагында жаңы курулган ФАПтын имаратынын баланстык наркы жана анын баланс кармоочусу аныкталсын.

**Аныкталды, жыйынтык.**

**Биринчи Май районунун муниципалдык администрациясынын** баланстык эсебинде 10 батир өлчөмүндө ээликтен ажыратылган (выморочное имущество) мүлк бар. Муниципалдык администрациянын Бишкек шаарынын мэриясына 2019-жылдын 12-ноябрындагы №01-1789, 2024-жылдын 6-февралындагы №10-152 жана 2024-жылдын 19-февралындагы №10-205 каттары менен Бишкек шаарынын мэриясынын Муниципалдык мүлктү башкаруу боюнча департаментине балансына өткөрүп берүү жана каттоодон чыгаруу өтүнүчү менен кайрылган.

2019-жылдын 15-октябрындагы кабыл алуу актыларына ылайык, батирлер Бишкек шаарынын мэриясынын Муниципалдык мүлктүү башкаруу департаментине өткөрүлүп берилген. Бирок, которуулар иш жүзүндө жүргүзүлбөй, реестрден чыгарылган эмес. 2023-жылы 6 батирди (А.Малдыбаев көч. 22, №22, А.Токтоналиев көч. 16 № 37 батир, Малдыбаев көч. 18 № 50 батир, А.Малдыбаев көч. 20 104-батир, 2023-жылы А.Малдыбаев көч. 62-батир, Волкова көчөсүндөгү 22-үй, 272-үй) Бишкек шаарынын мэриясынын Муниципалдык мүлктү башкаруу департаментинин балансына өткөрүлүп, Биринчи май муниципалдык администрациянын реестрден чыгарылган.

**Сунуштама**

2019-жылдын 15-октябрындагы кабыл алуу-өткөрүп берүү актыларына ылайык, Биринчи май администрациялык району боюнча Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрациясынын балансында турган 4 квартираны (Малдыбаев көчөсүндөгү 22-үй, батир №19, Малдыбаев көчөсүндөгү 20-үй, батир №35, Токтоналиев көчөсүндөгү 26-үй, батир 27, Урицкий көчөсүндөгү 36-үй, №1 батир) белгиленген тартипте **Бишкек шаарынын мэриясынын Муниципалдык мүлктү башкаруу департаментине** өткөрүлүп берилсин.

**А. Каниметов атындагы №1 жалпы билим берүүчү гимназия интернаты**

**Аныкталды, жыйынтык.** 2022-жылдын бухгалтердик баланстык отчетунда 19,6 миң сомго киреше салыгы жана 7,5 миң сомго Социалдык

фондго камсыздандыруу төлөмдөрү боюнча дебитордук карыздары көрсөтүлбөй калган.

**Сунуштама.** Бухгалтердик баланстык отчетунда 19,6 миң сомго киреше салыгы жана 7,5 миң сомго Социалдык фондго камсыздандыруу төлөмдөрү боюнча дебитордук карыздары эсепке алынсын.

**"Аялзат" үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркаган аялдарга жардам берүү борбору" муниципалдык мекемеси**

**Аныкталды, жыйынтык.**

2023-жылдын 1-январына карата 3111 "Имараттар жана курулмалар" баланс эсебинде баштапкы баланс баасында: административдик имараты - 414,2 миң сом, ашкананын имараты - 57,9 миң сом, склад имараттары - 36,5 миң сом суммасында көрсөтүлгөн. Факт жүзүндө: ашкананын имараты мурда эки бала бакчанын жер тилкелеринин ортосуна салынгандыктан, экинчи бала бакча жер тилкеси менен сатылганда ашкананын имаратынын жарым бөлүгү сатылган жер тилкесинде болуп калган. Учурда сатылган жер тилкесинде көп кабаттуу үйдүн курулушу ашкананын имаратына жакын аралыкта жүргүзүлүп жаткандыктан, ашкананын имаратынын сатылган жер тилкесинде жайгашкан бөлүгү бузулган. Ошондой эле, склад имараттарынын ордунда демөөрчүлөр тарабынан оңдолуп салынган жуунучу жай (баня) жана жаны курулган имарат бар, көрсөтүлгөн жардамдын суммасына имараттардын баланстык баасы көбөйтүлгөн эмес. Мындан сырткары, 29.06.2022-жылы "Ассоциация кризисных центров" юридикалык жактардын бирикмеси тарабынан кабыл алуу актысы менен өткөрүлүп берилген 67,5 миң сом суммасындагы IP-Домофон системасы балансска алынган эмес. Ошондой эле, 1097,0 миң сом суммасындагы офис жабдыктары (компьютер, ноутбук, холодильник, мебель ж.б.) 31225200 "Баалуулугу аз жана тез эскирүүчү предметтер" эсебинде катталып калган.

**Сунуштама:**

1. Ашкананын имаратын калыбына келтирүү жана чектешкен жер тилкесиндеги курулуштун мыйзамдуулугу боюнча укук коргоо органдарына материалдар өткөрүлүп берилсин;
2. Склад имараттарынын ордуна курулган имараттар жана 67,5 миң сом суммасындагы IP-Домофон системасы белгиленген тартипте эсепке алынсын;
3. 31225200 "Баалуулугу аз жана тез эскирүүчү предметтер" эсебинде катталган офис жабдыктарына (компьютер, ноутбук, холодильник, мебель ж.б.) инвентаризация жүргүзүүнүн жыйынтыгы боюнча негизги каражаттарга которулсун.

**Бишкек шаарынын мэриясынын "Ардагер" шаардык геронтологиялык борбору**

**Аныкталды, жыйынтык.** Мекеменин эсебинде турган баштапкы баланс баасы 40,0 миң сомдук (толук износ болгон) "ГАЗ-66" маркасындагы 1994-жылкы жүк ташуучу автомашинасынын кузовунан башка эч нерсеси жок экендигин белгилөөгө болот. Ошондой эле, мекеменин балансындагы имаратынын баланстык баасы 2021-жылы Бишкек шаарынын капиталдык

курулуш башкармалыгы тарабынан 9160,9 миң сом суммасында капиталдык ремонт жасалгандыгы тууралуу берилген аныктама катынын негизинде көбөйтүлгөн. Бирок, Бишкек шаарынын капиталдык курулуш башкармалыгы аныктама катында убактылуу курулмаларга жана көрктөндүрүүгө кеткен 5318,3 миң сом суммасындагы чыгымдарды имараттын капиталдык оңдоого кеткен чыгымдары менен бирге көрсөткөндүктөн, имараттын баланстык баасы негизсиз жогорулатылып калган.

**Сунуштама**

Убактылуу курулмаларга жана көрктөндүрүүгө кеткен 5318,3 миң сом суммасындагы чыгымдарды имараттын имараттын баланстык баасынан чыгарып өз алдынча инвентардык бирдикте балanска алуу жана колдонууга жараксыз негизги каражаттарды ("ГАЗ-66" маркасындагы 1994-жылкы жүк ташуучу автомашинасы) белгиленген тартипте баланстан чыгыштоо иштери жүргүзүлсүн.

**Аныкталды, жыйынтык.** Жергиликтүү бюджеттин эсебинен күнүнө тамактандырууга 200 сом ченем белгиленген. Факт жүзүндө тамактандырууга 11805 киши күнүнө 2390,6 миң сом чыгымдалып, 1 киши күнүнө чыгым 202,5 сомду түзгөн, же 2,5 сомдон жалпы 29,5 миң сомго ченемден ашык чыгымдалган.

**Сунуштама.** Жергиликтүү бюджетте каралган ченемден ашык тамак-ашка чыгым жүргүзүүгө жол берилбесин.

**Аныкталды, жыйынтык.** 2019-жылдан бери 121,9 миң сом дебитордук карыз өндүрүлбөстөн турат, анын ичинде: 111,1 миң сом эмгек акыдан аванс катары жана 10,8 миң сом отчет берүү эсебинде турат.

**Сунуштама.** Төлөө мөөнөтү өткөн дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча натыйжалуу иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**И.В. Панфилов атындагы № 6 автордук окуу-тарбия комплекс мектеп-гимназиясында** 3112 «Машиналар жана жабдуулар» беренеси боюнча 2022-жылдын 1-январына карата амортизация чыгымдары 5882,3 миң сомго туура эмес эсептелген.

**Сунуштама**

3112 “Машиналар жана жабдуулар” беренеси боюнча 2022-жылдын 1-январына карата туура эмес эсептелген амортизация чыгымдарына 5882,3 миң сомго түзөтүүлөр жүргүзүлсүн.

**Аныкталды, жыйынтык.**

Аудиттин жүрүшүндө Бишкек шаары, Бишкек шаарынын Архитектуралык-курулуш контролдоо шаардык башкармалыгынын начальниги Т. Иманакун у. тарабынан бекитилген И.Раззаков көчөсү-23 – Эркиндик бульвары-20 дареги боюнча курулуп бүткөн объекттин эксплуатацияга киргизилишинин ылайыктуулугун баалоо жөнүндө 2022-жылдын 15-декабрындагы № 215 акт бар экендиги аныкталган. Бул актыга ылайык Бишкек шаарынын мэриясынын ККБсы тапшырыкчы болуп саналат, курулуш «Капитал Курулуш» ЖЧКсынын башкы подрядчысы тарабынан жүзөгө ашырылган, долбоордук документтер «T.G.A» ЖЧКсы тарабынан

2022-жылдын апрелинен декабрына чейинки мөөнөттө иштелип чыккан. “Окуу корпусу, спорт жана жыйындар залдары» объектисинин кубаттуулугу – 1344,5 чарчы м., кабаттуулугу 2-3. Акт боюнча чечим кабыл алынды: “И.Раззаков көчөсү-23 – Эркиндик бульвары-20 дарегиндеги № 6 АОТК аймагындагы спорт жана жыйындар залы бар окуу корпусу” эксплуатацияга кабыл алынсын. Кабыл алуу-өткөрүп берүү актысына ылайык объекттин баланстык наркы 98453,3 миң сомду түздү, анын ичинде ОПР – 89199,8 миң сом, жабдуулар – 2451,2 миң сом, ДИИ (ПИР) жана башкалар – 6802,3 миң сом.

Мында 98452,3 миң сом баланстык наркы менен «И.Раззаков көчөсү-23 – Эркиндик бульвары-20 дарегиндеги № 6 АОТК аймагындагы спорт жана жыйындар залы бар окуу корпусу» объектин кабыл алуу-өткөрүп берүү актысы Бишкек шаарынын мэриясынын ККБсы тарабынан берилген жана 2022-жылдын 15-декабрындагы №215 акт, гимназиянын директору тарабынан пайдаланууга берилген курулуп бүткөн объекттин ылайыктуулугун баалоо жөнүндө Бишкек шаарынын Архитектуралык-курулуш контролдоо шаардык башкармалыгынын начальниги Т. Иманакун у. тарабынан 12.12.2023-жылы бекитилгенден дээрлик 12 календардык ай өткөндөн кийин кол коюлган.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча жобонун" 127, 131-132-пункттарын бузуу менен, 98453,3 миң сом баланстык наркы менен «И.Раззаков көчөсү-23 – Эркиндик бульвары-20 дарегиндеги № 6 АОТК аймагындагы спорт жана жыйындар залы бар окуу корпусу» объекти 2022-жылы Гимназиянын балансына кабыл алынган эмес.

“Кыймылсыз мүлккө жана аны менен болгон бүтүмдөрдү укуктарды мамлекеттик каттоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 25-1-беренесин бузуу менен, аянты 1344,5 чарчы м., 2-3 кабаттуу тиешелеүү техникалык паспортун алуу менен жаңы түзүлгөн кыймылсыз мүлк бирдиги «И.Раззаков көчөсү-23 – Эркиндик бульвары-20 дарегиндеги № 6 АОТК аймагындагы спорт жана жыйындар залы бар окуу корпусу» объектисине баштапкы техникалык текшерүү жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

1. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча Жобонун 127, 131 -132-пункттарына ылайык негизги каражаттар (активдер) – 98453,3 миң сом баланстык наркы менен «И.Раззаков көчөсү-23 – Эркиндик бульвары-20 дарегиндеги № 6 АОТК аймагындагы спорт жана жыйындар залы бар окуу корпусу» объектиси гимназиянын балансына кабыл алынсын.

2. “Кыймылсыз мүлккө жана аны менен болгон бүтүмдөрдү укуктарды мамлекеттик каттоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 25-1-беренесине ылайык, аянты 1344,5 чарчы м., 2-3 кабаттуу тиешелүү техникалык паспортун алуу менен жаңы түзүлгөн кыймылсыз мүлк

бирдиги «И.Раззаков көчөсү-23 – Эркиндик бульвары-20 дарегиндеги № 6 АОТК аймагындагы спорт жана жыйындар залы бар окуу корпусу” объектисине техникалык текшерүү жүргүзүлсүн.

**Бишкек шаарынын мэриясы:**

3. Баланстык наркы 98453,3 миң сом, аянты 1344,5 чарчы м., 2-3 кабаттуу тиешелүү техникалык паспортун алган жаңы түзүлгөн кыймылсыз мүлк бирдиги «И.Раззаков көчөсү-23 – Эркиндик бульвары-20 дарегиндеги № 6 АОТК аймагындагы спорт жана жыйындар залы бар окуу корпусу” объектиси, Гимназиянын балансына өз убагында өткөрүп берүүнү камсыз кылбаган Бишкек шаарынын мэриясынын Капиталдык курулуш башкармалыгынын кызмат адамдарынын жоопкерчилигин каралсын.

**№70 окуу тарбия комплекс мектеп-гимназиясы**

**Аныкталды, жыйынтык:** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобонун 127-пунктуна ылайык негизги каражаттар актив катары негизги каражаттарды пайдалуу колдонуу мөөнөтү бир жылдан ашуун убакытты түзгөндө таанылат. Негизги каражаттарды пайдалуу колдонуу мөөнөтү – бюджеттик мекеме активди пайдаланган убакыттын мезгили болуп саналат. Жобонун 223-пунктуна ылайык БЭП (баалуулугу аз жана тез эскирүүчү предметтер) – бул алардын наркына карабастан, 12 айдан кем пайдалуу колдонуу мөөнөтү боюнча предметтер. Жобонун 221-пунктуна ылайык запастар – бул өндүрүш процессинде же кызматтарды көрсөтүүдө пайдалануу үчүн багытталган чийки зат же материалдар формасында активдер.

Жобонун көрсөтүлгөн пункттарын бузуу менен, 126 даана отургуч 371,2 миң сом суммасында жана 70 чарчы метр линолеум 61,6 миң сом суммасында БЭПке киргизилген.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчёттуулукту жүргүзүү боюнча Жобонун талаптары аткарылсын 127, 221 жана 223-пункттарына ылайык, 31225 “Баалуулугу аз жана тез эскирүүчү предметтер” эсебинен 371,2 миң сом суммасындагы 126 даана отургучту 31123 «Эмерек, кеңсе жабдуулары жана шаймандары» эсебине жана 61,6 миң сом суммасындагы 70 чарчы метр линолеум 31221 «Сырье жана материалдар» эсебине которуу иштери жүргүзүлсүн.

**Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү департаменти -**

**Аныкталды, жыйынтык:** **“**Opel” маркасындагы, кузову №WOL0000211T1084651, 1997-жылы чыгарылган, мамлекеттик номери 4537 BC автоунаасы 2020-жылдын 15-декабрынан тартып иштебеген абалда турат. Бажы жагынан тариздөө жол-жоболорунун жоктугуна байланыштуу, автоунааны “УНАА” мамлекеттик ишканасында кайра каттоо жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

**Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү департаментинде**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсептин уюштурулушу жана жүргүзүлүшү боюнча" Жобонун 127 жана 128-пункттарына ылайык, Билим берүү департаментинин балансында турган "Opel" маркасындагы, 1997-жылы чыгарылган, мамлекеттик номери 4537 ВС автоунаасын мындан ары пайдалануунун натыйжалуулук маселесин чечсин.

**Аныкталды, жыйынтык.**

Бишкек шаарынын мэриясынын **Коомдук мамлекеттик капиталдык курулуш башкармасында, Биринчи май райондук муниципалдык администрациясында** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону бузуу менен унаа каражатынын басып өткөн аралыктарды (айдалган километр) аныктоочу спидометрлер болбогондуктан, сапарлардын башталышында жана аягындагы пробег көрсөтүлгөн эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчёттуулукту жүргүзүү боюнча Жобонун талаптары аткарылсын, транспорт каражаттарынын чыгымдарынын эсебин жүргүзүү бөлүгүндө.

- **Аныкталды, жыйынтык**

**Биринчи Май финансы башкармалыгында, "Үмүт үйү" улгайган жана майыптыгы бар адамдар үчүн социалдык стационардык мекемесинде жана "Коломто" муниципалдык мекемесинде** кызматтык автомашиналар үчүн күйүүчү жана майлоочу майларды керектөө нормалары эсептелип чыккан эмес.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Транспорт жана коммуникациялар министрлигинин 2015-жылдын 30-декабрындагы №366 буйругу менен бекитилген "Автомобиль транспортунда отунду жана майлоочу майларды чыгымдоонун линиялык ченемдерин колдонуу жана аларды эсептөө" Эрежесине ылайык, кызматтык автомашиналар үчүн күйүүчү жана майлоочу майларды керектөө нормалары бекитилсин.

**Үмүт үйү" улгайган жана майыптыгы бар адамдар үчүн социалдык стационардык мекемесинде**

**Аныкталды, жыйынтык:**

Учурдагы Daewoo ETI, ГАЗ-31029 жана ВАЗ-21074 унаалары толугу менен автоматташтырылган жана 2022-жылы балантсык наркы (калдык) жок.

Ошол эле учурда ВАЗ-21074 иштеп жатат жана балансдык наркы нөл болгон 2022-жылы аны ондоого 44,5 миң сом сарпталган.

Daewoo ETI жана ГАЗ -31029 унаалары боюнча мекеме тарабынан баланстан чыгаруу боюнча тиешелүү иштер аткарылган (профсоюздук чогулуштун протоколдору, комиссия түзүү жөнүндө буйруктар, техникалык абалы, баалоо отчеттору, бир нече жолу кайрылуулар жана каттар). Бишкек шаарынын мэриясынын Чүй-Бишкек-Талас аймактык мамлекеттик мүлк башкармалыгы жана УМИ). Белгилей кетсек, Daewoo ETI автоунаасы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 12-декабрындагы № 582 токтому менен бекитилген министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин жана административдик ведомстволордун сатууга жаткан кызматтык унааларынын тизмесине киргизилген.

**Сунуштама**

Балансында турган эскилиги жеткен жеңил автомашиналарды мындан ары пайдалануунун натыйжалуулук маселеси каралсын.

**Аныкталды, жыйынтык**

**Биринчи май районунун Билим берүү башкармалыгында** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун 127-пунктуна ылайык негизги каражаттар актив катары негизги каражаттарды пайдалануу мөөнөтү бир жылдан ашуун убакытты түзгөндө таанылат. Жобонун 223-пунктуна ылайык “Баалуулугу аз жана тез эскирүүчү предметтер” – бул алардын наркына карабастан, колдонуу мөөнөтү 12 айдан кем убакытты түзгөн предметтер.

Жобонун көрсөтүлгөн пункттарын бузуу менен, Бишкек шаарынын мэриясынын ККБсынан 2022-жылдын 27-июлундагы № 3 авизо боюнча алынган 47154,9 миң сом суммада кайтарымсыз өткөрүлүп берилген негизги каражаттардын 8 позиция боюнча 1168,5 миң сом суммадагы каражаттары “Баалуулугу аз жана тез эскирүүчү предметтер” эсебине туура эмес кириштелген.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобонун “Негизги каражаттарды таануу” жана “Запастарды баалоо жана эсептен чыгаруу” бөлүктөрүнүн 127 жана 223-пункттарына ылайык, 31225 “Баалуулугу аз жана тез эскирүүчү предметтер” эсебине кириштелген 1168,5 миң сом суммадагы негизги каражаттар негизги каражаттардын тиешелүү эсептерине которулсун.

**Аныкталды, жыйынтык.**

**Социалдык өнүктүрүү департаментинде** Мамлекеттик мүлктөрдү инвентаризациялоо боюнча методикалык көрсөтмөнүн 5.7 - пунктун бузуу менен отчеттук жылда жүргүзүлгөн инвентаризациялардын

жыйынтыктарынын маалыматтары инвентаризациянын жыйынтыктарынын актысында жалпыланган эмес.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторундагы бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун 27,31,91-пункттарын бузуу менен 2022-жылдын 31-декабрына карата бухгалтердик балансты түзүүдө активдерге инвентаризациялоо **№29 окуу-тарбия комплекс мектеп-гимназиясында, Е.Б. Якир атындагы № 61 автордук физика-математикалык мектеп-лицей окуу комплексинде** жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик Мүлктү башкаруу боюнча фонддун 2017-жылдын 24-февралындагы №1 буйругу менен бекитилген Мамлекеттик мүлктөрдү инвентаризациялоо боюнча методикалык көрсөтмөнүн 5.7. пунктуна ылайык негизги каражаттарга жана товардык материалдык баалуулуктарга отчеттук жылда инвентаризация жүргүзүүдө маалыматтары инвентаризациянын жыйынтыктарынын актысында жалпылоо **Социалдык өнүктүрүү департаментинде** камсыздалсын.

2. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчёттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун 24, 31 жана 91-пункттарына ылайык, жылдык бухгалтердик баланс отчетун түзүүдө активдерди инвентаризациялоо жүргүзүү №29 окуу-тарбия комплекс мектеп-гимназиясында, Е.Б. Якир атындагы № 61 автордук физика-математикалык мектеп-лицей окуу комплексинде сакталсын.

**Аныкталды, жыйынтык.**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчёттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускамага ылайык аудит тарабынан запастардын ашыкча ченемдери жана эсептердеги каражаттардын калдыгы аныкталган, алар: **Социалдык департаментинин социалдык жатаканасында** ТМБ-14,3 миң сом; Саламаттык сактоо шаардык башкармалыгы-41,5 миң сом, **Дезинфекциялык станциясында** -191,0 миң сом, **“Наристелер сүтканасы”** мекемесинде -158,7 миң сом, эсептердеги каражаттардын калдыгы -1009,2 миң сом, **И.В. Панфилов атындагы № 6 автордук окуу-тарбия комплекс мектеп-гимназиясы** -170,9 миң сом, **Е.Б. Якир атындагы № 61 автордук физика-математикалык мектеп-лицей окуу комплекси** -64,4 миң сом суммада белгиленген, алардын ичинен бюджеттик каражаттар боюнча 42,4 миң сомго, атайын каражаттар боюнча 21,9 миң сомго белгиленген, **Бишкек шаарынын мэриясынын Биринчи Май районунун муниципалдык администрациясында-** 216,0 миң

сом, ТМБнын нормативден ашыкча запасы 106,4 миң сом, №12 МАБ-36,3 миң сом. **Биринчи май районунун Билим берүү башкармалыгында -**144,4 миң сом, **Бишкек шаардык кеңешинде** -293,3 миң сом, **А. Каниметов атындагы №1 жалпы билим берүүчү гимназия интернатында -**134,1 миң сом.

Аванстык төлөмдөрдү ченемдик укуктук актыларда же келишимдерде (контракттарда) каралган белгиленген өлчөмдөн ашыкча негизсиз которуулардан 2022-жылдын 31-декабрына карата дебитордук карыздар түзүлгөн: №19 МАБ-926,1 миң сом, №12 МАБ -1347,8 мин сом.

№13 МАБ 2022-жылга Бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасынын аткарылышы жөнүндө отчетунда көрсөтүлгөн суммалар менен иш жүзүндөгү чыгымдар айырма бергендиктен аудит учурунда тиешелүү түзөтүүлөр киргизилген.

**Сунуштама**

**Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Бишкек финансы башкармалыгы:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчёттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө" Нускамага ылайык 2023-жылдагы каржылоону эске алуу менен ТМБнын ченемден ашыкча запастарын жана эсептердеги каражаттардын калдыгын эсепке алуу жүргүзүлсүн, төмөндөгү мекемелерде: **Социалдык департаментинин социалдык жатаканасында** ТМБ-14,3 миң сом; Саламаттык сактоо шаардык башкармалыгы-41,5 миң сом, **Дезинфекциялык станциясында** -191,0 миң сом, **"Наристелер сүтканасы"** мекемесинде -158,7 миң сом, эсептердеги каражаттардын калдыгы -1009,2 миң сом, **И.В. Панфилов атындагы № 6 автордук окуу-тарбия комплекс мектеп-гимназиясы -**170,9 миң сом, **Е.Б. Якир атындагы № 61 автордук физика-математикалык мектеп-лицей окуу комплекси -** 64,4 миң сом суммада белгиленген, алардын ичинен бюджеттик каражаттар боюнча 42,4 миң сомго, атайын каражаттар боюнча 21,9 миң сомго белгиленген, **Бишкек шаарынын мэриясынын Биринчи Май районунун муниципалдык администрациясында-** 216,0 миң сом, ТМБнын нормативден ашыкча запасы 106,4 миң сом, №12 МАБ-36,3 миң сом. **Биринчи май районунун Билим берүү башкармалыгында -**144,4 миң сом, **Бишкек шаардык кеңешинде** -293,3 миң сом, **А. Каниметов атындагы №1 жалпы билим берүүчү гимназия интернатында -**134,1 миң сом жана дебитордук карыздар №19 МАБ-926,1 миң сом, №12 МАБ -1347,8 мин сом.

**Коммуналдык кызматтарга, анын ичинде белгиленген лимиттен ашыкча керектөөлөр**

**Транспорт жана жол-транспорттук инфратүзүмдү өнүктүрүү департаментинде** Бишкек шаардык мэриясынын чечими менен коюлган лимиттердин нормасы сакталбастан электр энергиясынын анык чыгымы 131,1

кВт, же 329,1 миң сомду түзүп, каралган лимиттен 0,8 мин сомго ашыкча чыгымдалган, байланыш кызмат акысынын анык чыгымы 51,3 миң сомду түзүп, каралган лимитке салыштырмалуу 1,2 миң сомго, жалпысы 2,0 мин сомго ашыкча аткарылган.

**Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү департаменти**

**Аныкталды, жыйынтык:** Бишкек шаарынын мэриясынын 2022-жылдын 16-ноябрындагы №238 «Шаардык бюджеттен каржылануучу Бишкек шаарынын мекемелери, уюмдары жана ишканалары үчүн 2022-жылга жылуулук жана электр энергиясын, жаратылыш газын, муздак сууну керектөөнүн жана агындыларды кабыл алуунун лимиттери жөнүндө» токтомун бузуу менен, башкармалык тарабынан 2022-жылга карата 26,9 Гкал жылуулук энергиясын лимиттен ашык керектөө 54,1 миң сомго эсептелген.

**Аныкталды, жыйынтык.** Бишкек шаарынын мэриясынын 2022-жылдын 16-ноябрындагы № 238 "Шаардык бюджеттен каржылануучу Бишкек шаарынын мекемелери, уюмдары жана ишканалары үчүн 2022-жылга жылуулук жана электр энергиясын, жаратылыш газын, муздак сууну керектөөнүн жана агындыларды кабыл алуунун лимиттери жөнүндө" токтомун бузуу менен Биринчи май районунун Билим берүү башкармалыгы тарабынан каржылануучу билим берүү уюмдары тарабынан 2022-жылы жылуулук энергиясы боюнча -2774,2 мин сомго, муздак жана агынды сууларга 216,0 миң сомго лимиттен ашык чыгымдоо эсептелген.

2022-жылы Электр энергиясын лимиттен ашык **И.В. Панфилов атындагы № 6 автордук окуу-тарбия комплекс мектеп-гимназиясында** - 41,7 миң сом, **Октябрь районунун муниципалдык администрациясында –** 748,1 миң сом, Октябрь райондук билим берүү борборунда -2 530,4 миң сом, "**Үмүт үйү" улгайган жана майыптыгы бар адамдар үчүн социалдык стационардык мекемесинде**-521,0 миң сомго, **Биринчи Май районунун муниципалдык администрациясында муздак суу боюнча-** 7,4 миң сомго чыгымдалган.

**Сунуштама**: Мындан ары электр энергиясын ашыкча керектөөгө жол берилбесин. Жылуулук жана электр энергиясын, муздак сууну керектөө жана суу агындарын кабыл алуу чыгымдары белгиленген лимиттеринен ашпасын.

**Аныкталды, жыйынтык.** 1-4-класстардын жана 5-7-класстардын окуучуларына ысык тамак-аш берүүнү уюштурууга жана камсыздоого келишимдер жеке ишкерлер менен **№29 окуу-тарбия комплекс мектеп-гимназиясында** 3356,7 миң сомго**, И.В. Панфилов атындагы № 6 автордук окуу-тарбия комплекс мектеп-гимназиясында** 2009,0 миң сомго, **№70 окуу тарбия комплекс мектеп-гимназиясында** 3565,7 миң сомго, **Е.Б. Якир атындагы №61 автордук физика-математикалык мектеп-лицей окуу комплексинде 2021-жылы** -2257,0 миң сомго, 2022-жылга -1289,7 миң сомго түзүлгөн.

Бирок, "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-

жылдын 29-мартындагы №142 токтому менен бекитилген “Муниципалдык мүлктү ижарага берүү келишимин түзүү укугуна электрондук форматта аукциондорду өткөрүү тартиби жөнүндө” Жобонун жана “Бишкек шаарынын муниципалдык менчигинде турган кыймылдуу жана кыймылсыз мүлк объекттерин башкаруу жана аларга чектелген буюм укуктарын берүү тартиби жөнүндө” жобонун талаптарын бузуу менен Бишкек шаарынын мэриясынын ыйгарым укуктуу органы жеке ишкерлер менен муниципалдык мүлктү – орто мектептердин ашканасын ижарага берүү жөнүндө тийиштүү келишимдер түзүлгөн эмес (ашканалардын штаттык бирдиктерин күтүү жана ыссык тамак уюштуруу бюджеттин эсебинен жүргүзүлөт).

**Сунуштама:**

“Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 29-мартындагы №142 токтому менен бекитилген “Муниципалдык мүлктү ижарага берүү келишимин түзүү укугуна электрондук форматта аукциондорду өткөрүү тартиби жөнүндө” жобонун жана “Бишкек шаарынын муниципалдык менчигинде турган кыймылдуу жана кыймылсыз мүлк объекттерин башкаруу жана аларга чектелген буюм укуктарын берүү тартиби жөнүндө” Жобонун талаптарынын аткарылышы камсыздалсын **№29 окуу-тарбия комплекс мектеп-гимназиясында, И.В. Панфилов атындагы №6 автордук окуу-тарбия комплекс мектеп-гимназиясында**, **№70 окуу тарбия комплекс мектеп-гимназиясында, Е.Б. Якир атындагы № 61 автордук физика-математикалык мектеп-лицей окуу комплексинде.**

**Аныкталды, жыйынтык.**

**Бишкек шаардык дезинфекциялык профилактикалык дезинфекциялоо станциясы** кемирүүчүлөрдү жок кылуучу жемди даярдоодо СССР Саламаттык сактоо министрлигинин 1979-жылдын 17-январындагы №60 буйругу менен сунушталган рецепттердин негизинде дезинфекциялык станциянын директору бекиткен стандарттарды колдонот.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 14-январындагы №6 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан көрсөтүлүүчү муниципалдык кызматтардын базалык реестринде **Бишкек шаардык дезинфекциялык профилактикалык дезинфекциялоо станциясы** тарабынан көрсөтүлүүчү акысыз же акы төлөп көрсөтүлүүчү кызматтар белгиленген эмес.

**Бишкек шаардык дезинфекциялык профилактикалык дезинфекциялоо станциясында** 2022-жылы акы төлөп көрсөтүлүүчү кызматтар (дератизациялоо жана дезинфекциялоо) үчүн 451,0 миң сом каражаттар түшкөн. Аталган кызматтардын тарифи, Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматы менен макулдашылган эмес.

**Сунуштама**

**Бишкек шаардык дезинфекциялык профилактикалык дезинфекциялоо станциясы** тарабынан көрсөтүлүүчү акысыз же акы төлөп

көрсөтүлүүчү кызматтарды жөнгө салуу үчүн төмөндөгү иш-чаралар жүргүзүлсүн:

1. Дары-дармектерди керектөөнү жөнгө салуучу стандарттарды белгиленген тартипте иштеп чыгуу жана бекитүү;

2. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 14-январындагы №6 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан көрсөтүлүүчү муниципалдык кызматтардын базалык реестрине киргизүү;

3. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 26-октябрындагы №637 токтому менен бекитилген Мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды көрсөтүү (иштерди) үчүн акы төлөөнүн өлчөмүн аныктоо тартибине ылайык, баалардын прейскурантын бекитүү.

**№29 окуу-тарбия комплекс мектеп-гимназиясы**

**Аныкталды, жыйынтык.**

Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү башкармалыгынын 2019-жылдын 30-сентябрындагы №679 буйругу менен бекитилген гимназиянын Уставынын 4-пунктун бузуу менен Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Чүй-Бишкек башкармалыгы тарабынан берилген кайра каттоо жөнүндө күбөлүктө менчик формасы муниципалдык эмес, жеке менчик катары көрсөтүлгөн.

**Сунуштама:** Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү башкармалыгынын 2019-жылдын 30-сентябрындагы №679 буйругу менен бекитилген гимназиянын Уставынын 4-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Чүй-Бишкек башкармалыгы тарабынан мамлекеттик кайра каттоо жөнүндө күбөлүккө менчиктин формасын – муниципалдык катары көрсөтүү боюнча өзгөртүү киргизилсин.

**Аныкталды, жыйынтык.**

**Свердлов административдик району муниципалдык администрациясынын** атайын эсебинде муниципалдык мүлктү ижарага берүүдөн алынуучу ижара акысы 24,2 миң сом тиешелүү бюджетке чегерилген эмес.

**Сунуштама:**

Салыктык эмес кирешелер жөнүндө Кыргыз Республикасынын Кодексинин 101-беренесине ылайык, муниципалдык мүлккө 24,2 миң сом ижара акысы жергиликтүү бюджетке чегерилсин.

**“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптары төмөндөгү мекемелерде жана ишканаларда бузулган:**

**Аныкталды жана жыйынтык.**

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын

ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун” типтүү тартибинин талаптарын бузуу менен *конкурс өткөрбөстөн товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуулар* төмөндөгү мекемелерде жүргүзүлгөн: **“Тазалык” муниципалдык ишканасында -** 16927,7 миң сомго, **“Бишкекасфальтсервис” муниципалдык ишканасында -** 3755,7 миң сом накталай акчага, **“Бишкек жүргүнчүлөр автотранспорттук ишканасы” муниципалдык ишканасында** 29 922,5 миң сом накталай акчага, **“Бишкек санитардык полигон” муниципалдык ишканасында** 8533,4 миң сомго, **«Бишкек троллейбус башкармалыгы» муниципалдык ишканасында** 342,1 миң сомго накталай акчага, **“Бишкекжарык” муниципалдык ишканасында** 1806,4 миң сомго накталай акчага, **"Бишкексууканал" өндүрүштүк-эксплуатациалык башкармалыгында** 203,0 миң сомго накталай акчага, **“Бишкек жашыл чарба” муниципалдык ишканасында** 1313,4 миң сомго накталай акчага, **“Жол сыноо лабораториясы” муниципалдык ишканасында** 162,4 миң сомго накталай акчага, **«Бишкектеги аза кызматтарын көрсөтүү» муниципалдык ишканасынада** 2854,2 миң сомго, **“Бишкекшаарлифт” муниципалдык ишканасында** 1487,0 миң сомго накталай акчага жана лифттерди оңдоого келишим 26600,0 миң сомго (2022-жыл ичинде 1190,0 миң сом которулган), **Бильярд жана велосипед спорту боюнча Олимпиадалык резервдеги балдар-уландардын адистештирилген спорт мектебинде** 360,0 миң сомго, **"Аялзат" үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркаган аялдарга жардам берүү борбору" муниципалдык мекемесинде** 2021-2022-жылдары 55,5 миң сомго, **Бишкек шаарынын мэриясынын Биринчи Май районунун муниципалдык администрациясында** 1252,6 миң сомго, **Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Биринчи Май финансы башкармалыгында** 9,0 миң сомго.

**Сунуштама:**

**“Тазалык” муниципалдык ишканасында, “Бишкекасфальтсервис” муниципалдык ишканасында, “Бишкек жүргүнчүлөрдү ташуучу автотранспорттук ишканасы” муниципалдык ишканасында, “Бишкек санитардык полигон” муниципалдык ишканасында, «Бишкек троллейбус башкармалыгы» муниципалдык ишканасында, “Бишкекжарык” муниципалдык ишканасында, "Бишкексууканал" өндүрүштүк-эксплуатациалык башкармалыгында, “Бишкек жашыл чарба” муниципалдык ишканасында, “Жол сыноо лабораториясы” муниципалдык ишканасында, «Бишкектеги аза кызматтарын көрсөтүү» муниципалдык ишканасынада, “Бишкекшаарлифт” муниципалдык ишканасында, Бильярд жана велосипед спорту боюнча Олимпиадалык резервдеги балдар-уландардын адистештирилген спорт мектебинде, "Аялзат" үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркаган аялдарга жардам берүү борбору" муниципалдык мекемесинде, Бишкек шаарынын мэриясынын Биринчи май районунун муниципалдык администрациясында, Кыргыз**

**Республикасынын Финансы министрлигинин Биринчи май финансы башкармалыгында:**

Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда конкурстук жол-жоболорду милдеттүү өткөрүү бөлүгүндө, "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген, "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибинин" талаптары так сакталсын.

Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу жол-жоболорун жүргүзүүдө, мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө укуктук ченемдик актылардын талаптарын бузуу менен конкурс өткөрбөстөн сатып алууларга жол берген мекемелердин жетекчилеринин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана жыйынтык.**

Бааларга мониторинг жүргүзүүдө рынокту талдоону сапаттуу жүргүзүү бөлүгүндө, "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун" типтүү тартибинин талаптары төмөндөгү муниципалдык мекемелерде жана ишканаларда сакталган эмес: **Бишкек шаарынын мэриясынын Маданият башкармалыгында** 975,0 миң сомго, **Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү департаментинде** 72760,7 миң сомго (мониторинг тийиштүү деңгээлде жүргүзүлгөн эмес), **Ленин райондук мамлекеттик муниципалдык администрациясында** 1274,6 миң сомго, **"Бишкекасфальтсервис" муниципалдык ишканасында** 330344,4 миң сомго, **"Бишкексууканал" өндүрүштүк-эксплуатациалык башкармалыгында** 50044,4 миң сомго (47 келишим), **"Жол сыноо лабораториясы" муниципалдык ишканасында** 275,0 миң сомго (5 конкурс) сатып алуулар жүргүзүлгөн.

**"Бишкекжарык" муниципалдык ишканасында** аудитке 103138,6 миң сомго 19 конкурстун иш кагаздары аудитке берилген эмес. Аудитке берилген 52 конкурстун ичинен, 38630,5 миң сомго 29 конкурс бааларга мониторинг жүргүзүлбөстөн, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтомунун негизинде сатып алууларын уюштуруунун эрежелери иштелип чыкпастан, түз усул менен келишимин түзүү аркылуу товарларды, жумуштарды, кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу жүргүзүлгөн.

**“Бишкекжылуулукэнерго” коммуналдык мекемесинде** 2022-жылы бөлүм тарабынан 131 534,3 миң сомго өткөрүлгөн 82 сатып алуулардын ичинен конкурстук документтерди талап кылууда кызматкерлерди иштен бошотуу жана документтерди жоготуу шылтоосу менен материалдар аудитке толук көлөмдө берилбегендиктен, сатып алуулардын жол-жоболоруна аудит 12 конкурс боюнча гана жүргүзүлгөн. Конкурстук документтерди талдоо көрсөткөндөй, сатып алуулар жаатындагы жаңы нормалар күчүнө киргенден кийин, сатып алуу эрежелери формалдуу түрдө сакталган.

**"Бишкек суу чарба" муниципалдык ишканасында** “Азиямоторс” ЖЧКсынан сатып алынган атайын техниканын бааларына мониторинг сапаттуу жүргүзүлбөгөндүктөн, анын коммерциялык сунушка берген баасынан 73,6 миң сомго кымбат баада атайын техника (дөңгөлөктүү экскаватор гидромолоту менен) сатып алынган.

**Сунуштама**

**Бишкек шаарынын мэриясынын Маданият башкармалыгында, Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү департаментинде, Ленин райондук мамлекеттик муниципалдык администрациясында, “Бишкекасфальтсервис” муниципалдык ишканасында, “Бишкекжарык” муниципалдык ишканасында, "Бишкексууканал" өндүрүштүк-эксплуатациалык башкармалыгында, “Жол сыноо лабораториясы» муниципалдык ишканасында, "Бишкек суу чарба" муниципалдык ишканасыда:**

Бааларга мониторинг жүргүзүүдө рынокту талдоону сапаттуу жүргүзүү бөлүгүндө, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун” типтүү тартибинин талаптары так сакталсын.

Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу жол-жоболорун жүргүзүүдө, мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө укуктук ченемдик актылардын талаптарын бузууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**“Бишкекжарык” муниципалдык ишканасында** аудитке берилбеген 19 конкурстун документтерин, **“Бишкекжылуулукэнерго” коммуналдык мекемесинде** 70 конкурстун документтерин кийинки аудитке берүү камсыз кылынсын, аудитке сатып алуу жол-жоболорун жүргүзүү тууралуу иш кагаздарын өз учурунда берүүнү камсыз кылбаган жооптуу кызматкерлердин жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды, жыйынтык.**

Контракт (келишим) түзүүдө, өзгөртүүлөрдү киргизүүдө жана аванстык төлөмдөрдү жүргүзүүдө “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз

Республикасынын мыйзамынын 51-беренесинде, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун” типтүү тартибинин 68 жана 70-пункттарында каралган жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137-б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобосунун 312-пунктунда көрсөтүлгөн “жабдып берүүчү тарабынан аванстык төлөм суммасына кепилдик берүү шартында, аванстык төлөмдөрдүн суммасы (алдын-ала төлөө) келишимдин жалпы суммасынын 10 пайызынан ашпоого тийиш” деген талаптары төмөндөгү муниципалдык мекемелерде жана ишканаларда сакталган эмес:

**“Бишкек санитардык полигон” муниципалдык ишканасында** подрядчы “АБК Голд” ЖЧКсы менен түзүлгөн подряд келишиминин 2.2-пунктунда "Бишкек таштанды полигону үчүн темир-бетон тосмолорду жеткирүү жана орнотуу" иши боюнча жумуштардын наркы заказчы тарабынан аткарылган иштердин актысына тараптар кол койгон жана эсеп-фактураны берген күндөн тартып каржылоого жараша подрядчынын алыш-бериш эсебине акча каражаттарын которуу каралган. Бирок, "Бишкек санитардык полигону" муниципалдык ишканасынын жетекчиси жумушту кабыл алганга чейин аткарылган иштердин актысына кол койбостон жана эсеп-фактурасын бербестен подрядчынын эсебине келишимдин бардык суммасын - 22 324,1 миң сомду которгон. Аудит учурунда подрядчы "АБК Голд" ЖЧКсы тарабынан иш аягына чейин аткарылган эмес жана тапшырылган эмес.

**"Бишкекбашкыархитектура" муниципалдык ишканасында** келишимдин өзгөчө шарттарында авансылык төлөм каралбагандыгына карабастан, товарды жеткиргенге чейин 1260,0 миң сом суммасында акча каражаты жабдуучунун пайдасына төлөнүп берилген.

**Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү департаментинде** «Майыптарга жардам Кей Джи» КБ менен шейшептер, жууркандар, жапкычтардын комплектин, жүз арчуучу сүлгүнү жеткирүүгө 7362,3 миң сомго аванстык төлөм каралган келишимдер түзүлгөн.

**Бишкек шаарынын мэриясынын Биринчи май районунун муниципалдык администрациясында** 100% алдын ала төлөө каралган 3 жеткирүүчү менен келишимдер 283,8 миң сомго, 50% алдын ала төлөө шарты менен Бельская-Обездная көчөлөрүнүн кесилишине (ЭМ-01) пайдаланылган транспорттук светофорду орнотуу үчүн "Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин Жол кыймылынын коопсуздугун камсыздоо башкы башкармалыгынын Адистештирилген монтаждык-эксплуатациялоо башкармалыгы" мамлекеттик ишканасы менен 335,0 миң сомго түзүлгөн.

**Чоң-Арык МАБ** тарабынан 2022-жылдын декабрь айында өткөрүлгөн конкурстардын жыйынтыктары боюнча "Альбатрос Кей Джи" ЖЧКсы менен 09.12.2022-жылы балдар ойноочу аянтты 1165,9 миң сомго жана "Кыргыз Билд Компани" ЖЧКсы менен 20.12.2022-жылы тамак-аш калдыктарын сорттоо жана чогултуу пункттарын 843,3 миң сомго курууга келишимдер түзүлгөн. Конкурстун шарттарында алдын ала төлөө каралбагандыгына карабастан, жылдын аягына чейин курулуш иштери кыш мезгилинде жүргүзүлгөндүгүнө байланыштуу бүтпөгөндүктөн, подрядчиктердин кепилдик каттарынын негизинде келишимде каралган акча каражаттары толугу менен которулуп берилген. Жумуштарды аткаргандыгы боюнча актылары "Альбатрос Кей Джи" ЖЧКсы тарабынан 03.03.2023-жылы, "Кыргыз Билд Компани" ЖЧКсы тарабынан 27.02.2023-жылы берилген.

**А. Умуралиев атындагы Бишкек шаардык драма театрында** театралдаштырылган иш-чаралардын сценарийинин режиссерлорунун кызматтарын сатып алуу боюнча документтеринде 50% аванстык төлөм 250,0 миң суммасында каралган.

**№13 муниципалдык аймактык башкармалыгында** котировкаларды сурап алуу ыкмасы менен жүргүзүлгөн "Тоголок Молдо 21 турак үйдүн чатырын оңдоо боюнча” тендердик документтерде ишти жеткирүүнүн жана аяктоонун мөөнөттөрү 15 күн. Бирок, 23.11.2022-жылы түзүлгөн келишимде колдонуу мөөнөтү 30 күнгө узартылган. "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-беренесинин 51-пунктуна ылайык жөнөтүүчүнү жана консультантты тандоонун критерии болуп саналган шарттар боюнча сатып алуулар жөнүндө түзүлгөн контрактка өзгөртүүлөрдү киргизүүгө жол берилбейт.

**Сунуштама**

**“Бишкек санитардык полигон” муниципалдык ишканасында, "Бишкекбашкыархитектура" муниципалдык ишканасында, Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү департаментинде, Бишкек шаарынын мэриясынын Биринчи май районунун муниципалдык администрациясында, Чоң-Арык МАБында, №13 муниципалдык аймактык башкармалыгында, А. Умуралиев атындагы Бишкек шаардык драма театрында:**

Контракт (келишим) түзүүдө, өзгөртүүлөрдү киргизүүдө жана аванстык төлөмдөрдү жүргүзүүдө “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 51-беренесинде, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун” типтүү тартибинин 68 жана 70-пункттарында жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти

жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун 312-пунктунда каралган талаптары так сакталсын.

Сырткы курулуш иштерин кыш мезгилинде жүргүзбөө, жылдын аягына чейин бүтпөй турган зарыл болгон курулуш иштери боюнча конкурс шарттарында аванс төлөмдөрүнө банктык кепилдик берүү жактары каралсын.

**Аныкталды жана Корутунду**

"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 17-беренесинин 3-пунктунун 12-пунктчасын бузуу менен, монополияга каршы орган менен макулдашылган баалардын прейскурантында ондоо-курулуш иштерин жүргүзүү боюнча баалар жоктугуна карабастан, **Бишкек шаарынын мэриясынын № 13 муниципалдык аймактык башкармалыгында 100,0 миң сомго, № 14 муниципалдык аймактык башкармалыгында 1476,4 миң сомго, № 15 муниципалдык аймактык башкармалыгында 3357,6 миң сомго, № 16 муниципалдык аймактык башкармалыгында 7977,1 миң сомго** бир булактан сатып алуу ыкмасын колдонуу менен "Кыргыз Республикалык майыптар коому" жана "Адилеттүү Биримдик" коомдук бирикмелери менен келишимдер түзүлгөн.

**Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү департаментинде, "**Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 17-беренесинин 3-пунктунун 12-пунктчасына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 25-мартындагы №150 "Кыргыз Республикасынын майыптар коомдорунун товарларын мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу тууралуу» токтомунун талаптарына ылайык «Майыптарга жардам Кей Джи» коомдук бирикмеси менен түзүлгөн 8098,3 миң сом суммасындагы келишим боюнча, анын түз келишим түзүү укугун тастыктаган кызматкерлердин санынын 50 пайызынан кем эмеси майыптардан тургандыгын жана берген текстиль продукциясына монополияга каршы орган тарабынан белгиленген баалар аудитке берилген эмес.

**Сунуштама**

**Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү департаментинде, № 13, № 14, № 15, № 16 муниципалдык аймактык башкармалыктарында** "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 17-беренесинин 3-пунктунун 12-пунктчасынын талаптарына ылайык, майыптардын саны кызматкерлердин санынын 50%нан кем эмесин түзгөн майыптардын коомдук бирикмелери тарабынан түзүлгөн уюмдардан товарларды сатып алуу, монополияга каршы орган белгилеген баалар боюнча жүргүзүлсүн, бул талаптарды бузууга жол берген жооптуу кызматкерлердин жоокерчиликтери каралсын.

**Аныкталды, жыйынтык.**

2022-жылы "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22, 50-беренелерин бузуу менен, **Бишкек шаарынын мэриясынын №16 Муниципалдык аймактык жана Кыргыз**

**Республикасынын Финансы министрлигинин Биринчи май финансы башкармалыктары, Бишкек шаардык Кеңеши** тарабынан конкурстун катышуучуларынан берүүчүнүн кепилдик камсыз кылуу сунушу, конкурстун жеңүүчүлөрүнөн жана башка берүүчүлөрдөн келишимдин аткарылышын камсыздоону кепилдикке алуу талап кылынган эмес.

**Сунуштама**

**Бишкек шаарынын мэриясынын №16 Муниципалдык аймактык жана Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Биринчи май финансы башкармалыктарына, Бишкек шаардык Кеңешине:**

"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесине ылайык, конкурстун катышуучуларынан берүүчүлөрдүн сунуштарынын кепилдик жактан камсыз кылынышы камсыздалсын жана 50-беренесине ылайык, товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда берүүчүлөрдөн контракттын аткарылышын кепилдик камсыз кылууну талап кылынсын.

Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу жол-жоболорун жүргүзүүдө, "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды, жыйынтык.**

2023-жылдын 1-январына карата мамлекеттик сатып алууга катышуучулар тарабынан сунушун жана контрактын аткарылышын кепилдик камсыздоо үчүн тапшырылган каражаттары боюнча 3-жылдан ашык депозиттик эсептеринде турган **Бишкек шаарынын Ленин районунун билим берүү башкармалыгынын** 158,1 миң сомдук, **Октябрь райондук билим берүү борборунда**-994,8 миң сомдук, **№1 МАБтын -** 46,8 миң сомдук**, №3 МАБтын - 8,5 миң сомдук** кредитордук карыздары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 29.09.2017-жылдагы №626 токтому менен бекитилген "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" Жобонун 4-пунктуна ылайык тиешелүү бюджеттин кирешесине которууга жатат.

2023-жылдын 1-январына карата ***Ленин райондук мамлекеттик муниципалдык администрациясынын*** депозиттик эсебинде мамлекеттик сатып алууга катышуучулар тарабынан сунушун жана контрактын аткарылышын кепилдик камсыздоо үчүн тапшырылган каражаттары боюнча 187,0 миң сом кредитордук карыз 3-жылдан ашык (2017-2020-жж) турат, анын ичинен: 23,5 миң сомго келишимдер толук аткарылгандыгына байланыштуу кайтарып берүүнү сураган кат берилген, 140,0 миң сомго келишимдердин аткарылышын жана конкурска катышуучулардын адрестерин тактоо боюнча иш жүрүүдө, ал эми **23,5** миң сом талап кылынбаган акча каражаты катары жергиликтүү бюджеттин кирешесине аудит учурунда которулду.

Ошондой эле, 126,0 миң сом "Task Force Innovations" (Таск Форс Инновейшенс) ЖЧКсы тарабынан Ленин райондук ММА имаратына

жүргүнчү-жүк ташуучу (грузопассажирский) лифти коюу, монтаждоо жана ишке киргизүү жөнүндө 04.07.2018-жылы 1800,0 миң сом суммасында түзүлгөн келишимди аткарууга кепилдик катары 54,0 миң сом 20.06.2018-жылы, 72,0 миң сом 27.06.2018-жылы депозит эсебине төлөнгөн. Аталган келишимдин 8.2. пунктуна ылайык, коюучу (поставщик) кабыл алуу актысы менен колдонууга берилгенден тартып 5-жыл ичинде жабдыкка (лифтке) кепилдик берген. 30.04.2019-жылы кабыл алуу актысы менен лифт ишке берилген. Бирок, "Кыргызлифт" АКсынын 21.12.2020-жылы №2020-090 каты менен берилген 9-пункттан турган корутундусунун жана колдонуу учурундагы механизмдеринин тез-тез бузулууларынан улам 2021-жылдын ноябрь айынан тартып бүгүнкү күнгө чейин лифт иштебей турат.

**Сунуштама.**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 29.09.2017-жылдагы №626 токтому менен бекитилген "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" Жобонун 4-пунктуна ылайык, Мамлекеттик сатып алууга катышуучулар тарабынан сунушун жана контрактын аткарылышын кепилдик камсыздоо үчүн тапшырылган каражаттары боюнча 3-жылдан ашык депозиттик эсептеринде турган **Бишкек шаарынын Октябрь райондук билим берүү борборунда**-994,8 миң сомдук, **Ленин районунун билим берүү башкармалыгынын 158,1 миң сомдук, №1 МАБтын - 46,8 миң сомдук, №3 МАБтын - 8,5 миң сомдук** кредитордук карыздары тиешелүү бюджеттин кирешесине которулсун.

Депозит эсебинде 3 жылдан ашык талап кылынбаган акча каражаттарын КР Өкмөтүнүн 29.09.2017-жылдагы №626 токтому менен бекитилген "Казыналыктын бирдиктүүү эсеп системасындагы депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" Жобонун 4-пунктуна ылайык тиешелүү бюджеттин кирешесине которуу иштери жүргүзүлсүн.

"Task Force Innovations" (Таск Форс Инновейшенс) ЖЧКсы менен түзүлгөн келишимдин алкагында лифти ишке киргизүү боюнча иштер жүргүзүлсүн.

***Мамлекеттик сатып алуулардын жыйынтыктарын баалоо, жол-жоболоштуруу жана түзүлгөн келишимдерди аткаруудагы аныкталган кемчиликтер жана бузуулар.***

**Аныкталды, жыйынтык.**

**"Бишкек суу чарба" муниципалдык ишканасында** 2022-жылдын 9-ноябрындагы сатып алуу протоколуна ылайык, "Манупулятор жүк көтөрүмдүүлүгү 5 тонна, шассиге" атайын техниканы сатып алуу лоту боюнча 2 катышуучу өз табыштамаларын беришкен: "Экспресс Деливери" ЖЧКсы 6 045,4 миң сом суммасына, "Элим строй" ЖЧК 5 444,7 миң сом суммасына.

Конкурстук комиссиясынын 2022-жылдын 23-ноябрындагы баалоо протоколуна ылайык, "Элим строй" ЖЧКнын конкурстук табыштамасы квалификациялык талаптарга ылайык келбейт деп четке кагылып, жеңүүчү

болуп "Экспресс Деливери" ЖЧК аныкталып, 6 045,4 миң сом суммасында келишим түзүлгөн.

Бирок, аудит конкурстук табыштамаларды баалоодо конкурстук комиссия "Элим строй" ЖЧКнын конкурстук табыштамаларынын кичине дал келбестигин Олуттуу деп эсептеген пикирин билдирет. Жеңишти "Элим строй" ЖЧКсына ыйгарууда бюджеттик каражаттын үнөмдөлүшү 600,7 миң сомду түзмөк.

**“Бишкек жашыл чарба” муниципиалдык ишканасында** “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 11-беренесинин талаптарын бузуу менен, бекитилген пландан жалпы суммасы 493,0 миң сомго ашыкча сатып алуу жүргүзүлгөн.

Ишкана тарабынан “Стандарттуу тендердик документациянын” 4-пунктунун “Акыркы 2 жыл ичинде жарыяланган лоттун суммасынан кем эмес суммага окшош келишимдерди түзүү тажрыйбасы бар” подпунктчасы одоно бузулуп ЖИ “Исламова Г.Р” жеңүүчү деп табылган.

Ишкана тарабынан 2022-жылдын 14-ноябрындагы “Комплект катары кышкы жумуш кийимдерин сатып алуу келишимин түз түзүү жол-жоболорун жүргүзүүнүн жыйынтыктары жөнүндө” жумушчу топтун отурумунун протоколунун негизинде “Бек Эрк” ЖЧИсын 1 комплект 4790,0 сом жалпы суммасы 1 461,0 миң сом менен жеңүүчү деп кабыл алышкан. Ошол эле учурда, кышкы жумуш кийимдерин “БУПП №1 КОСиКОГ” ЖЧКсы мамлекеттик сатып алуулардын веб-порталына 1 даанасы 4550 сомдон койгон, бул материал Ишкананын өзүнүн конкурстук документациясы менен кошо тиркелип тургандыгына карабастан “Бек Эрк” ЖЧИсын жеңүүчү деп чечим чыгарган. Бул өткөзүлгөн конкурстан Ишкана 73,2 миң сом чыгым тарткан.

“Балалык” паркына сугаруу материалдарын сатып алуу”, “Калифорния курттарын сатып алуу”, “Атайын техникаларга запастык бөлүктөрдү сатып алуу” конкурсттук документерде, ошондой эле жумушчу топтун отурумунун протоколдорунда жумушчу топтун төрагасынын жана кээ бир мүчөлөрүнүн колдору коюлган эмес.

**Спорттук оюндардын олимпиадалык резервдин адистештирилген балдар-өспүрүмдөр мектебинде** 298,2 миң сомдук спорттук топторду сатып алуу боюнча уюштурулган сынакка 9 катышуучу катышкан. Катышуучулардын конкурстук табыштамаларын кароодо конкурстук комиссия тарабынан 298,2 миң сом түзгөн табыштаманын “Барсал" ЖЧКсы жеңүүчү деп жарыяланган. Бирок, сунуш кылынган суммасы 263,5 миң сом (34,7 миң сомго төмөн) “Автек” ЖЧКсы точкалардын жоктугуна байланыштуу сатып алуулар протоколуна ылайык, конкурстук комиссия тарабынан четке кагылган. Бул талап катышуучулар үчүн конкурстук документтерде көрсөтүлгөн эмес жана тандоо критерийлери болгон эмес. Ушуга байланыштуу, сунушталган 263,5 миң сом суммадагы "Автек" ЖЧКсы конкурстук комиссия тарабынан “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамдын 29-беренесинин 2-пунктун бузуу менен негизсиз четке кагылган.

**"Бишкекжарык" муниципалдык ишканасында** 2022-жылдын 24-октябрындагы жарык жабдууларды сатып алууну баалоо боюнча комиссиянын протоколунун негизинде 3711000 сом баасы менен квалификациялык талаптарга жооп берген ЖИ Жолдошбеков Б.Ж. жеңүүчүсү болуп аныкталган. Бирок "Бишкекжарык" муниципалдык ишканасынын сатып алууну баалоо боюнча комиссиясы сынактын шарттарынын 4-пунктунда салык салымдары боюнча карызы жок экендиги жөнүндө маалымат, камсыздандыруу төгүмдөрү боюнча карыздын жоктугу тууралуу маалымат, билдирилген лоттун суммасынан кем эмес суммада акыркы эки жылда ушундай эле кызмат көрсөтүү келишимдерин аткаруу тажрыйбасына ээ болуудагы маалыматтарында суммасы кем болсо дагы келишим 3711,0 миң сомго ЖИ Жолдошбеков Б.Ж. менен түзүлгөн.

**"Бишкекбашкыархитектура" муниципалдык ишканасында** өткөрүлгөн №2202013167621 жана №220519331832211 конкурстарында "Уни Капитал" ЖЧКсы жана "Билейк Трейд" ЖЧКсы жеңүүчүлөр деп таанылган, бирок бул конкурстарда башка катышуучулар - ИП Израилова Н.Р., ИП Баженова Т.В., жана ЖЧК "КБМ" жеңүүчүлөргө караганда төмөн бааны сунуш кылышкан. Бирок, алар сунушталган видео карта конкурстук талаптарга жооп бербейт деп четке кагылган. Ошону менен бирге, ушул лоттор боюнча квалификациялык талаптарга ылайык, сунуштар ачылгандан кийин видеокартанын үлгүлөрүн берүү талаптары кулактандырууда жок экендигин белгилей кетүү керек.

Ошондой эле, Мамлекеттик сатып алуулар порталында жарыяланган келишимдин өзгөчө шарттарына ылайык, товар берүүчү мөөнөтү өтүп кеткендиги үчүн жоопкерчилик тартат жана сатып алуучуга ар бир мөөнөтү өтүп кеткен күн үчүн 0,1% өлчөмүндө туум, келишимдин суммасынан максималдуу 1,0% айып пул төлөйт. Өткөрүлгөн № 220201316197621, № 220324323800119, № 220519331832211, № 220928349967884 конкурстарда ББА сатып алуу процессин дээрлик көзөмөлдөбөгөнү сатып алуучу уюмдун жеткирүү мөөнөтүн бузгандыгы үчүн жабдуучуларга карата айып пул санкцияларды колдонуу укугу менен мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу сыяктуу натыйжаларга алып келет, жыйынтыгында, Бишкекбашкыархитектура **муниципалдык ишканасында** 53,9 миң сом өлчөмүндөгү айып пул санкциялары кармалган эмес жана талап кылынган эмес.

**"Бишкек жүргүнчүлөр автотранспорттук ишканасы" муниципалдык ишканасы**

2022-жылдын 15-августундагы №ZT20220820 келишими боюнча 120 бирдик санында ZHONGTONG маркасындагы шаардык жүргүнчү автобустарын алууда 90% өлчөмүндө аванстык төлөм каралган, бул Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсеп жана финансылык отчетту жүргүзүү жөнүндө жобонун" 312-пунктуна карама-каршы келет, мында, жабдуучу тарабынан аванстык төлөм суммасына кепилдик берүү шартында, аванстык төлөмдөрдүн суммасы

(алдын ала төлөө) контракттын (келишимдин) суммасынын 10 пайызына чейин деп белгиленген. Ошондой эле, 2022-жылдын 15-августундагы №ZT20220820 келишиминин 3.4-пунктунун шарттарын бузуу менен, ZHONGTONG маркасындагы шаардык жүргүнчү автобустарын жеткирүү 55 календардык күнгө кечигүү менен тапшырылган. Жогоруда аталган Келишимдин 3.4-пунктуна ылайык товарды жеткирүү мөөнөтү жабдуучунун эсептешүү эсебине келишимдин суммасынан 10% экинчи аванстык төлөм келип түшкөндөн кийинки 90 жумуш күнүн түзөт. Экинчи аванстык төлөм 2022-жылдын 27-сентябрында которулган. Ал эми 120 автобусту өткөрүп берүү кабыл алуу актысына 2023-жылдын 5-апрелинде кол коюлган. Келишимдин 5.2-пунктуна ылайык, жабдуучу товар берүү мөөнөтүн бузган учурда, сатып алуучу жабдуучудан мөөнөтү өтүп кеткен ар бир күн үчүн мөөнөтүндө берилбеген товардын суммасынан 0,1% өлчөмүндө, бирок мөөнөтүндө берилбеген товардын жалпы наркынын 5% ашпаган айып төлөмүн талап кылууга укуктуу деп көрсөтүлгөн. Эсептөө: (келишимдин суммасы-10 920 000$ * 0,1%) * 55 календардык күн = 600 600$. Айып төлөмдүн суммасы белгиленген мөөнөттө жеткирилбеген товардын жалпы наркынын 5% ашса, айып төлөмдүн суммасы 10 920 000$ * 5% = 546 000$ * Кыргыз Республикасынын Улуттук банктын курсу 87,42 = 47 731,3 миң сом. Мында, аудитке ушул конкурс боюнча конкурстук документтер толук берилбегендигин белгилейт.

**Бишкек шаарынын мэриясынын Биринчи май районунун муниципалдык администрациясында** “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 17-беренесинин 3-пунктунун 3-пунктчасын бузуу менен, https://tandoo.zakupki.gov.kg/ сайты жок болгон учурда электрондук каталогдун позицияларында товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2022-жылдын 17-майындагы № 85-П буйругу менен бекитилген Электрондук сатып алууларды жүргүзүү тартибинин 40-пунктун бузуу менен, эгерде электрондук каталог 50 000 сомго чейинки суммада сатып алуучу уюм талап кылган товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү камтыбаса, Администрация тарабынан потенциалдуу жабдуучулардан коммерциялык сунуштар боюнча (экиден кем эмес) тиешелүү суроо-талап жүргүзүлбөй, 125,5 миң сом суммасында сатып алуулар жүргүзүлгөн, анын ичинен жеке ишкер А.К. Тулебаева башка кызматтар боюнча 10,2 миң сомго, жеке ишкер Ибрагимова С.Ш. башка кызматтар боюнча 20,8 миң сомго, «М Компани» ЖЧКсы менен 10,0 миң сомго сүрөт сатып алууга, жеке ишкер Н.Д.Сманов менен кызматтык унааларды оңдоого 49,5 миң сомго, «Алан Групп» ЖЧКсы менен 1С: Бухгалтерия 8,3 программасын орнотуу жана тейлөө боюнча 35,0 миң сомго.

2022-жылдын 24-июнундагы № 220614335205020 «Кызматтык унааларды оңдоо» конкурсунун жүрүшүндө жеңүүчү болуп ЖИ.Сманов Н.Д. сунушталган баасы 267,3 миң сом, ал эми башка катышуучу «ЛАМиКОМ» ЖЧКсы ушундай квалификациялык талаптар менен 188,3 миң сом бааны

сунуштап, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамдын 24-беренесинин 3-пунктуна ылайык четке кагылган. Мында сатып алуучу уюм тарабынан ушул бөлүккө ылайык жабдуучунун сунушунан баш тартуунун себептери сатып алуу жол-жоболорунун протоколуна киргизилбейт. Сынактын жеңүүчүсүн негизсиз аныктоонун натыйжасында ишкананын автотранспортун оңдоо боюнча сатып алынган кызматтардын баасы 79,0 миң сомго жогорулатылган.

**Бишкек шаарынын мэриясынын А. Каниметов атындагы №1 жалпы билим берүүчү гимназия интернатында** сатып алуу конкурстарга катышкан жеткирүүлөрдүн документтери аудитке берилген эмес, ошондой эле конкурстардын протоколдорунда сатып алуу комиссиясынын биринин дагы колу документтерде жок болуп чыкты.

**"Аялзат" үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркаган аялдарга жардам берүү борбору" муниципалдык мекемесинде** 2021-жылы жүргүзүлгөн сатып алууларга Бишкек шаарынын мэриясынын социалдык өнүктүрүү башкармалыгынын 18.05.2022-жылдагы №15 буйругу менен түзүлгөн комиссия тарабынан жүргүзүлгөн текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча, конкурска берген баадан негизсиз жогорулатуу менен "Вин-Вей" ЖЧСсы боюнча 4,8 миң сомго, "Все скидки" ЖЧКсы боюнча 3,0 миң сомго келишим түзүлгөндүгү көрсөтүлгөн. Ал эми, күйүүчү жана майлоочу материалдарын (ГСМ) сатып алуу боюнча өткөрүлгөн конкурстун жыйынтыгы боюнча "Партнер Нефть" ЖЧКсы менен "АИ-92" маркасындагы 2150 литр бензинди 49 сомдон 1-айга чектелген (фиксированная) баада, андан кийин корпоративдик клиенттерине коюлган баада сатыла тургандыгы боюнча келишим түзүлгөн, жыйынтыгында баалардын өскөндүгүнө байланыштуу конкурска берилгенден 235 литрге же 11,5 миң сомго аз бензин алынган.

**№3 Муниципалдык аймактык башкармалыгы** боюнча 16.05.2022-жылы аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө 95 баштык тамак-аш азыктарын сатып алуу конкурсуна (пландалган суммасы 292,5 миң сом) 8 талапкер катышкан, алардын ичинен эки тапкердин конкурстук документтери талапка ылайыктуу деп табылып, эң төмөнкү 272,8 миң сом суммасындагы бааны берген жеке ишкер А.Р. Абдыкадырова утуучу деп табылган. Бирок, андан төмөнкү бааны берген "Жагат.кж" ЖЧКсы жаңы ачылгандыгына байланыштуу иш-тажрыйбасы жоктугуна карабастан 95 баштык тамак-аш азыктарынын үлгүсүн бербегендиги үчүн, ал эми уткан катышуучудан жогору бааны берген башка катышуучулар "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамдын 1-беренесинин 1-бөлүгүнө таянуу менен конкурстан четтелишкен, б.а. четтетүүгө негиз болбогон аргументтер келтирилген.

**Сунуштама:**

Мамлекеттик сатып алуулардын жыйынтыктарын баалоо, жол-жоболоштуруу жана түзүлгөн келишимдерди аткарууда “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы

катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун" типтүү тартибине ылайык иш жүргүзүлсүн жана талаптары так сакталсын, аларды бузууга жол берген кызматкерлердин жоопкерчиликтери каралсын: . **"Бишкек суу чарба" муниципалдык ишканасында, "Бишкек жашыл чарба" муниципиалдык ишканасында, Спорттук оюндардын олимпиадалык резервдин адистештирилген балдар-өспүрүмдөр мектебинде, "Бишкекжарык" муниципалдык ишканасында, "Бишкекбашкыархитектура" муниципалдык ишканасында, "Бишкек жүргүнчүлөр автотранспорттук ишканасы" муниципалдык ишканасында, Бишкек шаарынын мэриясынын Биринчи май районунун муниципалдык администрациясында, А. Каниметов атындагы №1 жалпы билим берүүчү гимназия интернатында, "Аялзат" үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркаган аялдарга жардам берүү борбору" муниципалдык мекемесинде, №3 Муниципалдык аймактык башкармалыгында.**

**"Бишкекбашкыархитектура" муниципалдык ишканасында** келишимдин шарттарында каралган 53,9 миң сом суммасындагы, **"Бишкек жүргүнчүлөр автотранспорттук ишканасы" муниципалдык ишканасы** 47 731,3 миң сом айып пулду өндүрүү иш-чарасы жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

**Жалпы билим берүүчү № 62 мектеп гимназия окуу-тарбиялоо комплекси**

"Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын мыйзамын бузуу менен 2021 жана 2022-жылдарга мамлекеттик сатып алуулардын планы жана жүргүзүлгөн сатып алуулар боюнча протокол түзүлгөн эмес.

№62 МГ окуу комплекси 06.09.2022-жылы Кыргыз Республикалык майыптар коому менен "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" жана "Кыргыз Республикасынын майыптар коомдорунун товарларын мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык, 268,7 миң сомго эмерек жеткирүү боюнча келишим түзүлгөн. 2022-жылдын 7-сентябрындагы № 21 төлөм тапшырыгы менен эмерек сатып алуу үчүн "Кыргыз Республикасынын майыптар коому" коомдук бирикмесине 268,7 миң сом которулган, же келишимге кол коюлгандан кийинки 3 банктык күндүн ичинде которулган.

Жеткирүү убактысы 2022-жылдын 30-сентябрына чейин. 2022-жылдын 5-октябрындагы № н/ж коштомо кагазына ылайык, 13 комплект (парталар 2 стул менен) 80,6 миң сом суммасында, 95 стулдар 188,1 миң сом суммасында 5 күнгө кечиккен, б.а. 30.09.2022-жылы жеткирилиши керек болсо, иш жүзүндө 05.10.2022-жылы комиссиялык түрдө эмеректерди кабыл алуу-өткөрүп берүү актысынын негизинде жеткирилген. №62 МГ окуу комплекси

тарабынан Октябрь району боюнча билим берүү борборунун дарегине 2022-жылдын 5-октябрындагы № 341 өтүнүч катынын негизинде, жогорудагы эмерек №62 МГ окуу комплексинин балансына коюлган.

**Сунуштама**

Жалпы билим берүүчү №62 мектеп гимназия окуу-тарбиялоо комплексинин жетекчилиги, жабдуучу тарабынан товарларды, жумуштарды жана кызматтарды өз убагында жеткирилиши көзөмөлдөнсүн.

Товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу планын жана жүргүзүлгөн мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө отчетту түзүү бөлүгүндө, "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптары так сакталсын.

**И.В. Панфилов атындагы № 6 автордук окуу-тарбия комплекс мектеп-гимназиясы**

**Аныкталды жана Корутунду**

2022-жылы жабдуучулар тарабынан 4080,9 миң сом суммасында ТМБ жана кызматтар көрсөтүлгөн, 5351,4 миң сом суммасында төлөмдөр жүргүзүлгөн. 2022-жылдын 31-декабрына карата жабдуучулардын дебитордук карызы 1282,2 миң сомду, жабдуучулардын алдындагы кредитордук карыз 11,7 миң сомду түздү.

**Сунуштама**

Жабдуучуларга жана подрядчыларга, товарларды жеткирүү жана кызматтарды көрсөтүү фактысы боюнча төлөм жүргүзүлсүн. Жабдуучулар жана подрядчылар тарабынан дебитордук карыздардын пайда болушуна жол берилбесин.

**Е.Б. Якир атындагы № 61 автордук физика-математикалык мектеп-лицей окуу комплекси**

**Аныкталды, жыйынтык.**

Лицейдин директорунун 2017-жылдын 29-июнундагы №4 буйругу менен мамлекеттик сатып алуулар боюнча адис Г.Н.Славкинанын (сатып алууларды жүзөгө ашыруу үчүн жоопкерчилик жүктөлгөн) атынан сатып алуулар бөлүмү түзүлгөн. “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 25-беренесин бузуу менен, сатып алуучу уюмдун сатып алуулар бөлүмүнүн бардык адистери мамлекеттик сатып алуулар жаатында сертификацияланган адистер болушу керек, бухгалтериянын адиси Г.Н. Славкинанын Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү мамлекеттик сатып алууну башкаруу боюнча окуу борборунун тиешелүү тастыктамасы жок.

**Сунуштама:**

“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 25-беренесине ылайык сатып алуучу уюмдун сатып алуулар бөлүмүндө мамлекеттик сатып алуулар жаатындагы сертификацияланган адистердин болушу камсыздалсын.

**Бишкек шаарынын Ленин районунун билим берүү башкармалыгы.**

**Аныкталды, жыйынтык.**

2022-жылга жалпы билим берүү мектептеринде 1-4 класска чейинки окуучуларга жана 5-7 класска чейинки ата-энеси жок жана аз камсыз болгон үй-бүлөдөн окуган окуучуларга ыссык тамак уюштурууга 45 лоттон (1 мектеп 1 лот) турган жалпы 58139,3 миң сом пландалган суммасында конкурстук торук бир этаптуу методу менен 2021-жылдын 26-ноябрында жарыяланган. Конкурс Бишкек шаарынын Билим берүү башкармалыгынын "Тамак-аш азыктарын жана мектеп тамак-ашын уюштуруу кызматтарын сатып алуу боюнча" 18.12.2018-жылдагы №598 буйругу менен бекитилген №1 Протоколунда көрсөтүлгөн шарттар жана квалификациялык талаптар боюнча даярдалган конкурстук документациялардын негизинде жүргүзүлгөн. Конкурстун негизги шарттары - конкурстук документацияларда көрсөтүлгөн квалификациялык талаптарга жооп берген катышуучулар тарабынан БШК бекитип берген баада (бир балага ыссык тамак күнүнө 2022-жылдын апрелине чейин 14 сомдон, андан кийин 22 сомдон) түзүлгөн перспективалык меню боюнча ыссык тамактануу уюштуруу.

Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү башкармалыгы тарабынан мектептердин ашканалары үчүн 1 окуучуга күнүнө 22 сомдон бекитилген 20 күндүк менюсунун калькуляциясында айрым тамак-аш азыктарынын (эт, суу майы, кумшекер, күрүч, гречка, жер-жемиштер) баасы мамлекеттик сатып алуулар порталы аркылуу сатып алынган тамак-аш азыктарынын орточо жылдык баасынан жогору экендигин талдоолор көрсөттү.

Мамлекеттик сатып алуулардын жыйынтыгы боюнча сунушталган келишимде ыссык такты уюштурууга мектеп тарабынан берилип жаткан ашкананын жабдыктары менен мектептин штаттык ырааттамасынын эсебинен эмгек акы алган ашкана жумушчуларын иштетүүгө берүү шарттары колдонуудагы ченемдик актыларга ылайык жеткире иштелип чыкпагандыгын белгилөөгө болот. Мектептердин ашкана жабдыктары ыссык тамактанууну уюштуруучуларга (арендаторлорго) акысыз пайдаланууга берүү Муниципалдык мүлктү башкаруу департаменти менен макулдашылган эмес жана алардын пайдалануусундагы ашкананын аянты жана жабдыктардын тизмеси келишимде так көрсөтүлгөн эмес. Ленин райондук билим берүү борбору 02.08.2022-жылдын №10/915 жана 23.01.2023-жылдын №10/39 каттары менен Муниципалдык мүлктү башкаруу департаментине жалпы билим берүү уюмдарынын ашканаларын ижарага берүү келишимдерин макулдашуу боюнча кайрылган, бирок жооп берилген эмес.

Факты жүзүндө арендаторлор ашкананын тамактануу залын пайдалангандыгына карабастан, ашкананын жабдыктары турган бөлүгүнүн (пищеблок) гана коммуналдык чыгымдарынын ордун толтурат. Ошондой эле, сунушталган келишимде арендатор ашкананын ишин керектүү тейлөө кызматкерлери менен камсыз кыла тургандыгы көрсөтүлгөн. Иш жүзүндө ашкананын ишин мектептин штаттык ырааттамасында турган ашкана жумушчулары камсыз кылат жана алардын повардыкты окуган сертификаты бар айрымдарынын документтери конкурстук торукка берилген.

**Сунуштама**

Бишкек шаарынын Билим берүү башкармалыгынын "Тамак-аш азыктарын жана мектеп тамак-ашын уюштуруу кызматтарын сатып алуу боюнча" 18.12.2018-жылдагы №598 буйругу менен бекитилген №1 Протоколунда ыссык такты уюштурууга (ижарачыга) мектеп тарабынан берилип жаткан ашкананын жалпы аянтын, жабдыктарын жана мектептин штаттык ырааттамасынын эсебинен эмгек акы алган ашкана жумушчуларын иштетүүгө берүү шарттарын Муниципалдык мүлктү башкаруу департаменти менен биргеликте тактап тиешелүү өзгөртүүлөрдү киргизүү жана 20 күндүк тамактануу менюсунун калькуляциясына кирген тамак-аш азыктарынын бааларын базардагы баалардын өзгөрүүсүнө карата кайра кароо иштери жүргүзүлсүн.

**Аныкталды, жыйынтык.**

2022-жылдын 20-декабрында мектептерге жана мектепке чейинки мекемелерге компьютер жабдыктарын, интерактивдик панелдерин, проекторлорду, парталарды жана кухня жабдыктарын сатып алуу үчүн 15 лоттон турган жалпы 3901,1 миң сом пландалган суммасында конкурстук торук котировкаларын суратуу методу менен жарыяланган. Мында, лоттор мектептердин жана мектепке чейинки мекемелердин берген арыздары боюнча ар кандай техникалык спецификациядагы оргтехникалар (компьютер, принтер, проектор) мекемелер боюнча түзүлгөн. Мисалы, сатып алуу конкурсуна коюлган компьютерлердин баасы техникалык спецификацияларына карата 25,0 миң сомдон 50,0 миң сомго чейин жеткен. Конкурстун жыйынтыгы менен мектептерге жана мектепке чейинки мекемелерге сатып алынган компьютерлердин баасы 19,0 миң сомдон 49,6 миң сомго чейин түзгөн.

**Сунуштама**

Компьютер жабдыктарын сатып алууда колдонуучулардын (мугалимдерге, окуучуларга, уюштуруу чарба иштерине) талабына карата бирдиктүү иштелип чыккан техникалык спецификациялар колдонулсун.

**Курулуш-куроо жана оңдоо иштери боюнча**

***Бишкек шаарынын мэриясынын Капиталдык курулуш башкармалыгы***

**Аныкталды, жыйынтык.**

Курулуш жана оңдоо иштерине жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча 2022-жылы подряддык негизде аткарылган капиталдык курулуш жана оңдоо иштеринин аткаруу актыларында, жалпы **18357,7** миң сом суммасында жумуш көлөмүн негизсиз жогорулатуу жана сапатсыз аткарылган жумуштарды кабыл алуу фактылары аныкталган (аудит учурунда ордуна коюлганы **9593,9** миң сом жана **8763,8** миң сому ордуна коюлууга тийиш), анын ичинен:

-“Бишкек шаарындагы №76 мектеп имаратын реконструкциялоо” объектиси боюнча подрядчы “Арай” ЖЧКсы тарабынан **1053,8** миң сом (ордуна коюлду);

-“Бишкек шаарындагы №35 мектептин окуу корпусу менен спорт залын куруу” объектиси боюнча подрядчы “Капитал Курулуш” ЖЧКсы тарабынан **6449,0** миң сом анын ичинен: ордуна коюлганы **– 690,0** миң сом, ордуна коюлууга тийиш **– 5759,0** миң сом ;

-“Бишкек шаарындагы №6 мектептин спорттук залы менен окуу корпусун куруу” объектиси боюнча подрядчы “Капитал Курулуш” ЖЧКсы тарабынан **2904,3** миң сом, анын ичинен: ордуна коюлганы **– 1833,0** миң сом, ордуна коюлууга тийиш **– 1071,3** миң сом;

- “Бишкек шаарынын “Мурас-Ордо” конушундагы мектепти куруу” объектиси боюнча подрядчы “Ясин Курулуш” ЖЧКсы тарабынан **4143,6** миң сом, анын ичинен: ордуна коюлганы **– 3367,9** миң сом, ордуна коюлууга тийиш **– 775,7** миң сом ;

-“Бишкек шаарынын “Жал-29” кичи районундагы 140 орундуу бала бакча куруу” объектиси боюнча подрядчы “Улар Транс” ЖЧКсы тарабынан ордуна коюлуучу **1074,0** миң сом, анын ичинен: ордуна коюлганы **– 375,7** миң сом, ордуна коюлууга тийиш – **698,3** миң сом;

- “Бишкек шаарындагы “Көлмө” конушундагы мектепти куруу” объектиси боюнча подрядчы “Капитал Билдинг ЛТД” ЖЧКсы тарабынан **1478,6** миң сом (ордуна коюлду);

-“Бишкек шаарындагы №1 Үй-бүлөлүк дарылоо борборунун имаратын куруу” объектиси боюнча подрядчы “НАК-Строй” ЖЧКсы тарабынан **400,5** миң сом;

-“Бишкек шаарынын Ушаков көчөсүнүн Тоголок Молдо жана профессор Зима көчөлөрүнүн аралыгында канализация куруу” объектиси боюнча подрядчы “НАК-Строй” ЖЧКсы тарабынан **194,5** миң сом (ордуна коюлду);

- “Бишкек шаарынын “Эне-Сай” конушундагы Култегин, Эне-Сай-Орто жана Гидрокуруучулар көчөлөрүндө магистралдык канализация куруу” объектиси боюнча подрядчы “Максат-Инжиниринг” ЖЧКсы тарабынан **185,7** миң сом, анын ичинен: ордуна коюлганы **– 126,7** миң сом, ордуна коюлууга тийиш **–59,0** миң сом;

-“Бишкек шаарындагы №41 мектепте газ менен иштөөчү от казан имаратын куруу” объектиси боюнча, подрядчы “Термофлекс” ЖЧКсы тарабынан **87,1** миң сом (ордуна коюлду);

- “Бишкек шаарындагы №8 мектепке чейинки билим берүү мекемесинин имараттарын капиталдык ондоо иштери” объектиси боюнча подрядчы “НАК-Строй” ЖЧКсы тарабынан **59,1** миң сом (ордуна коюлду);

-“Бишкек шаардык ички иштер башкы башкармалыгын, А. Орозбеков көчөсүндө жайгашкан убактылуу кармоочу жайдын имаратын капиталдык ондоо иштери (2-этап)” объектиси боюнча подрядчы “Рамазан Курулуш” ЖЧКсы тарабынан **31,2** миң сом (ордуна коюлду);;

-“Бишкек шаарындагы №16 мектепке чейинки билим берүү мекемесинин имараттарын капиталдык ондоо иштери” объектиси боюнча, подрядчы “Максат-Инжиниринг” ЖЧКсы тарабынан **296,3** миң сом (ордуна коюлду).

**Сунуштама:**

1. Бишкек шаарынын мэриясынын Капиталдык курулуш башкармалыгы жалпы суммасы **8763,8** миң сомдук курулуш иштеринин көлөмүн негизсиз жогорулатуу жана сапатсыз аткарылган жумуштарды ордуна коюу боюнча тиешелүү иш-чараларды жүргүзсүн, анын ичинен:

- “Бишкек шаарындагы №35 мектептин окуу корпусу менен спорт залын куруу” объектиси боюнча, подрядчы “Капитал Курулуш” ЖЧКсы тарабынан **5759,0** миң сом;

-“Бишкек шаарындагы №6 мектептин спорттук залы менен окуу корпусун куруу” объектиси боюнча, подрядчы “Капитал Курулуш” ЖЧКсы тарабынан **1071,3** миң сом;

-“Бишкек шаарындагы “Мурас-Ордо” конушундагы мектепти куруу” объектиси боюнча, подрядчы “Ясин Курулуш” ЖЧКсы тарабынан **775,7** миң сом;

-“Бишкек шаарындагы “Жал-29” кичи районундагы 140 орундуу бала бакча куруу” объектиси боюнча, подрядчы “Улар Транс” ЖЧКсы тарабынан **698,3** миң сом;

-“Бишкек шаарындагы №1 Үй-бүлөлүк дарылоо борборунун имаратын куруу” объектиси боюнча, подрядчы «НАК-Строй» ЖЧКсы тарабынан **400,5** миң сом;

-“Бишкек шаарынын “Эне-Сай” конушундагы Култегин, Эне-Сай-Орто жана Гидрокурууччулар көчөлөрүндө магистралдык канализация куруу” объектиси боюнча, подрядчы “Максат-Инжиниринг” ЖЧКсы тарабынан **59,0 миң сом.**

**2.** Курулуш иштеринин көлөмүн олуттуу суммада жогорулатылышына жана сапатсыз кабыл алынышына жол берген кызмат адамдарынын (техникалык көзөмөл) жоопкерчилиги каралсын.

***Кыргыз Республикасынын Ички иштер министрлигинин (ИИМ) Бишкек шаардык ички иштер башкы башкармалыгы (ШИИББ)***

**Аныкталды, жыйынтык.**

Жалпы **1821,3** миң сомдук жумуш көлөмүн жана баасын негизсиз жогорулатуу фактылары аныкталган жана аудит учурунда толугу менен ордуна коюлган. Мындан сырткары, Бишкек шаарынын “Көлмө” конушундагы 2 кабаттуу шаардык милиция бөлүмүнүн имаратын куруу объектиси боюнча кабыл алуу актылары бекитилген сметага ылайык түзүлбөгөндүгү аныкталган.

**Сунуштама**

Бишкек ШИИББнан, Кыргыз Республикасынын ИИМдин курулуп жаткан ишканалардын бириктирилген Дирекциясынан жана Курулуш-монтаждоо башкармалыгынан Бишкек шаарынын “Көлмө” конушундагы 2 кабаттуу шаардык милиция бөлүмүнүн имаратын куруу объектиси боюнча кабыл алуу актыларын бекитилген сметага ылайык кайра түзүүнү талап кылсын.

***Бишкек шаарынын Биринчи май райондук билим берүү башкармалыгы***

**Аныкталды, жыйынтык**

Бишкек шаарынын Биринчи май райондук билим берүү башкармалыгында 6 объект боюнча шайкештик аудити жүргүзүлүп, анын жыйынтыгы менен 1 объектте **42,0** миң сомдук жумуш көлөмүн жана баасын негизсиз жогорулатуу фактысы аныкталган жана подрядчы “СК Линсар” тарабынан толугу менен Бишкек шаарынын жергиликтүү бюджетинин эсебине кайтаруу жолу менен ордуна коюлду.

**Сунуштама**

Мындан ары, курулуш иштерин бекитилген сметага ылайык так аткаруу жагы көзөмөлгө алынсын.

***Бишкек шаарынын Свердлов райондук билим берүү башкармалыгы***

**Аныкталды, жыйынтык.**

2022-жылы аткарылган ондоо иштерине жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгы менен №65 эколого-экономикалык лицейдин имаратында терезелерди алмаштыруу объектиси боюнча кабыл алуу актысына дал келбеген, же болбосо жалпы баасы **400,6** миң сомдук ачылбай турган терезелер коюлгандыгы аныкталган жана подрядчы тарабынан толугу менен ачыла турган терезеге оңдолуп түзөтүлгөн.

Курулуш иштерин кабыл алууда сапатына техникалык көзөмөл жүргүзүлсүн.

***“Үмүт үйү” Бишкек шаардык карылар жана ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жарандар үчүн социалдык стационардык муниципалдык мекемесинде***

**Аныкталды, жыйынтык**

Имаратты ондоо иштери подряддык негизде “Умар Групп” ЖЧКсы тарабынан аткарылган. Жалпы **147,0** миң сомдук жумуш көлөмүн жана баасын негизсиз жогорулатуу фактыларына жол берилген.

**Сунуштама**

“Үмүт үйү” Бишкек шаардык карылар жана ден-соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жарандар үчүн социалдык стационардык муниципалдык мекемеси тарабынан “Умар Групп” ЖЧКсынан **147,0** миң сомдук жумуш көлөмүн жана баасын негизсиз жогорулатуу фактыларын ордуна коюу боюнча тиешелүү иш чаралар жүргүзүлсүн.

***№14 Муниципалдык аймактык башкармалыгы***

**Аныкталды, жыйынтык.**

Бишкек шаарынын мэриясынын **№14 Муниципалдык аймактык башкармалыгында 106,4 миң сомдук** жумуш көлөмүн жана баасын негизсиз жогорулатуу фактылары аныкталган жана подрядчылар тарабынан **76,4** миң сому Бишкек шаарынын жергиликтүү бюджетинин эсебине кайтаруу жолу менен ордуна коюлду, анын ичинен:

-“Алтын-Бешик” конушундагы кичи футбол аянтчасындагы контейнерди ондоо объектиси боюнча подрядчы “Али Групп” ЖЧКсы тарабынан **30,4** миң сом;

-“Алтын-Бешик” конушундагы кичи футбол аянтчасын капиталдык оңдоо объектиси боюнча подрядчы “Даймонд+” ЖЧКсы тарабынан **46,0** миң сом.

Аудит жүргүзүлгөн объектилерде оңдоо иштерине түзүлгөн кээ бир кабыл алуу актылары туура эмес экендиги аныкталып, жалпы **106,4** миң сомдук жумуш көлөмүн жана баасын негизсиз жогорулатуу фактыларына жол берилген, анын ичинен **76,4** миң сому бюджетке кайтаруу жолу менен ордуна коюлду жана **30,0** миң сому ордуна коюлууга тийиш.

**Сунуштама**

Бишкек шаарынын мэриясынын №14 Муниципалдык аймактык башкармалыгы тарабынан “Али Групп” ЖЧКсынан **30,0** миң сомдук 3 отургучту ордуна коюу боюнча тиешелүү иш чаралар көрүлсүн.

***№15 Муниципалдык аймактык башкармалыгы***

**Аныкталды, жыйынтык**

Бишкек шаарынын мэриясынын **№15 Муниципалдык аймактык башкармалыгында 129,9** миң сомдук жумуш көлөмүн жана баасын негизсиз жогорулатуу фактылары аныкталган жана подрядчы тарабынан **10,0** миң сому Бишкек шаарынын жергиликтүү бюджетинин эсебине кайтаруу жолу менен ордуна коюлган, анын ичинен:

- Бишкек шаарынын Волков жана Брест көчөлөрүнүн кесилишиндеги балдар аянтчасын куруу объектиси боюнча, подрядчы “СК Умар Кейджи” ЖЧКсы тарабынан **83,8** миң сом: анын ичинен **10,0** миң сому бюджетке кайтарылды жана **73,8** миң сом бюджетке кайтарылууга тийиш;

-Бишкек шаарынын Талдысуу жана Буурдинская көчөлөрүнүн кесилишиндеги балдар аянтчасын куруу объектиси боюнча, подрядчы “СК Умар Кейджи” ЖЧКсы тарабынан **31,2** миң сомдук курулуш куроо иштеринин көлөмүн негизсиз жогорулатуу фактылары аныкталды жана толугу менен бюджетке кайтарылууга тийиш;

-Бишкек шаарынын Талдысуу, 145 көчөсүндө жайгашкан спортзалды оңдоо объектиси боюнча, “Нур Строй Инвест” ЖЧКсы тарабынан **14,9** миң сомдук курулуш куроо иштеринин көлөмүн негизсиз жогорулатуу фактылары аныкталды жана аталган сумма подрядчы тарабынан толугу менен бюджетке кайтарылууга тийиш.

**Сунуштама**

Бишкек шаарынын мэриясынын №15 Муниципалдык аймактык башкармалыгы тарабынан 3 объект боюнча аныкталган жалпы **119,9** миң сомдук жумуш көлөмүн жана баасын негизсиз жогорулатуу фактыларын ордуна коюу боюнча тиешелүү иш чаралар көрүлсүн, анын ичинен:

-Бишкек шаарынын Волков жана Брест көчөлөрүнүн кесилишиндеги балдар аянтчасын куруу объектиси боюнча, подрядчы “СК Умар Кейджи” ЖЧКсы тарабынан **73,8** миң сом;

-Бишкек шаарынын Талдысуу жана Буурдинская көчөлөрүнүн кесилишиндеги балдар аянтчасын куруу объектиси боюнча, подрядчы “СК Умар Кейджи” ЖЧКсы тарабынан **31,2** миң сом;

-Бишкек шаарынын Талдысуу, 145 көчөсүндө жайгашкан спортзалды оңдоо объектиси боюнча, “Нур Строй Инвест” ЖЧКсы тарабынан **14,9** миң сом.

**“Бишкексууканал" өндүрүштүк-эксплуатациалык башкармалыгында**

**Аныкталды, жыйынтык.**

“Бишкек шаарындагы суу менен жабдуу жана канализация системаларын реабилитациялоо” (II-фаза) долбоорунун **ЛОТ 1 “Тазалоо курулмалардагы кабыл алуу камерасынан түштүк-батыш коллекторго чейин”** участогу боюнча, “Технотоп” ЖЧКсы - “Чайна роуд” (КЭР) биргелешкен Консорциуму менен подряддык келишим 2 737,7 евро суммасында түзүлгөн. Аткарылган курулуш иштеринин актыларынын негизинде, “Кирүү кабыл алуу камерасы” (“Входная приемная камера”) участогунда 145,8 миң сом суммасында иштердин сапатсыз аткарылгандыгы аныкталган. Подрядчы тарабынан калыбына келтирүү иштери толугу менен жүргүзүлгөн.

**ЛОТ 2 “Түштүк-батыш коллектордон Фучика-Ленская көчөлөрүнүн кесилишине чейин” участогу боюнча** "Тяньди Шенси геологиялык компаниясы (КЭР) - Кайнар жабык акционердик коому" Консорциуму менен подряддык келишим 767,3 миң евро суммасында түзүлгөн. Подряддык негизде аткарылган курулуш иштеринин актыларынын негизинде **5,7 миң сом** суммасында иштер сапатсыз аткарылгандыгы аныкталган. Подрядчы тарабынан калыбына келтирүү иштери толугу менен жүргүзүлгөн.

**Сунуштама**

Курулуш иштерин кабыл алууда сапатына техникалык көзөмөл жүргүзүлсүн.

***№1 Муниципалдык аймактык башкармалыгы***

**Аныкталды, жыйынтык.**

Подрядчы “Рем Групп Сервис” ЖЧКсы менен **687,9 миң сомго** Фучика көчөсү 18 дарегинде жайгашкан балдар ойноочу аянтын куруу боюнча келишим түзүлгөн. Курулуш иштеринин сапатсыз аткарылгандыгы аныкталган, тактап айтканда **34,0 миң сомдук** 4 орунду темир айлантмалардын 1 даанасы бетон менен жерге бекем негизделбегендиктен, пайдалануу мезгилинде бузулган.

Подрядчы “Стандарт Профи Групп” ЖЧКсы тарабынан Алыкулов көчөсүндөгү балдар аянтын куруу жана жер тилкесин жашылдандыруу объектиси боюнча аткрылган иштердин актыларынын негизинде жарыктандыруу жабдууларын курууда **6,6 мин сом** суммасында курулуш көлөмдөрүн ашырылгандыгы аныкталган.

**Сунуштама**

№1 Муниципалдык аймактык башкармалыгы подрядчы “Рем Групп Сервис” ЖЧКсы тарабынан сапатсыз аткарылган **34,0 миң сом** суммасындагы курулуш иштерин калыбына келтирүү боюнча иш-чараларды жүргүзүлсүн жана салыштыруу актысы түзүлсүн.

Подрядчы “Стандарт Профи Групп” ЖЧКсы тарабынан **6,6 мин сом** суммасындагы ашырылган курулуш иштеринин көлөмдөрүн ордуна коюу боюнча иш-чараларды жүргүзсүн.

***“Бишкекжарык” муниципалдык ишканасы***

**Аныкталды, жыйынтык.**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 6-августундагы №114 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында кыймылсыз мүлк объекттерин долбоорлоого, курууга жана башка өзгөртүүгө документтерди берүүнүн тартиби жана пайдаланууга киргизилүүчү курулуп бүткөн объекттердин ылайыктуулугун баалоо жөнүндө" Жобосунун 33-пунктуна ылайык мамлекеттик бюджеттен каржылануучу бардык объекттерди куруу же башка өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн даярдалган *долбоордук-сметалык документтер милдеттүү мамлекеттик экспертизалануугa* жатат. Бирок, “Эне-Сай”, “Калыс-Ордо” жана “Ак-Ордо” конуштарына тышкы жарыктандыруу тармактарын орнотуу боюнча долбоордук документтерди иштеп чыгууга жана тышкы жарыктандыруу тармактарын орнотууга өткөрүлгөн конкурстардын жыйынтыктары боюнча түзүлгөн жалпы 1 619,6 миң сом суммасындагы 3 келишим боюнча (“Технадзор Сметчик” ЖЧКсы – 450,3 миң сомго, “Лимит” ЖЧК – 1169,3 миң сомго) аудитке *экспертизадан өткөн долбоордук документтери жана локалдык сметалары* берилген эмес.

Ошондой эле, “ЗилПолиэксперт” ЖЧКсы менен лабораториялык изилдөөлөрдү өткөрүүгө 350,0 миң сомго, “Глобал Скай Билдинг” ЖЧКсы менен атайын техникаларды, кран, манипуляторлорду тартууга 3800,0 миң сомго жана “Демир Дум” ЖЧКсы менен күйүүчү-майлоочу майларды сатып алууга 2500,0 миң сомго, жалпы 6650,0 миң сомго түзүлгөн келишимдердин аткарылышын тастыктаган кабыл алуу актылары аудитке берилген жок.

**Сунуштама**

“Бишкекжарык” муниципалдык ишканасынан 8269,6 миң сомго түзүлгөн келишимдер боюнча (“Технадзор Сметчик” ЖЧКсы – 450,3 миң сомго, “Лимит” ЖЧК – 1169,3 миң сомго, “ЗилПолиэксперт” ЖЧКсы – 350,0 миң сомго, “Глобал Скай Билдинг” ЖЧКсы - 3800,0 миң сомго, “Демир Дум” ЖЧКсы - 2500,0 миң сомго) подрядчиктер тарабынан аткарылышын тастыктаган *экспертизадан өткөн долбоордук документтери, локалдык сметалары, кабыл алуу актылары* талап кылынсын, тастыктаган документтер берилбеген учурда тиешелүү материалдар укук коргоо органдарына өткөрүлүп берилсин.

**Муниципалдык ишканалар жана мекемелер**

Бишкек шаарынын мэриясынын 30.04.2022-жылдагы №68 “Тапшырыкчынын функцияларын административдик райондор боюнча Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрацияларына өткөрүп берүү жөнүндө” токтомунун негизинде 2022-жылдын май айынан тартып Бишкек шаарынын аймагындагы чарбалык жумуштар боюнча муниципалдык тапшырыктарды аткарылышын көзөмөлдөө жана каржылоо

**“Бишкек жүргүнчүлөр автотранспорт ишканасы”** муниципалдык ишканасында (мындан ары-БЖАИ МИ) Бишкек шаарынын мэриясынын 2015-жылдын 18-августундагы №188 "Бишкек жүргүнчүлөр автотранспорт ишканасы" муниципалдык ишканасынын ишмердигин оптимизациялоо жөнүндө токтому менен бекитилген штаттык тизмекте каралбаган 27 штаттык бирдикти (мамлекеттик тил боюнча адиси, контролдук-диспетчердик пункттардагы кызматтар, жуучу- тазалоочу ж.б.) күтүүгө 1973,7 миң сом чыгымдалган.

**"Бишкек санитардык полигону " муниципалдык ишканасы боюнча**

Бишкек шаарынын мэриясынын 2022-жылдын 4-февралындагы №20 Бишкек шаарынын мэриясынын 2020-жылдын 10-июнундагы № 62 "Бишкек шаарында катуу тиричилик калдыктары менен иштөөнү оптималдаштыруу боюнча чаралар жөнүндө токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу” токтомунун негизинде Бишкек санитардык полигону муниципалдык ишканасынын штаттык саны 21 бирдикте бекитилген. Бирок, жогоруда көрсөтүлгөн токтомду бузуу менен 2022-жылдын 01-январынан 2022-жылдын 31-июлуна чейинки мезгилде кызматкерлердин штатын кыскартуу жүргүзүлгөн эмес (штаттык тизмек боюнча 42 бирдик болгон).

2022-жылдын 1-августунан тартып 21 бирдик менен, уюштуруучунун бекитүүсүз жаңы штаттык тизмеги түзүлгөн.

Ошондой эле, 2022-жылы негизги штаттык кызматкерлерден тышкары, мөөнөттүү түзүлгөн келишимдердин негизинде түзүлгөн 8 ашык штаттык бирдиктер камтылган.

Натыйжада, Бишкек шаарынын мэриясынын токтому боюнча каралбаган 21 бирдикти жана мөөнөттүү келишим боюнча түзүлгөн 8 бирдикти күтүүгө 2022-жылга кирешелер жана чыгашалар сметасында каралбаган кызматкерлерди күтүүгө ишкананын каражаттарынан 3494,6 миң сом төлөнгөн.

“**Бишкектеги аза кызматтарын көрсөтүү”** муниципалдык ишканасында штатта каралбаган экономист кызматын кармоого 28,1 миң сом чыгымдалган.

**Сунуштама:**

1. Штаттык тизмекте каралбаган ашыкча бирдиктерди кармоого жол берген **“Бишкек жүргүнчүлөр автотранспорт ишканасы”** муниципалдык ишканасынын**, "Бишкек санитардык полигону”** муниципалдык ишканасынын жана “**Бишкектеги аза кызматтарын көрсөтүү”** муниципалдык ишканасында кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

2. “**Бишкек жүргүнчүлөр автотранспорт ишканасы”, "Бишкек санитардык полигону" жана “Бишкектеги аза кызматтарын көрсөтүү”** муниципалдык ишканаларынын штаттык тизмектери Бишкек шаарынын мэриясынын Муниципалдык ишканалардын иш-аракеттерин оптималдаштыруу жөнүндө токтому менен бекитилген штаттык тизмектерине ылайык бекитилсин.

**Эмгек акы төлөмдөрүн жүргүзүүдөгү бузуулар:**

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтому менен бекитилген “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө” Жобонун** 3-4-пункттарын бузуу менен жумуш орундары аттестацияланбастан, эмгек шарттарын жана эмгекти коргоону жакшыртуу боюнча иштер жүргүзүлбөй эмгек акыга үстөк акы төлөөлөр төмөндөгү муниципалдык ишканаларда жүргүзүлгөн: **“Бишкек жүргүнчүлөр автотранспорт ишканасы”** -2087,5 миң сом, **"Бишкекасфальтсервис**" - 6694,9 миң сом, **“Жол сыноо лабораториясы” -** 519,6 миң сом, **"Бишкексууканал" өндүрүштүк-эксплуатациалык башкармалыгында -** 8521,3 миң сом**, "Бишкекжарык”** -315,5 мин сом, **«Бишкек жашыл чарба» -**1085,9 миң сом, **“Тазалык” -**548,6 миң сом, **“Бишкек санитардык полигон”** -50,4 миң сом (тизмеге кирбеген).

Мындан сырткары, **муниципалдык ишканалар** рентабелдүү иштебегендигине карабастан, өндүрүмдүүлүгүн жана эмгектин натыйжаларын талдоосуз, дем алыш, майрам күндөрү жана мөөнөтүнөн ашык кошумча аткарылган иштерди документтик тастыктоосуз, буйруктардын алкагында коюлган милдеттерди аткаруу жөнүндө бөлүмдөрдүн деталдаштырылган отчеттору жок кошумча эмгек акыга үстөк жана сый акы төлөмдөрдү төлөө практикасы төмөндөгү муниципалдык ишканаларда орун алган: **“Бишкек жашыл чарба”** - 447,8 миң сом, **"Бишкекжарык”** -11888,8 миң сом (50%-469,2), **"Бишкексууканал"** өндүрүштүк-эксплуатациалык башкармалыгында **-**5491,0 миң сом,

"**Бишкек санитардык полигону”** -(жөлөкпул)-147,4 миң сом, сый акы -3132,1 миң сом; “**Бишкектеги аза кызматтарын көрсөтүү”** ишканасында **–** 1296,2 **миң сом, "Бишкексуучарба"** - 1033,2 миң сом (796,0 миң сом, 237,2 миң сом), “**БЖАИ”** (кызматтык окладдарына 30дан 50% чейин) -1335,3 миң сом, **“Бишкекбашкыархитектура”** – 12982,6 миң сом.

**Сунуштама**

Эмгек акы төлөмдөрүн жүргүзүүдөгү бузууларга жол берген төмөндөгү муниципалдык ишканалардын жана мекемелердин жооптуу кызматкерлеринин жоопкерчилиги каралсын: **“Бишкек жашыл чарба”**, **"Бишкекжарык”**, **"Бишкексууканал" өндүрүштүк-эксплуатациалык башкармалыгында, "Бишкекасфальтсервис**", "**Бишкек санитардык полигону”, "Бишкексуучарба", “Бишкек жүргүнчүлөр автотранспорт ишканасы”,** “**Бишкектеги аза кызматтарын көрсөтүү” ишканасы, “Бишкекбашкыархитектура”, “Тазалык” муниципалдык ишканасы**.

**“Бишкекжарык” муниципалдык ишканасында** жана **"Бишкексууканал"** өндүрүштүк-эксплуатациалык башкармалыгында аткарылган иштерди документтик тастыктоосуз, буйруктардын алкагында коюлган милдеттерди аткаруу жөнүндө бөлүмдөрдүн деталдаштырылган отчетторусуз дем алыш, майрам күндөрү жана мөөнөтүнөн ашык иштер үчүн кошумча төлөөлөрдү төлөө практикасы токтотулсун.

Муниципалдык ишкананын кызматкерлерине жана жумушчуларына сыйлык акыларды төлөөдө Бишкек шаарынын мэриясынын 2023-жылдын 31-январындагы “Коммуналдык чарба чөйрөсүндө муниципалдык тапшырыкты аткаруучу Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык ишканаларынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтомунун талаптарын эске алсын.

**Аныкталды, жыйынтык.**

Бишкек шаарынын мэриясынын 2020-жылдын 10-июнундагы №62 токтому менен бекитилген, “**Бишкек санитардык полигону” муниципалдык ишкананын** Уставынын 16-пунктунун талаптарын бузуу менен “Бишкек санитардык полигону” муниципалдык ишканасынын кирешелер жана чыгашалар сметасы Бишкек шаарынын мэриясынын чечими менен бекитилген эмес, муниципалдык ишкананын директору тарабынан 100178,8 миң сом суммасында бекитилген.

**Сунуштама:**

**“Бишкек санитардык полигону”** муниципалдык ишканасынын жетекчилиги өз ишин Уставга ылайык жүргүзсүн жана мындан ары, Бишкек шаарынын мэриясынын чечимдери менен тиешелүү жылга муниципалдык ишкананын кирешелер жана чыгашалар сметасын бекитүү камсыздалсын.

**Банктык жана кассалык операцияларды жүргүзүү**

Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча 28.03.2018-жылдагы 166/51-6 "токтомун (үчүнчү этап) бекитүү жөнүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2018-2022-жылдарга (үчүнчү этап) кызматкерлердин эмгек акысын банктык төлөм карталарына которуу бөлүгүндө аткаруу камсыз кылынган эмес, төмөндөгү мекемелерде: “**Бишкекжылуулукэнерго” коммуналдык ишканасында, “Бишкекбашкыархитектура” муниципалдык мекемесинде, “Бишкекжарык” муниципалдык ишканасында, "Бишкексууканал" өндүрүштүк-эксплуатациялык башкармалыгы муниципалдык ишканасында, “Тазалык” муниципалдык ишканасында.**

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Миниастрлер Кабинетинин жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2023-жылдын 29-декабрындагы “2023-2027-жылдарга Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдун жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча мамлекеттик программаны бекитүү жөнүндө токтомуна ылайык баардык төлөмдөр накталай эмес формада жүргүзүлсүн, төмөндөгү мекемелерде: “**Бишкекжылуулукэнерго” коммуналдык ишканасында, “Бишкекбашкыархитектура” муниципалдык мекемесинде, “Бишкекжарык” муниципалдык ишканасында, "Бишкексууканал" өндүрүштүк-эксплуатациялык башкармалыгы муниципалдык ишканасында, “Тазалык” муниципалдык ишканасында .**

**Бухгалтердик эсеп жана отчеттуулукту жүргүзүү**

**Аныкталды, жыйынтык**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди албаганда) бухгалтердик эсебиндеги документтердин жүгүртүлүшү жөнүндө Жобону бузуу менен баштапкы документтери жок (деффект.акт, орнотулгандыгы тууралуу акт ж.б.) транспорттук чыгымдарга (автозапчасти, ремонт) "**Бишкектеги аза кызматтарын көрсөтүү**" муниципалдык ишканасында - 46,9 миң сом, **"Бишкек жашыл чарба"** муниципалдык ишканасында өкүлчүлүк чыгымдарына -15,0 миң сом негизсиз эсептен чыгарылган.

**"Бишкек жүргүнчүлөр автотранспорт ишканасы"** муниципалдык ишканасында 2022-жылга карата материалдык жооптуу адамдардын тизмеси түзүлгөн эмес жана бекитилген эмес.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди албаганда) бухгалтердик эсебиндеги документтердин жүгүртүлүшү жөнүндө Жобонун талаптарынын аткарылышы камсыздалсын жана негизсиз эсептен чыгарылган **"Бишкектеги аза кызматтарын көрсөтүү"** муниципалдык ишканасында - 46,9 миң сом, **"Бишкек жашыл чарба"** муниципалдык ишканасында - 15,0 миң сом бухгалтердик эсепке алынсын жана ордуна коюу боюнча иш чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды, жыйынтык.**

**"Бишкек жашыл чарба"** муниципалдык ишканасында бухгалтердик эсепке алууда артта калуулар бар. Бухгалтердик эсептин жана отчеттуулуктун абалы канааттандырарлык эмес. Ишканада бухгалтердик эсепти жүргүзүү рационалдуу эсеп системасын түзүүнү, активдердин кыймылын туура жана өз убагында чагылдырууну, аларга баа берүүнү талап кылат.

2022-жылдын 31-декабрына карата бухгалтердик баланстагы көрсөткүчтөр менен жүгүртүүдөгү ведомосттордун ортосундагы айырма дебитордук карыздар боюнча 106358,0 миң сомду, кредитордук карыздар боюнча 33156,2 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**

**"Бишкек жашыл чарба"** муниципалдык ишканасында:

Бухгалтердик эсепти 2022-жылдын 31-декабрына карата бухгалтердик баланстагы көрсөткүчтөр менен жүгүртүүдөгү ведомосттордун ортосундагы дебитордук жана кредитордук карыздар боюнча айырмачылыктар жоюлсун жана бул айырмачылыктарга жол берген жооптуу кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды, жыйынтык.**

“**Бишкекжылуулукэнерго”** коммуналдык ишканасыда аткарылган келишимдер боюнча кепилдик күрөөнү кайтарып берилбегендиктен 3810,3 миң сом кредитордук карыз түзүлгөн.

“Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын финансылык-чарбалык ишин бухгалтердик эсепке алуу Эсептер планын колдонуу боюнча” нускаманы бузуу менен, 2022-жылдын 31-декабрына карата аз баалуулуктагы тез эскирүүчү предметтердин эсебине наркы 10,0 миң сомдон жогору жана кызмат мөөнөтү 1 жылдан ашкан негизги каражаттарга тиешелүү 236 бирдик 3585,3 миң сом суммасындагы материалдык активдер туура эмес алып барылгандыктан, алардын толук суммасына амортизация эсептелген.

**Сунуштама:**

**“Бишкекжылуулукэнерго”** муниципалдык ишканасы аткарылган келишимдер боюнча 3810,3 миң сом суммасындагы кепилдик күрөөнү кайтарып берүү боюнча чараларды көрсүн.

2022-жылдын 31-декабрына карата аз баалуулуктагы тез эскирүүчү предметтердин эсебиндеги негизги каражаттарга тиешелүү 236 бирдик 3585,3 миң сом суммасындагы материалдык активдерге туура эмес чегерилген амортизациянын эсебинен чыгымдарды азайтуу жана түзүлгөн пайдадан тиешелүү пайда салыгын эсептөө жүргүзүлсүн.

**“Бишкектеги аза кызматтарын көрсөтүү” муниципалдык ишканасында**

**Аныкталды, жыйынтык**

Түштүк-Батыш көрүстөнүн карап чыгуу учурунда, буга чейинки ишкананын инвентаризациясынын натыйжасында алты миңден ашык (такталбаган маалыматтар боюнча 15 миңден ашык) резерв катары сөөк коюлбаган тосулган жер аянттары бар экендиги аныкталган, бул өз кезегинде ишкананын уставында жана муниципалитеттин башка ченемдик актыларында каралган эмес. Бишкек шаарында сөөк коюу кызматын көрсөткөн чарбакер субъекттер жөнүндө жобонун ченемдерине ылайык каза болгон бир адамга 5 кв.метрден ашык эмес аянт (сыйлуу көмүүдөн тышкары 10 кв.метр) каралат, ал эми көмүү наркы орточо 10,7 миң сомду түзөт. Жогоруда айтылгандарга байланыштуу аудит тарабынан "брондолгон" аянтка кирешелердин резервдери жана жоготуулары эсептелген, мында алардын суммасы эсептик түрдө 64 574,5 миң сомду (6035*10,7) түзгөн.

2022-жылга карата ишкананын баланс эсебинде турган кыймылсыз мүлктөрүнүн (имараттар, курулмалар) 2043,1 миң сом суммасындагы амортизациялык чыгымдары мезгилдик чыгашаларынын курамында эсепке алынбай келгендиги аныкталган. Ал эми, аз баалуулуктагы тез эскирүүчү предметтердин курамында 455,5 миң сом суммасындагы негизги каражаттар эсептелген.

**Сунуштама:**

Түштүк-Батыш көрүстөнүндө алты миңден ашык (такталбаган маалыматтар боюнча 15 миңден ашык) резерв катары сөөк коюлбаган

тосулган жер аянттары бар экендигин эске алуу менен, резерв катары калтырылган сөөк коюлбаган жер аянттарын толук аныктоо жана аларды андан ары пайдалануу боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн.

Ишкананын баланс эсебинде турган кыймылсыз мүлктөрүнүн (имараттар, курулмалар) 2043,1 миң сом суммасындагы амортизациялык чыгымдары мезгилдик чыгашаларынын курамында эсепке алынсын.

Аз баалуулуктагы тез эскирүүчү предметтердин курамындагы 455,5 миң сом суммасындагы негизги каражаттардын эсебин оңдоо боюнча тиешелүү жазуулар жүргүзүлсүн.

**Аныкталды, жыйынтык.**

**"Бишкексууканал" өндүрүштүк -эксплуатациялык башкармалыгында** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 токтомунда белгиленген лимиттен ашыкча 9 бирдик нөөмөттүк жеңил автотранспорту пайдаланылып жалпы 4872,8 миң сом сарпталган (анын ичинен эмгек акысына 2755,3 мин сом, Соцфондго 475,3 миң сом, запчастык тетиктерге 182,1 миң сом, күйүүчү майга 1460,0 миң сом). Аудитке берилген маалыматына ылайык, башкармалыктын балансында турган 3 бирдик кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортторун Бишкек шаарынын мэриясынын карамагына пайдаланууга берилген, алардын чыгымы 2127,0 миң сомду түзгөн.

2022-жылы кызматтык жана нөөмөттүк автотранспорт үчүн жалпы 2090,1 миң сомдук 38726 литр күйүүчү май сарпталган.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги № 240 токтомунда белгиленген лимиттен ашыкча кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортторго 130,1 миң сомго 2411 литр күйүүчү май сарпталган.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги № 240 токтомунда белгиленген лимиттен ашыкча кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортторду кармоого жана күйүүчү майлоочу майларды чыгыштоого жол берилбесин.

Бишкек шаарынын мэриясынын "Бишкексууканал" өндүрүштүк-эксплуатациалык башкармалыгынын эсебинен 3 бирдик кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортторун кармоону максатка ылайыктуулугу каралсын.

**Аныкталды, жыйынтык.**

Дал келбестиктер **БЖАИ** муниципалдык ишканасында 120 литр күйүүчү май 7,3 миң сомго (кем чыгуу) жана ашыкча 40 литр мотор майы 17,5 миң сомго (аудит учурунда ордуна коюлган), **Бишкекбашкыархитектура** муниципалдык мекемесинде 10 литр күйүүчү майдын 0,6 миң сомго кем чыгуулар жана 400 литр күйүүчү майга 25,6 миң сом (иштебеген абалдагы автомашинага 2 ай ичинде) чыгымдалган.

**“Бишкекбашкыархитектура”** муниципалдык мекемесинде транспорт каражаттарындагы (2 бирдик) спидометрлердин көрсөткүчтөрү жол

баракчаларындагы көрсөтүлгөндөн 28577 км (пробег) жана 90905 км ге айырма берген.

**Сунуштама**

Товардык материалдык баалуулуктардын кем жана ашык чыгууларына жол берилбесин жана алардын сакталышы камсыздалсын.

**“Бишкекбашкыархитектура”** муниципалдык мекемесинде күнөөлүү кызматкерлердин эсебинен 10 литр күйүүчү майдын 0,6 миң сомго кем чыгуулар жана эсептен негизсиз чыгарылган 25,0 миң сом суммасындагы 400 литр күйүүчү май ордуна коюлсун.

**“Бишкекбашкыархитектура”** муниципалдык мекемесинде күйүүчү майдын чыгымдалышын спидометрдин көрсөткүчтөрүнө негизделбестен эсептен чыгарууга жол берген адамдардын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды, жыйынтык.**

Кызматкердин жеке автомашиналарын пайдалангандык үчүн чыгымдардын ордун толтурууда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы №672 "Менчик жеңил автомобилдерди кызматтык иш сапарларга пайдалангандык үчүн компенсациянын нормалары жөнүндө” токтомун бузуу менен компенсациянын ордуна күйүүчү майлар менен чыгымдардын орду толтурулган **“Жол сыноо лабораториясы”** муниципалдык ишканасында 2022-жылы 6660 литр күйүүчү май 419,4 мин сомго, ремонтко чыгымдар 50,0 миң сомго жана “**Бишкекасфальтсервис**" муниципалдык ишканасында 29282 литр 1606,3 миң сомго, **"Бишкекжарык” муниципалдык ишканасында** 44152 литр 2416,7 миң сомго чыгымдалган. Ошондой эле, **“Бишкек санитардык полигону” муниципалдык ишканасында** жеке автотранспортту кызматтык максатта пайдалануу боюнча келишимдер түзүлбөстөн кызматкерлерге 4951 литр күйүүчү майга 269,1 сиң сом төлөнгөн.

**“Бишкек санитардык полигону” жана “Бишкек суу чарба” муниципалдык ишканаларында** атайын техниканын жана нөөмөттөгү автотранспорттун жол баракчаларында автотранспорттордун жана механизмдердин иш жүзүндөгү жүрүүсүн/иштеген убактысын, пайдаланылган күйүүчү майдын көлөмүн тастыктаган керектүү реквизиттер көрсөтүлгөн эмес

**Сунуштама**

**“Жол сыноо лабораториясы”, “Бишкек санитардык полигону”, “Бишкекасфальтсервис" жана "Бишкекжарык”** муниципалдык ишканаларында кызматкердин жеке автомашиналарын пайдалангандыгы үчүн чыгымдардын ордун толтурууда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябры №672 "Менчик жеңил автомобилдерди кызматтык иш сапарларга пайдалангандык үчүн компенсациянын нормалары жөнүндө” токтомунун талаптары аткарылсын.

**“Бишкек санитардык полигону” жана “Бишкек суу чарба” муниципалдык ишканаларында** атайын техниканын жана нөөмөттөгү автотранспорттун жол баракчаларында автотранспорттордун жана механизмдердин иш жүзүндөгү жүрүүсүн/иштеген убактысын, пайдаланылган

күйүүчү майдын көлөмүн тастыктаган керектүү реквизиттер толук көрсөтүлсүн.

**Аныкталды, жыйынтык.**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы № 85 "Аткаруу бийлигинин органдары, алардын түзүмдүк бөлүмдөрү жана мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрүнүн бирдиктүү реестрин (тизмесин) бекитүү тууралуу" токтомунун 2-пунктун бузуу менен. ведомстволук мекемелер" боюнча мекеме тарабынан Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн реестрине кирбеген акы төлөнүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөр 67 386,2 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы №85 токтомунун 2-пунктунун талаптарын бузган кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

2. Мекеме тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтарды ишке ашыруу Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы № 85 токтому менен бекитилген Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн реестрине ылайык келтирилсин.

**"Тазалык" муниципалдык ишканасы**

**Аныкталды, жыйынтык.** Аудит учурунда Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин 01.01.2022-жылга карата Бишкек шаарынын калкынын саны боюнча маалыматына ылайык жүргүзүлгөн болжолдуу эсептөөлөр боюнча жеке жактардан катуу тиричилик калдыктарын ташып чыгаруудан түшпөй калган каражаттардын суммасы 144 432,6 миң сомдун тегерегинде аныкталган. Ошондой эле, юридикалык жактар дагы катуу тиричилик калдыктарын ташып чыгаруу төлөмдөрү менен толук камтылбай тургандыгы Бишкек шаарынын райондорундагы мамлекеттик салык кызматтарынан алынган маалыматтар боюнча белгилүү болду.

**Сунуштама "**Тазалык" муницпалдык ишканасы Бишкек шаарынын калкынан жана иштеп жаткан юридикалык жактардан катуу тиричилик калдыктарын ташып чыгаруу боюнча көрсөтүлүүчү кызматтарга акы төлөмү менен толук камтуу жана ишкананын кирешесин жогорлатуу боюнча көзөмөлдү күчөтсүн.

**Аныкталды, жыйынтык.** 01.01.2023-жылга карата Социалдык фондго камсыздандыруу төлөмдөрү боюнча карызы 49420,1 миң сомду түзгөн, бул 2022-жылга эсептелген төлөмдүн 40% түзөт.

**Сунуштама**

Социалдык фондго камсыздандыруу төлөмдөрү боюнча кредитордук карызын жоюу жана өзучурунда төлөмдөрдү жүргүзүү камсыздалсын.

**Аныкталды, жыйынтык.** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 18.09.2006-жылдагы №672 "Кызматтык иш сапарлар үчүн жеке жеңил автомобилдерин пайдалангандыгы үчүн компенсациянын ченемдери жөнүндө" токтомунун 3-пунктунда "компенсация ишканалардын, уюмдардын жана мекемелердин кызматкерлерине алар жеке менчик жеңил автомобилин

кызматтык иш сапарларга пайдаланганы үчүн төлөнөт. Төлөө алардын өндүрүштүк (кызматтык) ишке байланыштуу жумуштары алардын кызматтык милдеттерине жараша такай жол жүрүүгө байланышкан учурда болот" деп көрсөтүлгөн. Бирок, Бишкек шаарынын вице-мэри "Тазалык" муниципалдык ишканасынын 2022-жылга карата муниципалдык тапшырыктарынын алкагында жеке автотранспорттор үчүн күйүүчү-майлоочу майдын сарпталышына чектөөнү бекиткен тизмеге кызмат милдеттери такай жол жүрүүгө байланышпаган кызмат адамдары (пландоо-экономика бөлүмү, бухгалтерия, кадрлар бөлүмү, гараж башчысы, механик, инженерлер жана башка административдик чарба кызматкерлери) киргизилген.

2022-жылы жеке жеңил автомобилдерди иштеткендиги үчүн берилген 49990 литр 2757,5 миң сом суммасындагы күйүүчү-майлоочу майларды иштеткендиги тууралуу тастыктоочу документтери жок болгондуктан, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 236-беренесине ылайык 248,2 миң сом киреше салыгын жана Социалдык фондго 275,7 миң сом камсыздандыруу төлөмүн кармоо керектигин аудит белгилейт.

**Сунуштама.** Кызматтык иш сапарлар үчүн жеке жеңил автомобилдерин пайдалангандыгы үчүн компенсация төлөө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 18.09.2006-жылдагы №672 "Кызматтык иш сапарлар үчүн жеке жеңил автомобилдерин пайдалангандыгы үчүн компенсациянын ченемдери жөнүндө" токтомунда белгиленген талаптарга ылайык алардын өндүрүштүк (кызматтык) ишке байланыштуу жумуштары алардын кызматтык милдеттерине жараша такай жол жүрүүгө байланышкан учурда жана ушул токтомдо белгиленген өлчөмдө берүү көзөмөлгө алынсын.

2022-жылы жеке жеңил автомобилдерди иштеткендиги үчүн берилген 49990 литр 2757,5 миң сом суммасындагы күйүүчү-майлоочу майларды иштеткендиги тууралуу тастыктоочу документтери жок болгондуктан, Кыргыз Республикасынын Салык кодексинин 236-беренесине ылайык 248,2 миң сом киреше салыгын жана Социалдык фондго 275,7 миң сом камсыздандыруу төлөмүн кармоо жүргүзүлсүн.

**Аныкталды, жыйынтык.** «Тазалык» МИсы «БишкекВторРесурс» ЖЧКсы менен көрсөткөн кызматына өз ара эсептешүүлөрдү убагында жүргүзбөгөндүгү үчүн соттун чечими боюнча 97,9 миң сомго кошумча чыгымга учураган (45,0 миң.сом «БишкекВторРесурс» ЖЧКсынын өкүлүнүн чыгымы, 52,9 миң.сом госпошлина).

**Сунуштама.** "БишкекВторРесурс" ЖЧКсы менен көрсөткөн кызматына өз ара эсептешүүлөрдү убагында жүргүзбөгөндүгү үчүн соттун чечими боюнча 97,9 миң сомго кошумча чыгымга учураткан кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды, жыйынтык.** "Тазалык" МИсы транспорт каражаттарын арендага алган келишимдердин шарттарын бузуу менен аткарылган жумуштарды кабыл алуу актылары жок 1267,4 миң сомго аванс төлөмдөрүн жүргүзгөн, анын ичинен: "ЭкоГород" ЖЧКсына 600,0 миң сомго,

“Комтранском” ЖЧКсына – 300,0 миң сомго, “Максель Строй” ЖЧКсына – 67,4 миң сомго.

**Сунуштама.** Транспорт каражатын арендага алган келишим боюнча аванс катары которулган 1267,4 миң сомго аткарылган жумуштардын тастыктоочу документтери талап кылынсын, тастыктоочу документтер берилбеген учурда аванс катары которулган акча каражаты кайтарылып алынсын.

**Аныкталды, жыйынтык.** “Тазалык” МИсынын таштандыларды ташып чыгаруу боюнча көрсөткөн кызматынан өндүрүлбөгөн дебитордук карыз 125923,8 миң сомду, анын ичинен: юридикалык жактардыкы – 37277,4 миң сомду, жеке жактардын карызы 88646,4 миң сомду түзгөн. Мында, 1,0 миң сомдон ашкан жалпы 48053,1 миң сомду түзгөн дебитордук карызы бар 16990 абоненттин ичинен дебитордук карыздары 1551,1 миң сомду түзгөн 156 абоненттин карызын өндүрүү боюнча сотко доо арыз берилген.

**Сунуштама.** “Тазалык” МИсынын таштандыларды ташып чыгаруу боюнча көрсөткөн кызматынан өндүрүлбөгөн дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча натыйжалуу иш-аракеттер жүргүзүлсүн.

**Транспорт жана жол-транспорттук инфратүзүмдү өнүктүрүү департаментинде** 2022-жылдын 31-декабрына карата бухгалтердик балansта Социалдык фондго камсыздандыруу төгүмү боюнча 805,1 миң сом дебитордук карызы көрсөтүлгөн эмес (Аудит учурунда эсепке алынган).

**“Бишкексууканал” өндүрүштүк-эксплуатациялык башкармалыгында** эмгектин натыйжалуулугун баалаган критерийлер иштелип чыкпастан 2022-жылга эмгектин натыйжалуулугу үчүн үстөк акы катары 112530,5 миң сом төлөнүп берилген.

"Бишкексууканал" өндүрүштүк-эксплуатациялык башкармалыгы тарабынан Кыргыз Республикасынын 1999-жылдын 25-мартындагы №33 "Ичүүчү суу жөнүндө" Мыйзамынын 6-беренесинин жана Бишкек шаардык кеңешинин 2005-жылдын 8-декабрындагы №142 токтомунун айрым талаптары аткарылбай жекече суу ченөөчү приборлор (суу өлчөгүчтөр) 185102 абоненттерге орнотулбай, же абоненттер орнотпой жалпы аудит камтыган мезгил аралыгына эсеп менен 158926,5 миң сомго кирешеси төмөндөгөн.

Бишкек шаарынын аймагынан сырткары жайгашкан Чүй областындагы айыл аймактарга жалпы колдонууга берилген таза суу жана саркынды сууларга 2022-жылга эсептелингени 52792,0 мин сомду, төлөнгөнү 28593,2 мин сомду, 2022-жылдын аягына дебитордук карызы 123291,7 миң сомду түзгөн.

Бирок, Бишкек шаарынын аймагынан сырткары жайгашкан Чүй областындагы айыл аймактарга жалпы колдонууга берилген таза суу жана саркынды сууларды берүү Бишкек мэриясы тарабынан укуктук ченемдик актылары жок "Бишкексууканал" өндүрүштүк-эксплуатациялык башкармалыгы жогоруда көрсөтүлгөн айыл аймактарга кызматтарын көрсөтүшкөн.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын “Ичүүчү суу жөнүндө” Мыйзамынын 6-беренесинин жана Бишкек шаардык кеңешинин 2005-жылдын 8-декабрындагы №142 токтомунун талаптарына ылайык жекече суу ченөөчү приборлорду абоненттерге орнотуу менен кызмат көрсөтүү камсыздалсын.

Бишкек шаарынын аймагынан сырткары жайгашкан Чүй областындагы айыл аймактарды таза суу менен камсыздоодо 123291,7 миң сом суммасындагы дебитордук карыздардын пайда болушуна алып келген кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

Эмгектин натыйжалуулугу үчүн үстөк акы төлөмдөрү эмгектин натыйжалуулугун баалаган критерийлердин негизинде жүргүзүлсүн.

**Бишкек шаарынын мэриясынын Ленин административдик району боюнча муниципалдык администрациясы тарабынан каржыланган мекемелерге жүргүзүлгөн аудиттердин жыйынтыктары.**

**Аныкталды, жыйынтык.** Бишкек шаарынын депутаттарынын граждандык демилгелерди ишке ашыруу боюнча кайрылууларына шаардык бюджеттен 41814,9 миң сом бөлүнүп, 2022-жыл ичинде 37666,7 миң сом негизинен Ленин районунун аймагындагы капиталдык оңдоо жана курулуш иштерин аткарууга каржыланган.

Мында, муниципалдык аймактык башкармалыктарга капиталдык курулуш иштерине (спорт жана балдар ойноочу аянттардын курулмаларына) архитектуралык-техникалык корутундусу жок жылдын аягында акча каражаттары бөлүнүп калгандыктан, айрым объектилер боюнча дебитордук карыздардын пайда болушуна жана курулушу бүткөн объектилерди Бишкек шаарынын муниципалдык менчик башкармалыгынын реестрине өз учурунда каттоодо маселелерди жаратып, башкармалыктын реестри менен баланстык айырмачылыктардын пайда болушуна алып келген.

Мисалы, 2023-жылдын 1-январына карата №3 МАБнын баланс эсебиндеги 9730,0 миң сомдук негизги каражаттар бүгүнкү күнгө чейин Бишкек шаарынын муниципалдык менчик башкармалыгынын реестринде каттодон өтө элек, алардын ичинен 9095,3 миң сомго жасалган балдар ойноочу аянттары жана башка курулмалар архитектуралык-техникалык корутундулары жок курулуп калгандыгына байланыштуу.

№1 МАБнын баланс эсебиндеги негизги каражаттардын 6311,3 миң сомдук бөлүгү (2022-жылдын аягында каржыланып жасалган жумуштар) 2023-жылы каттоодон өткөн, калган 4218,7 миң сом реестр менен айырма аймакка караган көчөлөрдү жарыктандырууга жана дем берүүчү үлүштүк грантынын эсебинен турак-жайларды оңдоо жумшалган каражаттардын эсебинен түзүлгөн.

№2 МАБнын баланс эсебиндеги негизги каражаттардын 1310,0 миң сомдук бөлүгү (2022-жылы жасалган спорт комплекстери) 2023-жылы каттодон өткөн. Ошондой эле, 2022-жылы сатып алынган 6500 сомдук кол шаты жана 4500 сомдук бак арабасы башка чарба буюмдар менен бирге

чыгышталып кеткен. Аудит учурунда инвентаризация жыйынтыгы менен балanска кириштелди.

№4 МАБнын баланс эсебинде турган негизги каражаттардын 1064,7 миң сомго такталган реестри жок. 2021-2022-жылдары балanска алынган 2482,1 миң сомдук негизги каражаттардын ичинен 2023-жылы реестрге 1059,1 миң сомго киргизилген, ал эми 2021-жылы мектептин спорт аянтына салынган 498,9 миң сомдук спорт курулмалары архитектуралык-техникалык корутундусу жоктугуна байланыштуу жана 2022-жылы 924,1 миң сомго салынган канализация реестрге алына элек. Бишкек шаарынын муниципалдык менчик башкармалыгынын реестринде уурдалган катары 2006-2008-жылдары эсепке алынган толук түрдө амортизацияланган 2 компьютер жана 1 терминал эсепте турат, жетишпестиктер эсебине алынып барылган эмес.

№5 МАБнын баланс эсебинде турган негизги каражаттардын 1475,3 миң сомго такталган реестри жок. 2022-жылдын жыйынтыгы боюнча жалпы 3058,8 миң сомго жүргүзүлгөн капиталдык чыгымдар реестрге киргизилген эмес. Мындан сырткары, №5 МАБнын баланс эсебинде 1995-жылы чыгарылган "Хундай-Соната" автомашинасы көрсөтүлгөн, Бишкек шаарынын мэриясынын 17.12.2012-жылы №135 каты боюнча 2012-жылдан бери анын территориясында пайдаланылбастан сактоодо турат.

Чоң-Арык МАБнын баланс эсебиндеги негизги каражаттар менен Бишкек шаарынын муниципалдык менчик башкармалыгынын реестриндеги жалпы айырмасы 64,2 миң сом. Бул айырмачылыктар төмөндөгүлөрдөн түзүлгөн: 2014-жылы АРИС тарабынан каржыланган 998,5 миң сом суммасындагы "Ынтымак" жаңы конушундагы аткарылган арыктарды куруу, тазалоо жана оңдоо иштери муниципалдык менчик башкармалыгынын реестринде катталган, бирок Чоң-Арык МАБнын балансына алынган эмес. Ал эми, Чоң-Арык МАБ тарабынан каржыланган 2010-жылы аткарылган "Ынтымак" жаңы конушунун көчөлөрүн 361,7 миң сомго асфальттоо жана 2015-жылы 371,7 миң сомго аткарылган көчөлөрдү жарыктандыруу иштери жана башка Бишкек шаарынын мэриясынан жана муниципалдык ишканалардан берилген оргтехникалар муниципалдык менчик башкармалыгынын реестринде катталган эмес.

Ошондой эле, 2022-жылы сатып алынган 4,5 миң сомдук кол шаты жана 3,5 миң сомдук шуруп бурагыч аппарат башка майда колдонулган чарба буюмдар менен бирге чыгышталып кеткен. Аудит учурунда инвентаризация жыйынтыгы менен балanска кириштелди.

Мындан сырткары, Чон-Арык МАБнын баланс эсебинде көп жылдан бери пайдаланууга жарабаган офис жабдыктарынын жана кузовунан башка негизги агрегаттары жок 1988-жылкы "КАВЗ-3270" автобусунун бар экендигин белгилөөгө болот. Ошондой эле, Чон-Арык МАБнын баланс эсебинде шайлоо учурунда гана пайдаланылып, башка учурларда пайдаланылбастан турган Северная көч. жалпы аянты 572,3 кв.м ("Белек" ашканасы) жана Рысмендиев көч. аянты 49,6 кв.м. (библиотека), көп жылдан бери пайдаланылбастан жеңиштин 50-жылдыгы көчөсүндө аянты 36 кв.м.

(парикмахерская) имараттары турат. Бул имараттарга мамлекеттик каттоо актылары алынган эмес.

Ошондой эле, Бишкек шаарынын муниципалдык менчик башкармалыгынын реестринде 2009-2011-жылдары катталган муниципалдык аймактык башкармалыктардын айрым эс алуу жана балдар ойноочу аянттарынын курулмаларынын (баскетбол, футбол тосмолору, беседкалар, селкинчектер, отургучтар, балдар ойноочу курулмалар) жайгашкан жерлери көрсөтүлгөн эмес, өз алдынча инвентардык номер менен киришгелген.

**Октябрь райондук билим берүү башкармалыгында** Бишкек шаарынын муниципалдык менчик башкармалыгынын реестринде катталган негизги каражаттар боюнча айырма 43802,9 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**

1. Муниципалдык аймактык башкармалыктарына капиталдык курулуш иштерине архитектуралык-техникалык корутундулары жок жылдын аягында акча каражаттарын бөлүүгө жол берилбесин;

2. Муниципалдык аймактык башкармалыктар боюнча:

1) Спорт жана балдар ойноочу аянттардын курулмаларынын (баскетбол тосмосу, турник, балдар ойноочу курулмалар) жайгашкан жерлерин так көрсөтүү менен эсеби жүргүзүлсүн;

2) Баланс эсебиндеги негизги каражаттар менен Бишкек шаарынын муниципалдык менчик башкармалыгынын реестриндеги айырмачылыктарды: №1 МАБ-4218,7 миң сом, №2 МАБ-310,0 миң сом, №3 МАБ -9730,0 миң сом, №4 МАБ- 2487,7 миң сом, №5 МАБ-1475,3 миң сом, Чоң-Арык МАБ -64,4 миң сом жана Октябрь райондук билим берүү башкармалыгында -43802,9 миң сом жоюу боюнча иштер жүргүзүлсүн.

3) Пайдалануудагы чарба буюмдарын чыгыштоого жол берилбесин.

4) Пайдаланууга жараксыз абалдагы негизги каражаттарды белгиленген тартипте чыгыштоо жана пайдаланууга жарактуу бөлүктөрүн кириштөө иштери жүргүзүлсүн.

5) Чоң-Арык МАБнын баланс эсебинде турган имараттарга мамлекеттик каттоо актыларын алуу жана аларды натыйжалуу пайдалануу боюнча Бишкек шаарынын муниципалдык менчик башкармалыгы менен биргеликте иштер жүргүзүлсүн.

**Аныкталды, жыйынтык.** Жергиликтүү бюджеттин эсебинен көмөктөшүү гранты боюнча муниципалдык аймактык башкармалыктарга караган аймакта жайгашкан үйлөрдүн подъездеринин жана чатырларынын ремонт иштерине №1 МАБтан - 696,6 миң сомго, №2 МАБтан - 365,0 миң сомго, №5 МАБтан - 1158,7 миң сомго сатып алуулар жүргүзүлүп, аткарылган жумуштун актысы “Турак жай менчик ээлеринин шериктиги” коммерциялык уюмдарына өткөрүлүп берилген.

**Сунуштама.** “Турак жай менчик ээлеринин шериктиги” коммерциялык уюмдарына караган көп кабаттуу үйлөрдүн ремонт иштерине жергиликтүү бюджеттин эсебинен көмөктөшүү гранты боюнча акча каражаттарынын бөлүүнүн негиздүүлүгү каралсын.

**Аныкталды, жыйынтык. №5 МАБ** боюнча капиталдык оңдоо иштерин сатып алуулар 2221 "Мүлктү учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар" беренесинен административдик имаратын капиталдык оңдоого 1048,9 миң сомго, байкоо видеокамераларын калыбына келитрүү иштерине 221,5 миң сомго жүргүзүлүп, аткарылган жумуштардын баалары алардын баланстык бааларын көбөйтүүгө алып барылбай калган.

**Сунуштама.** Капиталдык курулуш жана оңдоо иштерине мамлекеттик сатып алуулар 2221 "Мүлктү учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар" беренеси боюнча жүргүзүлбөсүн, бул беренелер боюнча 2022-жылы 1270,4 миң сомго аткарылган жумуштарга алардын баластык баалары жогорулатылсын.

**Аныкталды, жыйынтык.** Ленин райондук ММАсында жана муниципалдык аймактык башкармалыктарында бюджеттин ведомстволук классификациясынын бөлүмдөрү жана муниципалдык ишканалар боюнча ачылган эсептерге каржыланган каражаттарды пайдалангандыгы тууралуу жылдык финансылык отчеттору (бухгалтердик баланс тиркемелери менен, бюджеттик каражаттар боюнча смета чыгымдарынын аткарылышы жөнүндө №2 формасындагы отчет) жасалып, бирок консолидацияланган отчету түзүлгөн эмес.

**Сунуштама.** Бюджеттин ведомстволук классификациясынын бардык бөлүктөрү боюнча жасалган жылдык финансылык отчетторунун консолидацияланган отчету түзүлсүн.

**Бишкек шаарынын Ленин районунун билим берүү башкармалыгы**

**Аныкталды, жыйынтык.** Мектепке чейинки балдар мекемелери боюнча 2022-жылга атайын эсептин киреше жана чыгымдар сметасы 36544,1 миң сом суммасында бекитилген. Такталган смета киреше бөлүгү боюнча смета 51404,9 миң сом суммасында, чыгыша бөлүгү боюнча 51417,0 миң сом суммасында, же 12,1 миң сом дефицит менен бекитилген. Ошондой эле, жыл башында атайын эсепте калган 799,0 миң сом такталган сметада көрсөтүлбөй калган. Факт жүзүндө киреше бөлүгү 32046,5 миң сом суммасында, же 62,3% га аткарылгандыктан, чыгаша бөлүгү дагы 31430,0 миң сом суммасында, же 61,1% га аткарылган.

**Сунуштама.** Мектепке чейинки балдар мекемелери боюнча атайын эсептин киреше жана чыгымдар сметасын түзүүдө жыл башындагы калдыкты эске алуу менен киреше булактарынын түшүүлөрүн так пландаштырылган эсептер жүргүзүлсүн, дефицит менен бекитүүгө жол берилбесин.

**Аныкталды, жыйынтык.** Атайын эсептин негизги киреше булактарын мектепке чейинки балдар мекемелеринде ата-энелерден түшкөн төлөмдөр түзөт: 1) балдардын күнүмдүк тамактануусуна кеткен чыгымдын 50% төлөөдөн жана 2) ыктыярдуу негизде жыл сайын 544 сом өлчөмүндө төлөнүүчү ата-энелердин салымы. 1-чи төлөм КР Президентинин 23.12.1992-ж.№УП-391 указынын, ал эми 2-чи төлөм КР Билим берүү жана илим министрлигинин 04.09.2009-жылдагы №883/1 буйругунун (КР Юстиция министрлигинин каттоосунда жок) негизинде киргизилген. Бирок, бул ченемдик актылар учурда колдонуудагы ченемдик актыларга ылайык

келтирилген эмес. КР Бюджеттик кодексинин 105-беренесинин 8-бөлүмүнүн 3-пунктуна ылайык, атайын эсепке мамлекеттик жана муниципалдык акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн каражаттар эсепке алынат жана анын 19-беренесине ылайык бул төлөмдөр мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн реестринде катталган эмес. "Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө" Мыйзамынын 5-беренесинин 1-бөлүгүнө ылайык, мамлекеттик жана муниципалдык мекемелер мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрине жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн жергиликтүү реестрине киргизилген кызмат көрсөтүүлөрдү гана көрсөтүшөт. 2022-жылы жалпы мектепке чейинки балдар мекемелери боюнча ата-энелерден: 1) балдардын күнүмдүк тамактануусуна кеткен чыгымдын 50% төлөөдөн - 30473,3 миң сом; 2) ыктыярдуу негизде жыл сайын 544 сом өлчөмүндө төлөнүүчү ата-энелердин салымына 1596,7 миң сом түшкөн. Биринчи төлөм 59,8%ка, ал эми 2-чи төлөм планда каралган суммадан (470,1 миң сом) 3,4 эсе ашыра аткарылган. Бул төлөмдөрдүн түшүүлөрү так пландаштырылбагандыгын көрсөтөт. Ошондой эле, 2023-жылдын 1-январына карата 1-чи төлөм боюнча ата-энелерден өндүрүлбөгөн 787,0 миң сом кредитордук карыз калган жана алдын ала төлөнгөн 143,8 миң сом дебитордук карыз бар.

**Сунуштама.** Атайын эсепке мектепке чейинки балдар мекемелери боюнча ата-энелерден түшкөн: 1) балдардын күнүмдүк тамактануусуна кеткен чыгымдын 50% төлөмүн жана 2) ыктыярдуу негизде жыл сайын 544 сом өлчөмүндө төлөнүүчү ата-энелердин салымын учурда колдонуудагы ченемдик актыларга келтирүү боюнча Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине сунуштар киргизилсин.

**Аныкталды, жыйынтык.** Жалпы билим берүү мектептеринин атайын эсептеги киреше булагын Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 20-сентябрындагы №563 токтому менен бекитилген "Жалпы билим берүүчү уюмдарында кошумча билим берүү кызматтары жөнүндө" Жобого ылайык, 2021-2022 жана 2022-2023-окуу жылдарына мамлекеттик жана муниципалдык жалпы билим берүүчү уюмдары тарабынан көрсөтүлүүчү кошумча билим берүү кызматтарына баалардын прейскуранттарын бекиткен КР Билим берүү жана илим министрлиги буйруктары боюнча окуучуларга кошумча билим берүүдөн ата-энелерден түшкөн төлөмдөр түзөт. Мында, №8 жалпы билим берүү мектеби, №31 мектеп-гимназиясы, №95 окуу-тарбия мектеп-гимназиясына жүргүзүлгөн жүргүзүлгөн аудит жыйынтыгы боюнча кошумча билим берүү группаларында окугандыгы үчүн төлөмдөр боюнча жүргүзүлгөн так эсептин жоктугун (группада окуган окуучулардан канча акча түшүшү керек эле, канча түшкөн) белгилөөгө болот. Жобонун 25-пунктунда көрсөтүлгөн эмгек акыга түшкөн каражаттын 70% ашпаган бөлүгүн иштетүү талабы №8 жалпы билим берүү мектебинде 133,5 миң сомго (жалпы чыгымдан 85%), №95 окуу-тарбия мектеп-гимназиясында 105,5 миң сомго (жалпы чыгымдан 76%) сакталган эмес. №95 окуу-тарбия мектеп-гимназиясында эмгек акыга эсептелгенден 18,0 миң сомго ашыкча акча каражаты 11

кызматкерге (2 кызматкерге 2250 сомдон, 9 кызматкерге 1500 сомдон) Социалдык фондго жыл башындагы ашыкча төлөмдүн эсебинен которулган, ал эми 2022-жылдын аягына Социалдык фондго 63,4 миң сомго эсептелгенден аз которулган, анын ичинен 46,1 миң сом декабрь айы үчүн. №8 жалпы билим берүү мектеби боюнча Социалдык фондго эсептелген чегерүүлөрдөн 29,4 миң сомга ашыкча төлөм жүргүзүлгөн.

**Сунуштама:**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 20-сентябрындагы №563 токтому менен бекитилген "Жалпы билим берүүчү уюмдарында кошумча билим берүү кызматтары жөнүндө" Жобонун 25 пунктунда каралган кошумча билим берүү кызматтарын көрсөтүүдөн алынган каражаттарды бөлүштүрүү ченеми так сакталсын;

№95 окуу-тарбия мектеп-гимназиясы боюнча 2022-жылдын январь айында 11 кызматкерге Социалдык фондго ашыкча төлөмдүн эсебинен которулган 18,0 миң сом акча каражаты калыбына келтирилсин.

Социалдык фондго төлөмдөр боюнча салыштыруу актылары түзүлүп, жыйынтыгы боюнча төлөмдөр толук жүргүзүлсүн.

**Аныкталды, жыйынтык.** Башкармалыктын берген маалыматы боюнча, 2023-жылдын 1-январына карата жалпы билим берүү мектептеринин казна бөлүмүндөгү атайын эсептеринде 1405,1 миң сом акча каражаты бар экендиги, алар боюнча жалпыланган атайын эсеп боюнча №4 формасында түзүлгөн отчетунда көрсөтүлгөн. Бирок, Ленин райондук казна бөлүмү тарабынан №4 формасындагы отчеттор боюнча 1394,0 миң сомдук атайын эсептин акча калдыгы тастыкталган, ал эми 5 мектеп боюнча 11052 миң сом (№2 - 516,36 сом, №79 - 15,0 сом, №82 - 385 сом, №84 - 10135 сом, №90 - 0,47 сом) атайын эсептин акча калдыгын тастыктаган №4 формасындагы отчеттору жок.

**Сунуштама.** Жалпы билим берүү мектептеринин атайын эсеп боюнча №4 формадагы отчеттору менен атайын эсептериндеги 11,05 миң сомго айырманы жоюу боюнча тиешелүү иштер жүргүзүлсүн.

**Аныкталды, жыйынтык.** Башкармалыктын берген маалыматы боюнча, 2022-жылы 5590,1 миң сомдук колдонууга жарабаган китептер чыгышталып, алардын ичинен 4017 кг макулатурага өткөрүлүп, андан түшкөн 70,5 миң сом акча каражатына Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана маданият министрлигинин 05.07.2001-жылдагы №314/1 буйругу менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын мектептеринде библиотека фонддорун түзүү, окуу китептерин жана окуу-методикалык чыгармаларын сатып алуу жөнүндө" Жобого ылайык китептерди сатып алууга жана башка библиотеканын чыгымдарына иштетилген. Мында, китептерди чыгыштаган актыларда макулатурага өткөрүлүүчү китептердин салмактары көрсөтүлбөгөндүктөн, макулатурага өткөрүлгөн китептердин жана андан түшкөн акча каражатынын так эсебинин жоктугун белгилөөгө болот.

**Сунуштама.** 1) Китептерди чыгыштаган актылар макулатурага өткөрүлүүчү китептердин салмактарын көрсөттүү менен түзүлсүн;

2) Китептерди макулатурага өткөрүүдөн түшкөн акча каражаттардын эсебин жүргүзүү жана пайдалануу учурдагы колдонуудагы ченемдик актыларга ылайык келтирилсин.

**Аныкталды, жыйынтык.** Ленин администрациялык району боюнча Бишкек шаарынын мэриясынын муниципалдык администрациясынын 30.09.2022-жылдагы №69-т токтому менен Ленин районунун 30 жалпы билим берүү мекемелери боюнча (22 орто мектеп, 6 мектеп-гимназия, 1 мектеп-лицей, 1 жардам берүү мектеби, 1 психологиялык өнүгүүсү кечеңдегендер үчүн мектеп) 2022-2023 окуу жылына карата 1715 класс-комплектиси 60760 окуучунун саны менен бекитилген. Мында, 1 класс-комплекте окуучулардын орточо саны: орто мектептерде - 35, башталгыч класстарда - 37, мектеп-гимназияларда - 38, башталгыч класстарда - 40 окуучуну түзгөн. Айрым мектептерде окуучулардын орточо саны 46 чейин жеткен. Мисалы, окуучулардын орточо саны 1 класс-комлекте №42 орто мектебинде башталгыч класстарда - 46, №96 орто мектебинде башталгыч класстарда - 45, бүтүрүүчү класстарда (10-11кл.)-46, №13 мектеп-гимназиясында - 43, башталгыч класстарда - 44, №9 мектеп-гимназиясында - 42, башталгыч класстарында - 45 түзгөн. №42 орто мектебинде 4 сменада, №82 орто метебинде 3,5 сменада окушат, окуучулардын саны долбоордук сыйымдуулугунан 5 эсе жогору.

**Сунуштама.** Жалпы билим берүү мектептеринде класс-комплектерди түзүүдө долбоордук сыйымдуулугу эске алынсын.

**Аныкталды, жыйынтык.** Мектепке чейинки билим берүү мекемелериндеги (18 МЧББУ) тайпадагы (группа) балдардын саны тизме боюнча 2022-2023 окуу жылына карата: кенже тайпада (ясли) 35 тен 65 чейин, бакчада 31 ден 71 чейин бекитилген. "Билим берүү уюмдарынын болжолдуу типтүү штаттарын бекитүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 23.07.2018-жылдагы №336 токтомуна ылайык, мектепке чейинки билим берүү уюмдарында топторду толтуруу боюнча чектөө: 1 жаштан 3 жашка чейин балдар ясли топторунда - 25, ал эми 3 жаш жана андан улуу мектепке чейинки топтордо - 30 бала болушу керек эле, же топтор боюнча бекитилген тизмеде балдардын саны толтуруу чегинен 2 эседен ашык жогорулатылган.

**Сунуштама.** Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринде тайпадагы (группа) балдардын саны "Билим берүү уюмдарынын болжолдуу типтүү штаттарын бекитүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 23.07.2018-жылдагы №336 токтомунда белгиленген топторду толтуруу чегин сактоо менен жүргүзүлсүн.

**Аныкталды, жыйынтык.** Мектептерде химия сабагына химиялык реактивдерди сатып алуу үчүн акча каражаты бөлүнбөгөнүнө карабастан, 48 лаборант штат бирдигин кармоого зыяндуулугу үчүн үстөк акы төлөмү менен бирге жалпы 1 айга 697,5 миң сом, 1-жылга 8370,0 миң сом каралган, факт жүзүндө 1216,0 миң сом акча каражаты чыгымдалган. Көпчүлүк мектептерде лаборанттарга каралган акча каражаты мугалимдердин, техникалык жана кенже тейлөө кызматкерлеринин (секретарь, завхоз, кухонный работник) ортосунда бөлүштүрүлгөн.

**Сунуштама.** Мектептерде лаборант штат бирдиги химия сабагы боюнча химиялык реактивдер менен иштеген мектептерге каралсын.

**Аныкталды, жыйынтык.** Мектеп-лицей жана гимназияларга жалпы орто билим берүү мектептерине караганда бюджеттен кошумча окууларга жана статусуна акча каражаты көп бөлүнгөндүгүнө карабастан, бүтүрүүчү класстар боюнча жалпы республикалык тестирлөө (ЖРТ) жыйынтыктары төмөн экендигин белгилөөгө болот. Мисалы, №74 мектеп-лицейинде 2021-2022 окуу жылында 47 бүтүрүүчүнүн 41 ЖРТ тапшырып, 24 окуучу жогорку окуу жайга өтүүчү баллын алган (51%), 2022-2023 окуу жылында 54 бүтүрүүчүнүн 53 ЖРТга тапшырып, 37-си жогорку окуу жайга өтүүчү баллын алган (69,8%), тиешелүүлүгүнө карата орточо баллы 123 жана 128, жогорку баллы 182 жана 185 баллдарын түзгөн. Ал эми, №25 жалпы орто билим берүү мектебинде 2021-2022 окуу жылында 91 бүтүрүүчүнүн 87 ЖРТ тапшырып, 67 окуучу жогорку окуу жайга өтүүчү баллын алган (77%), 2022-2023 окуу жылында 85 бүтүрүүчүнүн 77 ЖРТга тапшырып, 68 окуучу жогорку окуу жайга өтүүчү баллын алган (88%), тиешелүүлүгүнө карата орточо баллы 134 жана 145, жогорку баллы 196 жана 223 баллдарын түзгөн, 2022-2023 окуу жылында 1 окуучу алтын сертификатын алган. 2022-жылы эмгек акыга кеткен чыгым №74 мектеп-лицейинде 1190 окуучуга 25185,8 миң сомду, же 1 окуучуга 21,2 миң сомду, ал эми №25 жалпы орто билим берүү мектебинде 1882 окуучуга 24912,2 миң сомду же 1 окуучуга 13,2 миң сомду түзгөн. Ошентип, 1 окуучуну окутууга эмгек акыга №74 мектеп-лицейинде №25 жалпы орто билим берүү мектебине караганда 1,6 эсе көп акча каражаты жумшалгандыгына карабастан, ЖРТ жыйынтыктары бир топ төмөн экендигин белгилөөгө болот.

**Сунуштама.** Бюджеттен кошумча окутууга бөлүнгөн акча каржаттарынын натыйжалуу пайдаланылышын камсыз кылуу максатында, туруктуу негизде окутуунун сапатына жана жыйынтыгына мониторингдер жүргүзүлүп, жыйынтыктары боюнча тиешелүү иштер жүргүзүлсүн.

**Аныкталды, жыйынтык.** 2022-жылы мектептердин жана мектепке чейинки мекемелердин имараттарында айрым бөлүктөрүндө (жылуулук системасында, полдорун, эшик-терезелерин) алмаштыруу иштерин жүргүзүү менен бюджеттин эсебинен аткарылган 7229,2 миң сомдук жана №31 мектеп-гимназиясынын атайын эсебинен 265,9 миң сомдук капиталдык курулуш иштерин сатып алуулар 2221 "Мулктү учурдагы оңдоо" беренеси боюнча жүргүзүлгөндүктөн, бул чыгымдардын суммасы имараттардын балансттык баасын жогорулатууга (капитализацияланбастан) алып барылбастан, түз чыгышталган, аудит учурунда инвентаризациянын жыйынтыгы менен имараттардын балансттык баасын жогорулатууга алып барылды. №95 мектеп-гимназиясында компьютер жана башка офистик жабдыктар менен бирге сатып алынган 21,6 миң сомдук чыгым материалдары (катридж) негизги каражат катары кириштелип калган, ал эми 14,0 миң сомдук 8 бөлүктөн турган стол эмереги канцелярдык товарлары менен бирге чыгышталып кеткен. №31 мектеп-гимназиясында 2022-жылы сатып алынган колдонуудагы 52,4 миң сом

суммасындагы курулуш инструменттери оңдоо иштерине пайдаланылган курулуш материалдары менен биргеликте чыгышталып кеткен.

Ошондой эле, мектептерге ата-энелер жана башка демөөрчүлөр тарабынан сатып берилген материалдык жардамдар толук түрдө мекеменин балансына алына элек.

**Сунуштама.**

1) Мындан ары капиталдык оңдоо жана курулуш иштерин 2221 “Мулкту учурдагы оңдоо” беренеси боюнча жүргүзүүгө жол берилбесин;

2) "Негизги каражаттар" жана "Аз баалуу жана тез эскирүүчү предметтер" бухгалтердик эсептеринде №31 мектеп-гимназиясы боюнча 52,4 миң сомго, №95 мектеп-гимназиясы боюнча 35,6 миң сомго оңдоп-түздөө иштери жүргүзүлсүн.

**Аныкталды, жыйынтык.** Жылуулук энергиясын лимиттен ашыкча №82 орто мектеби 64,85 - Гкаллга, №95 ГМ - 246,65 Гкаллга, №96 ОМ – 91,85 Гкаллга, №97 ОМ – 51,35 Гкаллга, №102 ОМ – 114,69 Гкаллга иштеткен. Мында, айрым мектептердин факт жүзүндөгү жылуулук энергиясына пайдаланылган чыгымы жеткирилген лимиттен 2 эсе аз болгон. Мисалы, №58 орто мектеби боюнча жылуулук энергиясына кеткен чыгым 397 Гкаллды түзүп, жеткирилген лимиттен (910 Гкалл) 2,3 эсеге аз болгон, же экономия 4045,7 миң сомду түзгөн.

Жарыктандырууга лимиттен ашыкча №43 МЧББУсу 117,5 миң сомго, №68 ГМ – 121,7 миң сомго чыгымдаган. Мында, №97 ОМ жарыктандырууга лимит жеткирилген эмес, факт жүзүндөгү чыгымы 190,5 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама.** Мектепке чейинки жана жалпы билим берүү мекемелерине электроэнергиясын жана жылуулук энергиясын пайдаланууга лимиттер негизделген эсептер боюнча толук түрдө жеткирилсин, лимиттен ашыкча колдонууга жол берилбесин.

**Аныкталды, жыйынтык.** Башкармалыктын эсеби боюнча, 2023-жылдын 1-январына карата бюджеттик каражаттар боюнча дебитордук карызы 779,6 миң сомду түзгөн, анын ичинен төлөө мөөнөтү өткөн 221,8 миң сомдук карыз 2012-жылдан бери мекеменин эсебинде турат. Мында, 156,8 миң сомдук дебитордук карыз кызматкерлердин отчет берүүчү суммасы катары көрсөтүлгөнү менен алардын тизмеси жок. Ал эми, 65,0 миң сомдук дебитордук карыз материалдык кем чыгуу катары эсепте турат. Бул кем чыгуулар боюнча козголгон кылмыш иши күнөөлүү табылбагандыгына байланыштуу токтотулгандыгы, учурда Ленин райондук ички иштер башкармалыгынын тергөө кызматынын архивинде сакталууда тургандыгы жөнүндө Ленин райондук ички иштер башкармалыгы 15.12.2023-жылдагы №19/3-19520 катын берген. Ошондой эле, 2023-жылдын 1-январына карата бюджеттик каражаттар боюнча кредитордук карызы 2182,7 миң сомду түзгөн, анын ичинен төлөө мөөнөтү өткөн 88,1 миң сомдук кредитордук карызы мекеменин эсебинде 2015-2016-жылдардан бери турат.

2023-жылдын 1-январына карата атайын эсеп боюнча төлөө мөөнөттөрү өтүп алууга үмүтсүз өздүгүн тактаган маалыматтары жок 606,8 миң сом

суммасындагы дебитордук жана 1350,3 миң сомдук кредитордук карыздар бар.

Мындан сырткары, 2023-жылдын 1-январына карата “Ире Плюс” ЖЧКсы тарабынан республикалык бюджеттен дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен капталдык ондоо иштерине бөлүнгөн 816,9 миң сомго жумуштарды аткаргандыгы боюнча актысы берилбегендиктен, 2015-жылдан бери Башкармалыктын эсебинде дебитордук карыз катары турат.

**Сунуштама.** 1) Төлөө мөөнөтү өткөн алууга үмүтсүз бюджеттик каражаттар боюнча 156,8 миң сомдук дебитордук карызды, атайын эсеп боюнча 606,8 миң сомдук дебитордук жана 1350,3 миң сомдук кредитордук карыздарды белгиленген тартипте эсептен чыгаруу боюнча тиешелүү иштер жүргүзүлсүн; 2) “Ире Плюс” ЖЧКсы тарабынан республикалык бюджеттен дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен капталдык ондоо иштерине бөлүнгөн 816,9 миң сомго жумуштарды аткаргандыгын тактоонун жыйынтыгы боюнча өндүрүү иштери жүргүзүлсүн.

**Аудиттин жыйынтыктары боюнча:**

- Кыргыз Республикасынын Президентине- отчет жана сунуш;

- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине, Бишкек шаардык кеңешине– отчет;

- Бишкек шаарынын мэриясына - отчет, сунуш, жазма буйрук жана сунуштама;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине – сунуштама;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигине караштуу “Бишкекбашкыархитектура” мамлекеттик мекемесине- жазма буйрук;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине караштуу Мамлекеттик салык кызматына – жазма буйрук;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Бишкек финансы башкармалыгына – отчет жана сунуштама жөнөтүлсүн.

-Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетине:

-2024-жылдын 26-июлундагы №01-7/763 каты менен Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинде жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүндө 2022-жылга бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин алкагында жөнөтүлгөн маалыматка кошумча Бишкек шаардык Кеңештин депутаттарынын каттарынын негизинде бөлүнгөн каражаттар боюнча маалымат;

- "Аялзат" зомбулуктан жабыркаган аялдарга жардам берүү борбору" муниципалдык мекемесинин ашканасынын имаратын бузуу жана чектешкен жер тилкесиндеги курулуштун мыйзамдуулугу боюнча материалдар жөнөтүлсүн.

Эскертүү: Муниципалдык жер участокторун көп кабаттуу үйлөрдү куруу үчүн берүүдө жана андан ары пайдаланууда ченемдик документтердин сакталбагандыгына укуктук баа берүү үчүн аудит материалдары (4,7 млрд сом) Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетине 2024-жылдын 16-сентябрындагы №01-7/964 каты менен жөнөтүлдү.

**Кыргыз Республикасынын**
**Эсептөө палатасынын аудитору** **Ж.Ш. Нурматов**